Көкөн ажы
Абдылдаев

# КЫЗЫЛ ӨРТ

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–5
А 34

**Абдылдаев Көкөн ажы.**
А 34 **Кызыл өрт.** Ырлар. – Б.: «Бийиктик», 2012. – 144 б.

ISBN 978–9967–44–151–8

Автор кыргыздын белгилүү чыгаан уулдарынын эли-жерине ак эмгек өтөп, калк кадырына ээ болгондугун даңазалоо менен аларга деген каалоо-тилегин билдирет.

# 2200 ЖЫЛДЫК КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИН ТҮПТӨӨГӨ САЛЫМ КОШКОН УЛУУ ИНСАНДАР

Бир миң эки жүз жыл мурун,
Ойго салып он сегиз миң ааламды.
Энесайда мамлекет башкарган,
Чыныгы уулу Барсбек кыргыз каганы.

Чыныгы чоң милдетти аткарган,
Ойчул ишмер ошол кезде такшалган.
Барсбек Кыргыз каганы – деп аталып,
Дүйнө элине түбөлүккө даңкталган.

Мындан беш жүз жыл илгери,
Кылымга жазып бир белги.
Оң-сол кыргыз баш кошуп,
Мухаммед кыргыз бул келди.

Кулачын жайып иш билги,
Өзүнө тартып бүт элди.
Курчалып ырым-ынтымак,
Кыргыз жерине кут келди.

Кыргыз деп соккон жүрөгү,
Курманжан датка энебиз.
Калк үчүн өтөп чоң эмгек,
Көз менен өлчөп ченегис.

Мындан эки жүз жыл мурун,
Дүйнөгө устун тургузду.
Улуу орус эли менен кеңешип,
Сактап калды ала-тоолук кыргызды.

Мындан жүз элүү жыл мурун,
Кокон шаарына айтып жарлыгын.
Асан уулу Искагың
Башкарган Кокон кандыгын.

Илимпоз ишмер аалымың,
Калкына кошкон салымын.
Кылымда өткөн иштерди,
Жазып кеткен бардыгын.

Он тогузунчу кылымда,
Ордолуу чоң-чоң жыйында.
Ныязбек уулу Ормондун,
Ормон окуу мыйзамын,
Калтырып кеткен кыргызга.

Мындан жүз жетимиш жыл мурун,
Баатырдын жолун жолдоптур.
Тайлак баатырберениң,
Калайык калкын ойлоптур.

Кытай-Кокон баскынчы,
Кыргызды кыйын кордоптур.
Сазайын берип душмандын,
Баатырың элди коргоптур.

Мындан жүз элүү жыл мурун,
Жыйналып Манас топтолгон.
Окумуштуу Чокан Валиханов
Оодарып орус тилине которгон.

Окумуштуудан жакшы иш жаралган,
Ошентип дүйнө жүзүнө таралган.
Тарыхта калат аты жазылып,
Табигый таланты күчтүү адамдар.

Атпай журттун чыгаан уулу,
Атаке баатыр Тынай уулу.

Обу жок сөздү ордунан басып токтоткон,
Олуттуу иш деп Орусия менен достошкон.

Айылына акылдын кенчи болгон,
Алыскы элге кадырман элчи болгон.
Адам сырын айттырбай билчү болгон,
Адашпаган сөзүнөн тилчи болгон.

Катаган элдин кажыбас мууну,
Кан Жантай берен Карабек уулу.
Сай-сайда элдин жакшысы болгон,
Сарбагыш элдин башчысы болгон.

Россияда кыргыздарга ачылган согушта,
Эбегейсиз эрдик көрсөткөн абдан.
Кенен-Сары Ноорузбайды жеңип,
Россиянын ардактуу алтын медалын алган.

Шабдан баатыр ким болгон,
Атанын жолун жолдогон.
Атанын сөзүн колдогон,
Бусурман пенде иши – деп,
Бузулган жолду ондогон.

Миң сегиз жүз отуз тогуз,
Миң тогуз жүз он экинчи жылдары.
Эбегейсиз эл ичинде болгон эле дүрбөлөң,
Теңир тоолук кыргыздардын баарысын,
Орус элине жамаатташтыкка үндөгөн.

А Абдыкерим Сыдыков,
Бул да кыргыз кулуну.
Ажыратпай сыйлачу.
Кичүү менен улууну.

Миң сегиз жүз сексен тогуз,
Миң тогуз жүз отуз сегизинчи жылдары.
Феодалдын түп-тамырын үздү эле,
Кыргыз тоолуу облусун түздү эле.

Ала-Тоону бак-таалайга туш кылган,
Ал мезгилде сабатсыз эле кыргыздар.
Адамзаттын туйгуну экен абабыз,
Алтын кенин ачкан өңдүү иш кылган.

Айтып бүтпөс жомок эле туугандар,
Тополондуу ал мезгилдин учуру.
Кыргыз АССРинин комиссариаты болуп туруптур,
Атпай журтту башкарып Абдрахмандын Жусубу.

Кылымда калды атак-даңк,
Өлбөс-өчпөс бүт баары.
Журтуна кызмат өтөгөн Жусуп
Ошондой кыйын жылдары.

Бай-манаптын тамыры бүт үзүлгөн,
Кара кыргыз автономиясы түзүлгөн.
Иманаалы Айдарбеков жаш жигит,
Ошо кезде окуу жайын бүтүргөн.

Жаш жигиттин күч-кубаты жалындап,
Оюнда жок андай ишке кабылмак.
Миң тогуз жүз жыйырма төртүнчү жылында,
Олтургузду облустун башчысына дайындап.

Акыл калчап аалам жүзүн тиктеди,
Арбын эле жасай турган иштери.
Ак калпактуу Ала-Тоонун кулуну,
Алга сүрөп тартты өзүнө бүт элди.

Мындан мурун алтымыш жыл илгери,
Кыргыз эли кыйындарын иргеди.
Тыныстанов Касым өңдүү өткүрү,
Ордолуу элдин берени эле дилдеги.

Элге жагып кылган-эткен иштери,
Эр жигитке арбын милдет жүктөдү.

Кыргыз Эл агартуу комиссариатында,
Акын-жазуучу болуп иштеди.

Калк мүдөөсүн караштырып аткарган,
Кыраан куштун өткүрү эле талпынган.
Ак-караны ажыратып так айтып,
Калыс эле кара кылды как жарган.

Тамчы суудай таза болчу мүнөзү,
Теңдеши жок таланттуу эле бул өзү.
Токтом болуп калаар эле жыйында,
Раззаков Искагыңдын бир сөзү.

Чечилчү эле чиеленген түйүндөр,
Чечен эле чебер сөздүү илимдин.
Жагымдуу эле жалпы журтка айтканы,
Жан жыргатып жүрөгүңө түйүлгөн.

## КУЛАТОВГО ГҮЛДЕСТЕ

Калыс туруп, кара кылды как жарып,
Кызмат өтөп кырк жыл ашуун бир иште.
Кыргыз эли чын жүрөктөн ыраазы,
Кулат уулу Төрөбайдай жигитке.

Көмүр казып жүргөн кезде тилеги,
Эл деп сокчу дайым анын жүрөгү.
Ак эмгеги абдан туура бааланып,
Ой-максатын орундатты билеги.

Миң тогуз жүз отуз алтынчы жылында,
Бул жаш улан депутатка шайланды.
Карапайым колхозчунун баласы,
Көсөмдүгү эл-журтуна бааланды.

Жүздөп, миңдеп, закондорду текшерди,
Эл арызын кылдат карап өткөрдү.

Мекени үчүн жан күйгүзгөн адамды,
Орден тагып максатына жеткирди.

Эмгегинди дастан кылып жазуу кыйын чечмелеп,
Кыргыз калкың кылымдарга дайым сени эскерет.
Ар жыл сайын эстелигиң алдына,
Гүл коюлат кучак-кучак дестелеп.

## УЛУУЛАРДАН УЛАНЫП УЧУГУ БИЗГЕ ЖЕТКЕН УЧКУЛ СӨЗДӨР АЛТЫНДАН БААЛУУ!

*...Кан жыгалы бөрк кана,*
*Кан дөөлөттүң көрк кана,*
*Бек жыгалы бөрк кана,*
*Бек сөөлөттүң көрк кана,*
*Өз үйүңө өзүң бий,*
*Өз элиңе өзүң кул,*
*Эзелтеңки эрк кана.*

**(Асан Кайгы)**

Түгөнгөн сайын түтөгөн.
Түптүү Манас тукуму.
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өткүр Манас тукуму.
Жоголгон сайын оргуган,
Жомогу түшпөй оозунан,
Жоомарт Манас тукуму.
Кырылган сайын үйүлүп,
Кан кечкен жерден тирилип,
Кыйындыкка чыдаган,
Кыраан Манас тукуму.
Ала-Тоодо төрөлүп:
Албарс кылыч өңөрүп,
Ажалга тике караган
Айкөл Манас тукуму.

## ТҮГӨЛБАЙ АТАГА ТӨРТ САП КАЗАЛ

Төгөрөктүн төрт бурчунда болгондой,
Тирүүлүккө чекит койгон ойлонбой.
Түшпөй дайым калем сабы колунан,
Түз жашады түлкү сымал жойлобой.

Көр турмушта көңүл бөлүп калчабай,
Том-том кылып китеп жазды чарчабай.
Бул дүйнөдө арманым жок деп айтат,
Аскада өскөн миң жашаган арчадай.

Салмактуу Ала-Тоодой кебелбеген,
Кен тапкан адам болбос терең жерден.
Чалкыган кең дайрага мурап болуп,
Чакалап сузуп алып элге берген.

Кең эле көл, деңиздей ичи-тышы,
Ээлеген ой санаасы элдин иши.
Пендеден жаралса эгер Кожо Кыдыр,
Ошонун өзү го дейм ушул киши.

Жөнөкөй жазуучунун дөөсү болгон,
Жүк тарткан кербенчинин төөсү болгон.
Сыймыгы аалам жүзүн тандандырган,
Сталиндик сыйлыктын ээси болгон.

## КУСЕЙИН КЕМЕНГЕР АБАМА ТӨРТ САП КАЗАЛ

Жүз жыл мурун илгери,
Жете албай илим-билимге.
Жүз адамдан бир адам,
Кат таанып арап тилинде.

Кара кыргыз жергесинен биринчи,
Кусейиндей шумкар учуп уядан.

Эркин-Тоо деп атын коюп гезиттин,
Ташкент шаарынын басмасынан чыгарган.

Ал мезгилде кыргызча арип болбогон,
Совет доору жаңы гана орногон.
Кыйындыкка чыдап жүрүп чыгаан уул,
Ишке ашырды ой максатын ойлогон.

Кыргыз атын таанытты элге Эркин-Тоо,
Кайдан келмек бул жаңылык Кусейиниң болбосо.
Жетик жигит жол көрсөтүп жетелеп,
Күндөн-күнгө гүлдөй берди Ала-Тоо.

Кыргыз калкын кылымдарга таанытты,
Том-том китеп чыгарып казынасын байытты.
Төрт тарабы төп келишкен киши эле,
Эли-жери үчүн туу көтөргөн намысты.

Чыкса дагы токсон жаштын кырына,
Өзгөрбөдү бир калыпта жүрүш-туруш сынынан.
Адамзаттын дулдулу эле баасы жок,
Алтын сөзү бизде калды анын жазган колунан.

Деңиз сымал толуп турган кең пейил,
Айтууга арзыйт жасап кеткен иштерин.
Казынасын калк алдына мурас кылып калтырган,
Туйгун туулган кыргыз уулу Кусейин.

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ТАЛАНТТУУ АКЫНЫ АЛЫКУЛГА

Оо, аттиң, аттиң! Арман-арман!
Атпай журтта жүргөндөр көп ала барман.
Таланты ташты эритип таң калтырган,
Ооматтуу акын чыкты араңардан.

Ал кезде кат тааныган бирин-серин,
Лекбез ачып оку деп кыргыз элин.

Урааны улуу тоого эми жетип,
Урмат-сыйын тартуулап улуу Ленин.

Жаңы заман, жаңы доор башталып,
Жаш акында билим алды такшалып.
Ак калпактуу атпай журттун кулуну,
Акындыкка чү деп кирди ат салып.

Өкүнбөйм мен эч качан өткөн өмүр жылдарымды,
Жашырбайм мен эч качан ичке каткан сырларымды.
Унутсаң өзүмдү унут оо калың журт,
Унутпа суранаарым менден алган ырларымды.

Оо, аттиң, аттиң! Арман-арман!
Сыйкырдуу күч теңдеши жок акын жазган.
Токтолсоңор бир сөзүнө кулак төшөп,
Миң бир эсе баалуудай шекер балдан!

Алгач акын Ата Мекен жерди жазган,
Атпай журттун ырысы ачыла кенди жазган.
Алтын-күмүш шуру бермет тагынган перизаттай,
Аалам жүзүн таңдандырган көлдү жазган.

Көлгө жетпей санаасы тынбас эле,
Көлдү көрсө толкундап жыргачу эле.
Көл жээгине келгенде бою балкып,
Көөдөн кагып ырлары туйлачу эле.

Көл жээгинде толкундар жыбырашып,
Көл түбүндө ак чабак кыбырашып.
Кагаз бетин толтуруп ырын акын,
Кумар жазчу көл менен шыбырашып.

Көл жээгинде олтурду акын жалгыз,
Ойлордон ойго батып түпсүз сансыз.
Аттиң ай, ыр килемин токусам дейм,
Бир четин мүлдө кыргыз көтөрө алгыз.

Акындын талант күчү тоодой бийик,
Арнады бүт илхамын элин сүйүп.
Атпай журт ыракматын айта турган,
Ак өргөө жасап берсем ырдан үйүп.

Алп акын эңсээр эле аткан таңды,
Аячу тегиз сүйүп бардык жанды.
Ааламга бир жаралган кыргыз уулу,
Аттиң ай, арзыган тилегине жетпей калды.

Жанындай сүйөөр эле элди-жерди,
Жек көрүп жактырчу эмес текеберди.
Жүз жыл айтсаң арманы түгөнбөгөн,
Жалындуу акын отуз төрттө кете берди.

Оо, аттиң! Аттиң! Арман-арман!
Айласы табылбаган оору жаман.
Грузин тилин кыргызча сүйлөткөндө,
Алыкулдун талантын эл баалаган.

Кайра-кайра окуган эсимде азыр,
Жолборс менен алышкан чыгаан баатыр.
Ак калпак элге арнаган белеги да,
Ааламда теңдеши жок чыгаан акын.

Акынды жазгым келет улап-улап,
Ар жагын толуктасам элден сурап.
Алыкул мүдөөсүнө жеткенде эгер,
Ак сарай салып бермек ырдан курап.

Кыркка жетпей кыйрады кыраан акын,
Кылымдарга эскерет кыргыз калкың.
Атпай журттун бир өткүр уулу,
Аалам жүзүн аралайт атак-даңкың!

## КЫЗЫЛ ӨРТ КЕЧИП КЫРГЫЗДЫ АЛГА СҮРӨГӨН ЭҢ БИРИНЧИ ИНСАНДАР

Илбериңки шыпылдаган жанагы,
Исакенин баласычы Баялы.
Кыргыздын чыгаан уулу болгудай,
Актив болуп аткарылса талабы.

Асыра дейт ардайыма уул-кызды,
Ана ошолор атпай журттун жылдызы.
Акыл айтып, кеңеш берсе аларга,
Атак-даңкын көкөлөтөт кыргызды.

Ана ошондой ал жигиттин талабы,
Алга сүрөйт анын баскан кадамы.
Илимдүүдөн тың чыккан ушул азыр,
Иш билги экен Исакеев Баялы.

Толкуп турган убагы азыр,
Бир орунда тура албай.
Көзүндө да, сөзүндө да оту бар,
Үлгү алгыла колуңардан чыгарбай.

«Ачыла элек сандыкта бычыла элек кундуз бар» – деп сөзүн баштаган ойчул, философ, орошон жазуучу Жантөш уулу Касыкем айткандай: – Аттиң! Аттиң! Арманын айтабыз да ордун сыйпалап таппай калабыз. Кыргыз элимде миң жылда бир жаралуучу шуру, мончоктой тизилтип, ширин сөздөрүн айткан алтынга теңегис баалай турган керемет бабаларыбыздын нуска, даанышман акыл-насааттарын жүрөгүбүздүн толтоосуна ширетип алгандын ордуна кадыр-баркына жетпей эсиңе жара чыккыр, эмине деди эле деп эңирейип олтуруп калабыз. Акын Токомдун орчундуу бир гана сөзү эсимде.

Кумарын жазат куш салган.
Кымылдайт ичи кыз алган.

Куюлтуп ырдап олтурсам
Ичинде барбы бир жалган –
деген сөзүн гана алып көрөлүчү.

Күндүк өмүрүң болсо түштүгүңө жорго мин.

Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал.

Душманга жаныңды берсең да, сырыңды бербе.

Жети өлчөп бир кес.

Жакшыны жатым дебе, жаманды өзүм дебе.

Тумар кылып жакабызга тагып ала турган баа жеткис асыл сөздөр бизден ат чабым алыстап кеткендей көрүнөт. Элибизде не бир даанышман ойчул үч-төрт кылым арасында боло турган олуя абаларыбызды эч качан эсибизден чыгарбашыбыз керек.

## ЖЕТИ АКЕНИН ОСУЯТЫ

**Акыл – сөздүн шам чырагы**

1. Карга аке (1718–1828)
2. Садыр аке (1821–1905)
3. Карач аке (1837–1914)
4. Кыдыр аке (1843–1926)
5. Мойт аке (1750–1843)
6. Сарт аке (1780–1805)
7. Тилекмат аке (1800–1963)

### Жети акенин айткан осуяттары

Тулпар тоону кыян жууп, тул болосуң сак болгун.
Кудагыйсыз-кудасыз кун болосуң сак болгун.
Кубат-күчүң соодалап, пул болосуң сак болгун.
Кудуреттүү элдерге кул болосуң сак болгун.
Салкын тоону кыян жууп, салт бузулат сак болгун.
Намыс түтөп, ар түтөп, нарк бузулат сак болгун.
Кара тилин калп минип, карт бузулат сак болгун.
Калыс сөзүн айталбай, калк бузулат сак болгун.

**Карга акенин айтканы:**
Жардынын байы бол, жакырдын тайы бол.
Жетимге санаалаш бол, жесирге каралаш бол.
Ай кетилет жетим жетилет деген.

**Мойт акенин айтканы:**
Ырыс алды – ынтымак, ынтымагы бар элдин
айсыз кара түндө да асманында күн турат.
Ынтымагы жок элдин балдары иттей ыркырап,
Ачык жарык күндө да асманында түн турат.

**Сарт акенин айтканы:**
Аска-аска аска тоо, аягы барып чап болот.
Атадан алтоо болсо да, сыйлашпаса жат болот.

**Кыдыр акенин айтканы:**
Ниетиңди ондо, пейилиңди бузба, ач көздүккө азгырылба.
Туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок.
Айрыкча жаштарым сиздерге айтаарым:
Бул асыл түбөлүк мүлк, мындан алыстай көрбөгүлө демекчимин.

**Улуу кыргыз журтуна! Улуу Теңир атанын колтугун ачып, кол жайып берген батасы.**

Улуу кыргыз кор болгон сайын козголот,
Азайган сайын кулпурат!
Улуу кыргыз адамзатты улутка бөлбөйт,
Эгер бөлсө өзү утулат, соттолот.
Улуу кыргыз бийик ой айтып, бийлик кылат.
Улуу кыргыз өзөгү өрт ажалды качырган
Калыс, каршыны бириктирген тегиз,
Улуттарды жетектеген жөрөлгөчү.
Улуу кыргыз мал-жандуу, улуу маданияттуу салкын кандуу, табигый жүздүү, талабы күчтүү эл.
Улуу кыргыз утурумдук сөз сүйлөсө же максаты жеңил болсо, Жер эне жэриийт, сөзү жел болот.

Улуу кыргыз өзүн өзү тааныбаса улуттарды ээрчип адашса, ар улуттун улагасында калат.

**Улуу кыргыз сапаты:**
Асмандагы алп кара куш!
Ажыдаар, кабылан, жолборс, Азирети-шер!
Ашуусу бийик бел деген, кол жайып.

**Ата-бабаң бул сөздү алтынга алмашпагын деген:**
Саламдашпай сөз баштаба.
Өзүңдөн улуу киши менен уруша көрбө.
Сырын билбеген адам менен дос болбо.
Жалганчы менен мамиле түзбө.
Ишенбеген адамга сырыңды айтпа.
Көп ойлон да, аз сүйлө.
Билимдүүлөрдү ээрчигин.
Колуңдан келген жардамды эч кимден аябагын.
Өзүңдөн улууларга урмат көрсөт.
Кичүүлөрдөн сыйыңды жана жакшылыгыңды аябагын.
Аз сүйлөсөң, аз жаңылышасың.
Билбеген нерсеңди билбейм деш тен уялбагын.
Керектүү өнөрдү үйрөнүүдөн тартынба.
Өзүң каалаган жакшы ишти башкаларга да каалагын.
Өзүңө тиешеси жок ишке аралашпа.
Каалаган нерсең орундалбай калса, сабырдуу болгун.
Бири-бириң менен кеңешип иш кыл.
Болочок күнүңдү ойло.
Айтууга жарабаган сөздөрдү оозуңдан чыгарбагын.
Башкаларды теңсинбей «өзүм билем» деп бой көтөрбө.
Мактанба, ал түркөй, наадандын иши.
Нанды кордобо, ысырапкорлукка жол бербе.
Бирөөдөн өч алууга күчүң жетсе да өч албагын.
Бирөөнүн катасын кечиргин, ага ачууланбагын.
Өз ачууңду өзүң бас.
Жалган айтып жакшы көрүнөм деп ойлобо.
Көз алдыңда бирөөнү ушактаган адам, бирөөгө сени да ушактаарын эсиңе тут.

Бирөө менен достошууну кааласаң дили таза менен достош.

Бирөө менен таттуу мамилеңди бузба.

Бирөө менен кектешип, наразычылыгыңар күчөп баратса тезинен элдешкин.

Ыплас иштерди жасап, убактыңды коротпо.

Адамдардын айыбын издөөчү болбо.

Керексиз сөздү сүйлөбө.

Эч кимди ушактаба, ушактап келгенди тыңшаба.

Бирөөнүн ийгилигине көз артпа.

Убадага ар дайым бекем бол.

Эмгекти сүйүп, кайраттуу, туруктуу болгун.

Билбеген нерсеңди, билемин деп мактанбагын.

Эне тилиңди сүйгүн, урматтагын!

Күнөө унутулбайт, жакшылык жерде калбайт.

Кайрымдуулук кылууну үйрөн.

Эртеңки жасаар ишиңди жатаарда ойлон.

Жакшы досуңду бир жакшылыкта, бир кыйынчылыкта сыйла.

Кеңеш сурасаң билимдүү адамдан сура.

Сөз айтсаң далилдүү айт.

Акыл айтса, баарын ук, керегин ал.

Досторуңду кадырла.

Досуңа да, касыңа да, маңдайыңды ачык көрсөт.

Ата-энеңдин баркын бил.

Устатыңды атаңдан артык сыйла.

Эл менен бирге бол, бөлүнбө.

Бут кийим кийсең оң жагыңдан кийин, сол жагыңдан чеч.

**Чечендер чечип сүйлөгөн урматтуу сөздөр:**

Жаз деген эмне? – Жаз аракет.

Жай деген эмне? – Жай берекет.

Күз деген эмне? – Күз киреше.

Кыш деген эмне? – Кыш чыгаша.

Эмне улук? – Адам улук, жан улук, жашоо улук, күн улук, жан-жаныбар бүт улук, жарык улук, от улук, ордо күткөн журт улук, төшү түктүү жер улук, төбөсү ачык

көк улук, Ай ааламды кыдырып кенебеген жер улук, сөөгүңдү ысытып, эзип турган бала улук, тополондоп агызып, сүзүп өткөн сел улук, төбөңдү көккө жеткизген туу чокулуу бел улук.

Эмне ток? – Жамгыр жааса жер ток, эгин эксе эл ток, булак акса көл ток, эмгектенсе эл ток.

Эмне жок? – Өгүздө сүт жок, мүйүздө кыт жок, мөңгүдө жыт жок, жыланда бут жок, жылкыда өт жок, таштa тамыр жок, таш бакада арык жок, куланда жал жок, аюуда кашка жок, токто ачка жок, желде түр жок, жумурткада кыр жок, балыкта үн жок, үкүдө күн жок.

**Тапкыч болсоң таап ал:**
7 бир тууган – бир жумада 7 күн.
7 дос – жети өлчөп, бир кес.
7 уруу – жетим акысы.
7 дүйнөңдү тарытат.
7 элчи жетинин бири кызыр (Кыдыр).
7 муун, 7 атаңды билип жүр.
7 соо маркумга жетилик берүү.
365 амир кылган (жылдын ичиндеги күн) 38 кызы бар, баары жубан, 12 уулу бар баары кыраан, 9 уулунун пейили жакшы, 9 уулунун пейили жаман.

*Биз акындар, колдун болсок оң-солу,*
*Анда Алыкул ошол колдун ортону.*
*Биз, акындар, жылдыз болсок ободо,*
*Анда Алыкул жылдыздардын чолпону.*

**(Байдылда)**

*Иште десе ишти таштап коюшат,*
*Ичкиликти абдан ичип тоюшат.*
*Жайлай сааган бир эчкилүү кедейдин,*
*Бир улагын деңгенеге союшат.*

**(Осмонкул)**

## ӨТКӨН АТА-БАБАЛАРДЫН ӨЗӨКТӨН ЧЫККАН АЛКЫШЫ

Калктын дени сак болсун.
Иштеген иши так болсун.
Козулары эгиз болсун.
Согумдары семиз болсун.
Чириген бай, тентиген кедей жок.
Элдин баары тегиз болсун.
Кызыл кырманган бапасын.
Калкымдын карды ачпасын.
Жер титиреп, көчкөндөн сакта.
Жаш өмүр жалп этип, өчкөндөн сакта.
Кыргызды кыргыз кылган салты болсун.
Салтын сактоо жаштардын анты болсун.
Ичтен-сырттан утуш алып, элимдин чүкөсү алчы консун.
Эгиндерди, жемиштерди үшүктөн сакта.
Кайра сээп кан какшаткан түйшүктөн сакта.
Короо-короо кой айдайлы.
Желе-желе бээ байлайлы.
Карды сүрүп, улам көктөп,
Төрдү ашып, жылдызга жакын жайлайлы.

## ӨТКӨН АТА-БАБАЛАРДЫН ЖЫЛ САНАГЫ

Байыркы ата-бабаларыбыз бир жылды төрт мезгилге бөлүп жаз, жай, күз, кыш деп атап, ар бир айды өзүнчө атап өз аты менен, бир жылдын он эки айынын аталышын бүгүнкү күндө бир нече кылымдардын өтүшү менен биз үч жолку аталышын атап калдык. Тагыраак айтканда, 1694-жылдан баштап, Петр I өкүмү менен Жаңы жыл 1-январдан баштап кабыл алынып калган. Мындан бир нече миңдеген жылдар мурун жаңыдан кар эрип, жыл башында жерге көк чыгып, жаңыланып, бак-дарактарда күкүк сайрай баштаганда март айын күкүк ай деп аташчу. Жаңы жыл ушул айдан башталчу. Кийин бир нече кылым өткөн соң ата-бабаларыбыз бул айды жалган ку-

ран деп аташкан. Эми төмөнкү таблицада байыркы кыргыз атаган аттар (жалган куран, же болбосо март) аягы корук айга (бирдин айы, февраль) кандайча аталышы көрсөтүлөт.

## БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ КАЛЕНДАРЫ. ОРТО КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ КАЛЕНДАРЫНЫН АЗЫРКЫ АТАЛЫШЫ

1. Күкүк ай – жалган куран – март
2. Чилде ай – чын куран – апрель
3. Сарыча ай –бугу – май
4. Кырк күйөк айы – кулжа – июнь
5. Мизам ай – теке – июль
6. Карача ай – баш оона– август
7. Казан (согуш) – аяк оона – сентябрь
8. Канжар ай – тогуздун айы – октябрь
9. Акпаң ай – жетинин айы – ноябрь
10. Чил айы – бештин айы – декабрь
11. Баш ай – үчтүн айы – январь
12. Корук ай – бирдин айы – февраль

Күкүк айын илгертен бери жылдын башы деп кыргыздар Нооруз майрамын, Жаңы жылды белгилеп келишкен. Катаалдыгы жагынан бири-бирине окшош эмес. Күкүк айында бирде күн узарып арыкчылык, кызыл туут (айлары үчүн кызыл жумуртка акиташсыз чел кабык боюнча туулган жумурткалар) узун сары деп атап коюшкан. Жай айларын Кыркүйөк айдан (кулжа–март), карача айдын (баш оона – август) 20сына чейин (саратан тамыз) деп аташкан. Күз айларын – казак (согуш) айдын (аяк оона – сентябрь) 20нан Акпаң айдын (жетинин айы – ноябрь) 20сына чейин – (Кедери – кетээр) деп аташкан. Кыш айларын-Чил айынан (бештин айы – декабрь) Корук айдын (бирдин айы – февраль) 2ине чейин (токсон – тогоол, кырк чилде) дешкен. Себеби 90 күн кыш айы, анын ичинен 40 күн чилде түшкөн мезгил болгон. Ал эми тогоол деген сөздүн мааниси, үркөр жылдыз менен айдын жакында-

шып тогошуп өткөнүнөн улам аталган. Үркөрдүн чыгышынан батышына чейин тогоолдорду эсептеп көрүшкөн. Бул жагынан алганда, байыркы ата-бабаларыбыз астрономиялык аныктоолорго атайы куралсыз, аспапсыз эле байкоо жүргүзүшүп аныкташкан. Кыркүйөк айынын (Кулжа – июнь) 23төрүндө Үркөр менен ай таңдын алдында чыгыштан жанашып чыгышат. Бул болсо, күн менен түн узактыгы боюнча теңелгени дегенди билдирет. Үркөр менен ай ошондон баштап туптуура 3 күн жанаша чыгат дагы, андан кийин билинбей бири-биринен акырындык менен алымтай баштайт. Эми андан кийинки айлардын тогошкон күндөрүн санайлы:

– Күкүк айы (жалган куран – март) 7синен тогошот;
– Чилде айы (чын куран – апрель) 5инен тогошот;
– Сарыча айы (бугу – май) 3үнөн тогошот;
– Кыркүйөк айы (кулжа –июнь) 1инен тогошот;
– Мизам айы (теке – июль) 23үнөн тогошуп үркөр чыгат;
– Карача айы (баш оона – август) 2инен тогошот;
– Казан (согуш) айы (аяк оона – сентябрь) 9унан тогошот;
– Канжар айы (тогуздун айы – октябрь)17нен тогошот;
– Акпаң айы (жетинин айы – ноябрь) 15инен тогошот;
– Чил айы (бештин айы – декабрь) 13үнөн тогошот;
– Баш айы (үчтүн айы – январь) 11инен тогошот;
– Корук айы (бирдин айы – февраль) 9унан тогошот.

Андан кийин Кырк күйөк айынын 23үнөн кайра үркөр менен кошо тогошуп чыгып, жерге түшөт. Кырк күйөк айынын 23нө чейин кырк нече күн өтөт. Ошондуктан жылдын ар бир айы тогоолсуз болот. Үркөр кырк күндөн артык жерде жатпайт. Кыргыздар эмне үчүн айларга бугу, кулжа, теке куран деп ат койгон. Канжар айдын он бештеринде, азыраак кар жаайт, муну кыргыздар Бугунун ооз чайкаары деп коюшат. Себеби бугу, кулжа, текелер бир жылда бир эркек-ургаачылар кошулушат. Суусап калбас үчүн кар менен ооздорун аарчып алышат. Кийинки

акпаң айдын 15инен кийин күн суук болуп, тоолуу жерлерди туман каптайт. Кулжалар жүгүрүп үйүр издешет. Муну ата-бабалар (кулжа жүгүрүк) дешчү. Андан кийинки чил айында бийик тоолор ак карга айланып, тоо этектери агала болуп кар жаап айлана суук болуп, агала боло баштайт. Муну теке чаңыт деп коюшат. Элик деп аталган айбандардын эркегин «куран» дейт. Чилде айында Кайберендер төлдөй баштайт. Кээ бир кайберендер болсо эрте эле күкүк айында төлдөп коюшат. Анан көпчүлүгү аба ырайынын катаалдыгынан суукка туруштук бере албай өлүп да калат. Ошондуктан бул айды жалган куран деп аташкан. Сарыча айында бугунун ургаачысы марал төлдөйт, ошондуктан бугу айы деп аталып калган. Кырк күйөк айында кулжанын ургаачысы аркар төлдөйт, мындан улам бул айды кулжа деп аташкан. Мизам айында эчкилер төлдөгөндүктөн, теке айы деп аталат. Ошентип айбанаттардын төлдөшүнө карап, алардын аталыштарынан айларга ошондойчо ат коюлган. Бугу, кулжага караганда эчки кеч төлдөйт. Анткени анын териси жука, жүнү суюк. Айбанаттардын төлдөө убагында, күкүк айынан баштап, аңчылык кылган ата-бабалар эч убакта ууга чыккан эмес. Кайберендердин каргышы катуу экенин билишкен. Ал эми кан атуу келгин куштардан ыйык деп ак кууну атышкан эмес. Канаттуулар сарыча айдын башына чейин балапан басышат. Ошондуктан бул убакты «Кызыл тукум, кызыл түлөө» деп аташкан. Күкүк айдын орто ченинде жылда катуу шамал болот же узакка жаан (ак жаан эмес) жаап өтөт. Чээнге кирген жаныбарлар карача айдын экинчи жарымында кирип, чилде айдын экинчи жарымына кирип укташат. Бул аралыкты «Каңтар» деп коюшат. Ошондуктан биринчи жолу күкүк айда шамал болсо «Каңтар» айкырып ийди, кургакчылык болуп, жыл катуу болот дешчү. Эгер жаан жааса, «Каңтар» оосуруп ийди, жыл жакшы болот дешчү. Кыргыз эсебинде алты жыл өтүп, жетинчи жылы ай он үч болуп калат. Аны ара ай дешет. Анткени жыл дегенибиз 12 ай, күн саны бир жылда 365 же 363 күн болот. Байыркы жайчы ата-бабалары-

быз ар бир айды 30 күн деп эсеп кылганда 360 күн болуп, 6 жылда бардык суммасы 30 күн болуп, ар жылы бештен күн ашып калган. 6 жылда ашып калган бир айды жайчы ата-бабаларыбыз ошондуктан «ара айы» деп аташкан. Ошентип бир жылдагы 12 айдын 7 айын 31 күндөн, 4 айын 30 күндөн, ал эми бир айды жылдын цифрасы так санда болсо 29 деп, жылдын цифрасы жуп болсо 28 күн деп, «ара айды» алты жылга туптуура бөлүп салышкан. Акпаң айдын 20чы күнүнөн баш айдын 20сына чейин түн узарып, күн кыскарган үчүн «кедерги-кеткен» ай дешет. Кедерги кеткен айдын ортосунда кыш чилдеси түшөт. Ал 40 күндө түшүп, 40 күндө чыгат. Бир күн чогулат. Ошону менен бардыгы 81 күн болот. Чил айында суук катуу болгондуктан, кыштан аман-эсен чыгалы, ооруп-сыркап калбай белсенип белди бекем курчайлы деп чил айын бештин айында бел курчайбыз дешкен.

Беш тогоолдо бел чечебиз дейт. Андан кийин баш айын токту тойбос, чөмүч кургабас, таң атпас деп коюшат. Корук айында жан-жаныбарлардын алды төлдөй баштайт. Сууктун күчү кайта элек үчүн эрте төрөлгөн жандыктар өлүп калбасын дешип бул айды корук айы дешип жылдын акыркы айы үчүн жер бетиндеги азыктар азайып жыл кандай болбосун (үзүмчүлүк болот) жан-жаныбар адам баласынын денесинде азык даам азайып, азыркы тил менен айтканда витамин жетишсиз болуп калгандай сезилип жан-жаныбар бардык нерседе абайлап басышат. Чилде айдан баштап, канжар айдын аягына чейин, жаз жарыш, күз күрөш дешет. Жаз жарышта жүн кыркуу башталат. Эл менен кошо жарышып эгин айдап мал-жаныңдын, бала-бакырандын камын көрбөсөң кышка камың жок, ашуулап чөп сурап жатып ичээр атка коносуң. Эл арасында сөзүм өтүмсүз, корунчаак болуп каласың. Кыргыздын мал жайылган кырлары, эгин айдалган өтөгү мындай дейт. Өзүң теңдүүлөрдөн кем болбой, мандай тердетип, кол жоорутуп, бел оорутуп, кулдай иштеп, бийче жеп жашагыла деген экен. Тер төгүп иштесең короолң малга толуп, орооң данга толуп, кишинин атын сурап минсең барып келген-

чекти атын аман-эсен тапшырсам деп оюң онго, санааң санга бөлүнөт. Кишинин тонун сурап кийсең ээсине тапшырганча, көңүлүң ордуна келбейт. Эки көзүң тондун жеңинде болот деген убайма бар!

## КЫЗЫЛ ӨРТ КЕЧИП КЫРГЫЗДЫ АЛГА СҮРӨГӨН ЭҢ БИРИНЧИ ИНСАНДАР

Эр жеткенден энтелеген эмгек – деп,
Эңсегени ой максаты Мекен – деп.
Элеттеги эмгекчинин баласы,
Сырттан жигит Сүйүмбаев Акматбек.

Кыраан жигит көз жүгүрттү доорго,
Кандай абал калк жашаган коомдо.
Келечегин терең ойлоп кыргыздын,
Күч-кубатты жумшаш керек ондоого.

Кемчилдикти айтуу керек жашырбай,
Кендер жатат жерибизде изилденип ачылбай.
Колдо барды колдоно албай жатабыз,
Кеменгер жок өзүбүздө кемсинебиз жакырдап.

Башкалардан эмнебиз кем айткыла,
Кыргыз деген салтыбызды колдойлу.
Кыргызстан гүлдөп өссүн десеңер,
Кел, кыргыздар, пейилибизди оңдойлу!

Иши жүрүп илгерилеп бут жагы,
Илинди беле оозго Ибраимдин Султаны.
Көз көрүнөө курмандыкка чалынып,
Кетти арадан кыргыздын бир султаны.

Оо, түгөнгөн ичи тардык ай,
Неден жазды ошончого баргыдай.
Кыраанындын кадыр-баркын билбеген,
Кыргызымда ар-намыстын аздыгы ай.

Асыл адам өттү-кетти арадан,
Анын ишин аткара албай жан адам.
Кыраан деген аты калат тарыхта,
Кыргызымдан чыккан болсо ал адам!

Дүйнө жүзүн дүңгүрөткөн эчен бек,
Менменсинген түбүнө өзүм жетем – деп.
Дүбүртү чоң берендердин бири эле,
Дүйшө уулу биз сөз кылган Арстанбек.

Илимдүүлөр илгерилеп аттанган,
Иш жүзүндө сейрек эле такшалган.
Бардык закон партиянын айтканы,
Кызмат ишин кың дебестен аткарган.

Таккан милдет аткарылса кечендеп,
Орду бошоп ойрон болчу эчен бек.
Менменсинген текеберлер жокко эсе,
Өзү ойлогон тилегиме жетем – деп.

Закон деген өрт, жалындан күчтүү эле,
Талаш-тартыш тез арада бүтчү эле.
Тартип жолу темир менен болоттой,
Тентек-кынтык өз жолуна түшчү эле.

Мекениңден бардык ишиң башталат,
Мыкты жигит бардык ишти аткарат.
Ошондуктан мекен иши чоң сыноо,
Артында анын атак менен даңк калат!

## ОО, МУХАММЕД УЛУУ ЗАТ

Ысмыңды айтсам ынсап түнөп, ыйман келет жаныма,
Ыйыктыгың жаккан калктын карасына-агына.
Ойго тунук окууңа олуялар тартылат,
Жандын баары тартылгандай караңгыдан жарыкка.

Кол сыядай, кагаз кардай жерде жайнап жатса да,
Сөздүн күчү жетпейт, жетпейт кереметиң жазганга.
Оо, Мухаммед үмөтүңө, үмүттөрүң гүлазык,
Кудуретиң кулач жайган жерде, ыйык асманда!

Каркырадай канат кагып канча-канча кылымдар,
Касиетиң кадырлашып кайра-кайра ырдашаар...
Окууңдан мурда келип, мурда кетип калбастан,
Сени урматтап жашап жүргөн менде тоодой бакыт бар.

Бар бол, бар бол, бар бол дайым кийинкиге балдарга,
Ар бир пенде жаралып, жарык дүйнө жалганга.
Мухаммеддин окуусунан шыпаа алып, кут алып,
Ыраазы болот дин мусулман жерде жашап калганга!

## МАХАБАТ КАЙРЫГЫНАН БИР ҮЗҮМ

Жашоодо мурда көрбөгөн,
Жыргалды искеп дембе-дем –
Жытыңа улам мас болуп,
Жытташкым келет сен менен.

Өрттөнүп ичте ыр учуп,
Өмүрдө барын унутуп.
Көлкүлдөп эрип турганда,
Көңүлдү койбо суутуп.

Кылымдай сезип мүнөттү,
Көргөндө тартам илепти.
Муздата көрбө суз карап,
Муңайым соккон жүрөктү.

Кучагың мага эң дары,
Кубана күтүп сен дагы.
Кучакта башы айланып
Баса албай калсын жел дагы.

Чымчыктын темир канат
Балапаны сыяктуу –
Жалынчың миң кайталап,
Жакындаттың ыраакты...

Мен мындай үн укпагам,
Гүл көрбөгөм мен мындай.
Карачы таң калгандан
Токтоп калды жел жылбай.

Күүдөн да жагымдуураак,
Даамдуураак балдан да –
Көрбөсөм жаным куурап,
Күйүп кетмек арманга.

Суу туурайт каткырганың
Ырдаар ырын куш ырдайт.
Карашы күйгөн жалын,
Бир көргөн жан унуталбайт.

Бул айып күлүп турса,
Ак булуттай турушу.
Билбеймин күндү асманда
Айылдагы күн ушу.

Ыйлаганын унутуп салып,
Жарк деп күлгөн баладай.
Жамалынан нуру жанып,
Жайнап турган садага ай!

Гүлдөн назик, желден жеңил,
Суудан тунук, айдан ак –
Ким көрбөсүн өбөт сени
Көзү менен аймалап.

Бүлбүл жанат түндөгү оттой,
Үмүт чиркин үлбүрөп...

Жанды өзүңө жүр жолотпой,
Ким кандайын ким билет?!

Эй, чымчыктар сайрагыла,
Бу жаш сулуу чырайын.
Дал ушинтип ал дайыма
Өксүтпөсүн эч убакта кудайым.

Эстеген сайын дайыма
Элжирейт жүрөк, жан балкып
Бейиштин зам-зам суусуна
Бетим жууп, колум малгансып.

Магдырап аппак булутта,
Сыйкыр нур минип жүргөнсүйм,
Дүрүлдөп каным оюмда,
Дүйнөнү жалгыз билгенсийм.

Тамылжып турган талаанын
Тергенсийм кызыл гүлүнөн.
Калсам да укпай кабарың,
Барыңды эстеп сүйүнөм.

Эстеген сайын өзүңдү,
Өлбөстөй болуп эрдемсийм.
Унутуп бардык дүйнөнү,
Ааламдан сен деп келгенсийм.

Өптүм мен сени түшүмдө,
Өрөпкүп жүрөк титирей...
Өбүшсөм эгер өңүмдө,
Өрттөнүп күйүп кетчүдөй.

Өмүрдүн бардык кызыгы
Өбүшкө ушу татыбай –
Кан күйүп, денем калтырап,
Калтырап барам капырай.

## ЖАЛПЫ АКЫНДЫН ТИЛЕГИ

Дары ич, – дедиң таң атканда ачкарын,
Таң атканда жаңы ырымды баштадым.
Баштадым да, даана билдим илгиртпей,
Кайсы жерим неден ооруп жатканын.

Жаңы ырымды жазаарымда ачкарын,
Ыйын угуп кайырчынын ачканын.
Туюп турдум жүз жеринен жарылып,
Жүрөгүмдөн шуүшүндөп кан акканын.

Дарымды ичпей, ырымды ичип ачкарын,
Тиктеймин да кыргыздын көк асманын.
Тилей берем ачка тоюп жетимдин,
Жашы кургап, көрдүн көрүп басканын...

Жазам деп эч ким жазбас жакшына ырды,
Мүмкүн мен өзүмө, үйдүм кайгы-муңду?!
Акты ак, караны кара деген
Капырай, табалбадым дос же курбу
Өлгөнгө көмгөн кылып заман кысып
А аялым андан бетер тумчуктурду...

Чыгып кетме чыгып кетсин чымын жан,
Чындык үчүн – чыңырганым чыңырган.
Акындыгым сокур тыйын бүгүнкү,
Мезгил күүсү билинбесе ырымдан.

Канча акындын калк деп көзү жумулган,
Калыстык деп жулунганы жулунган.
Баатырдыгым кокон тыйын эртеңки,
Кечээки өткөн көрүнбөсө ырымдан.

Элге боор толгоп болдум оорулуу,
Башаламан базар үнү болду уу.
Кармап кетээр караңгыда келгендер,
Токтогулду кармап кеткен сыяктуу...

Миң кармасын, келет менин кармагым,
Абакта да калк деп, кайраттанаармын.
Жаныӊ берсеӊ элден азап кетет де,
Ошо замат жан бергенге даярмын.

## АТАНЫН ОСУЯТЫ

Кудайым кубат берсин кара жанга,
Купшуӊдап кол куушурбай өкүмдарга.
Тер менен терип жеген ырыскысын,
Ошону мурастаган балдарына.

Эӊ таза эртеӊкинди сергек карап,
Силерге бергеним жок арам тамак.
Силер да боло турган балдарыӊды,
Арамдан кылча кошпой өзүмдөй бак.

Маӊдай тер жамгыр болуп жерге тамсын,
Буудайдан буудай чыккан сыяктансын.
Өзүнөн элин өйдө коё билген
Кыргызга таяныч болоор тукум калсын…

## БҮГҮН АЙТКЫН, АЗЫР АЙТКЫН…

Жоош калкым, момун калкым, кой калкым,
Жооштукту, момундукту кой калкым.
Алдам атат азыркыӊды ананды,
Аӊырайбай бышыгыраак бол калкым.

Бийликтеги карыздарды өӊөрдү,
Казынаны толбос сазга чөгөрдү.
Кимдер ойлойт бапыраткан карызды,
Ким төлөөрдү жана кантип төлөөрдү?!

Жер тиктеген жети атасыз жан окшоп,
Жетимсиреп мелтирештен пайда жок.

Айтаарыңды бүгүн айткын, азыр айт,
Эртең чыгып кетпес үчүн жанданат.

Бүгүн айткын, тура бербей дабдырап,
Керек болсо канды куйгус, жанды чап.
Кайсыныңа ишенесиң карачы,
Капкараңгы түндөн жаман алды жак...

Сатты үйлөрдү, сатты сансыз заводду,
Ошолордун сомун кимдер тоношту?!
Ага тойбой томпондоп токтобой,
Жер сатам деп жагып салды чоң отту?!

Келечекти түк карабай, түк билбей,
Жерин саткан, элин саткан билдирбей.
Мусаапырдык муундардан муунга,
Мурас болуп калабы ыя билинбей?!

Ыр жазылчу оокат эмес кол бошунда,
Акындык бул ак жүрөктүн толтоосунда.
Жүз үйрүсө жүрөгүн бүт сууруп берген,
Жүргүм келбейт жүгүнгөндөр ортосунда...

Кайгысы жок семиришти кара сууга,
Акындык бул как жүрөктүн жарасында.
Бөжөңдөп кошоматка коюн сойгон,
Болгум келбейт булардын мен арасында...

Мыкты балык сүзөт Көлдүн тереңине,
Ырдан ырыс түшпөсө элдин элегине.
Даңк күтүп, атак күтүп, атпай журттун,
Арасында дардаюунун кереги не?!

Кол чаппаса эл жигиттин өнөрүнө,
Жарабаса элдин намыс, керегине.
Жүрөгүнөн ширеңкенин жарыгындай,
От чыкпаса өмүр сүрүп кереги не?!

Акындары эки жүздүү болгон элдин,
Эч убакта эгиздебейт болочогу.
Акын өрттөйт алоолонтуп эт жүрөктү,
Анте албасак ал акындын бардан жогу!

## КЫЛ МЕРГЕН

Ааламда жок ал мерген,
Аңчылык кылып ар жерден.
Атканда түмөн кийикти,
Адамдын баары тан берген.

Бир огу сая кетпеген,
Миң мерген ага жетпеген.
Койлору түгөл союлбай,
Коңшулар бекер эт жеген.

Таң куланөөк атканда,
Өңүттө мерген жатканда.
Бирине бири шынаарлап,
Көп кийик жүрдү капталда.

Кетирбей зарыл убакты,
Көп кийикти сулатты.
Атына артып олжосун,
Аңтарып кийип тумакты.

Тоо эчки гана качпады,
Үйүрүн карай шашпады.
Көрүндү көзгө улагы,
Жарадар болуп жатканы.

Онтодуу улак жаны ооруп,
Энеси турду дагы ооруп.
Көз жашын төктү адамдай,
Улагын карап жалооруп.

Убакыт өттү арылап,
Улакты мерген дарылап.
Жүргөндө байкуш тоо эчки,
Алыска кетпей сабылат.

Бир айда улак айыкты,
Өзүнө коюп айыпты.
Кыл мерген турду сүйүнүп,
Үйүрүнө кошуп кайыпты.

Келүүгө жакын даабады,
Тоо эчки назик маарады.
Маарады, демек, мергенге,
Жакшылык гана каалады.

## КУПУЯ СЫР

Умсунуп самап жүргөмүн сени,
Унутпай койду жүрөгү сени.
Карааның көрбөй камыгып жүрөм,
Сары санаа болуп сагынып жүрөм.

Түшүмдө дагы, өңүмдө сенсиң,
Түпөйүл ойлуу көңүлдө сенсиң.
Көксөттүң тынбай күнү-түн өзүң,
Үзүлбөс жаркын үмүтүм өзүң.

Баркыңды сездим батыраак келчи,
Жаздагы таңдай жадырап келчи.
Мукамдуу назик үн болуп келчи,
Көз жоосун алган гүл болуп келчи.

Канаты нурлуу куш болуп келчи,
Кудурет берер кут болуп келчи.
Жүзүңдөн мээрим сезилсин жаным,
Жүрөгүм балкып эзилсин жаным.

Маңдайда жайнап шам чырак турсун,
Махабат жаркырап турсун.
Ар пенде сүйлөйт ар кандай.

Кээ бирөө сүйлөйт жандатып,
Кээ бирөө сүйлөйт чаңдатып.
Элестүү сүйлөйт кээ бирөө,
Эргитип берчү жанга шык.

Кээ бирөө айтат сөздөрдү,
Эчакы калган чаң басып.
Уккусу келбейт кулагың,
Уланат кадам нары басып.

Кээ бирөө сүйлөйт жылмалап,
Сөзүнүн көбү сыйгалак.
Көзүнөн адам ылганбай,
Сөзүнөн адам ылганат.

Жашырып сырын душманың,
Жалтактап сүйлөп жылмаят.
Жугуму жок желге окшоп,
Жалама кардай жылгаяк.

Баш тапкан ойду тил сүйлөйт,
Азамат жигит бир сүйлөйт.
Ар-намыстуу, туруктуу,
Айткыла аны ким сүйлөйт.

Акыйкатка көө сүртүп,
Алдамчы бузук кир сүйлөйт.
Аңтара салсам муну – деп,
Арам ою тим жүрбөйт.

Акылы тунук ак сүйлөйт,
Ар оюн таза-так сүйлөйт.
Зардеси ташкан акылман,
Заманга, калкка бап сүйлөйт.

Тилине бал да, май төшөп,
Тилеги бузук кас сүйлөйт.
Текебер андай шумшукту,
Теңирим сөзүн өстүрбөйт.

## БАКЫЛДЫН БАГЫ КӨГӨРБӨЙТ, КӨГӨРСӨ ДА КӨБӨЙБӨЙТ

Бул айчын кан сарайы сыяктанган,
Күндүзү ажарланып күн нурунан.
Кечинде кереметтей чырак жанган,
Бакылдыктан баш бакпайт эч бир адам.

Ушул үй көп үйлөрдүн коозу анык,
Көчөнүн капталында наздуу турат.
Көргөндүн көздөрүнүн жоосун алып,
Томсоргон үйдө бакылдын табасы канып турат.

Бөлмөлөр келишимдүү аземделип,
Бул үйдө ар кыл жүздөр албырышат.
Бешбармак, палоочулук, асел желип,
Бакыл болсо туталанып кабагын салып турат.

Бриллиант сөйкө, шакек чагылышат.
Жасакер жалтыраган тост айтат да.
Чөйчөктөр шыңгыр этип кагылышат,
Кетээрде бакылдын батасына кабылышат.

Бул үйдө жалганчылар толуп жүрөт,
А чындык сыртта калып, калч-калч этип.
Чыйрыгып чыкыроондо тоңуп турат,
Чындыкты бакыл сүйбөй оңуп жүрөт.

Ээсинен не бир кымбат мүлкү толуп,
Ичине көшөкөрлүү каткырык күлкү толуп.
Бакылдыкты баары бир чындык жеңди,
Калды бакыл кашайып күлкү болуп.

Иргелет бара-бара дос ким, кас ким,
Бул үйдө бардыгы бар бүт дүйнөнүн.
Чындыкты жеңемин деп бакыл байкуш,
Бакыт жок жалгыз калды аттиң-аттиң...

## КАРЫЯЛАР, КЕЛГИЛЕ БИРИГЕЛИ!

Ассалому алейкум, карыялар!
Анча кызык оюн жок жарыялар.
Жолдош кылып алууну өтүнөмүн,
Жолуңарга уланып ары барар.

Келип турам силердин айлыңарга,
Орток болуп кубаныч, кайгыңарга.
Кантсек дагы биз элден бөлөк болбой,
Жөлөк болуп жашоого бардыр арга.

Кааласаңар силерге кошулайын,
Маектешип жайма-жай олтурайын.
Үшүсөңөр бирге үшүп силер менен,
Тотуксаңар мен бирге тотугайын.

Башыңардан көп ишти өткөрдүңөр,
Жакшы-жаман күндөрдү көп көрдүңөр.
Согуштуңар, андан соң эмгек кылып,
Кезегинде толдуңар, бөксөрдүңөр.

Көптү төрөп акжолтой жубайыңар,
Бактеректей балпайган убагыңар.
Болуп силер небере, чөбүрөлүү,
Кыргызымдын тукумун уладыңар.

Алар үчүн ысып да, тоңгонсуңар,
Сактап турган аларды коргонсуңар.
Ардакталып алардан убай көрүп,
Аксакалдык туурга конгонсуңар.

Уланталы унутпай салтыбызды,
Сабыр этип сактайлы наркыбызды.
Аксакал деп калкыбыз урматтаса,
Урматтайлы биз дагы калкыбызды.

Жаш муунга кайдыгер карабайлы,
Жакшы насаат айтуудан жадабайлы.
Бакыт алып келишсин элибизге,
Батабызды алардан аябайлы.

Үлгү болуп жаштардан бөлүнбөйлү,
Терс иш жасап жаштарга көрүнбөйлү.
Жаштар көрсө биз кылсак көшөкөрлүк,
Абийирибиз анда эле төгүлбөйбү.

Ариеттик бек кармап жеңилбейли,
Артыбызга эч качан чегинбейли.
Артыбызды ак сактап, таза сактап,
Аксакалга наалат келтирбейли.

Күн өткөрүп намыссыз жан бакпайлы,
Аксакал наамыбызды ардактайлы.
Өзүбүзгө жаштарды өчөштүрүп,
Өмгөктөп кал дедиртип каргатпайлы.

## ЖАЙЛООНУН ЖЕЛИН ЭҢСЕДИК

Кыштакта кыйын ысыдык,
Ысыктан жүрдүк кысылып.
Дем чыкты, ооп жыпжылуу,
Тер чыкты бизден сызылып.

От болуп кыштак аймагы,
Ойлор да келип кайдагы.
Тарылып улам айлана,
Табалбай турдук айланы.

Көлөкө тапсак жашынып,
Аптаптан качып басынып.
Жөнөдүк минип тың атты,
Жайлоону карай ашыгып.

Оңолбой аттын абалы,
Туш жактан көгөн талады.
Кыр жолдо тынбай бышкырып,
Куйругун чаап жадады.

Биз коңшу болуп аскарга,
Биз коңшу болуп ак карга.
Кулданбес аттуу жайлоодо,
Жакындай түштүк асманга.

Атайы чарчап биз барган,
Боз үйдө кымыз жыттанган.
Биз жуттук нагыз кымызды,
Чаначтан жаңы ышталган.

Табышты дароо арганы,
Алпарган Оштон алманы.
Талашып жешти кызыл бет,
Малчынын чыйрак балдары.

Кулдамбес көпкөк эң эле,
Ак курут жайнайт середе.
Кыз-келин кызыл көйнөкчөн
Жүрүшөт бээ саап желеде.

Сергидик мында салкындап,
Булуттар көктө калкылдап.
Чартылдап бийик алыстан,
Чагылган жылт дейт жаркылдап.

Ысыган дене курушуп,
Ысыкты дароо унуттук.
Жагымдуу сезим жаратты,
Жайлоонун жыты буруксуп.

Көк шибер малтап бастык биз,
Көк чөптү жыттап жаттык биз.
Жылмайган жымжырт жайлоодо,
Жыргалдын даамын таттык биз.

Бүркөлдү асман капыстан,
Кез келди нөшөр ашыккан.
Шамалдан үйдү сакташты,
Ал ишке булар машыккан.

Иш болду ылдам ойдо жок,
Мончоктоп жамгыр шорголоп.
Кетик тиш балдар эшиктен,
Киришти үйгө корголоп.

Үй ээси түнгө камынып,
Арча оту улуу жагылып.
Моймолжуп отту тиктедик,
Малчынын тонун жамынып.

Уй мөөрөп, койлор маарады,
Кирүүгө үйгө да даабады.
Ташпиекке түшүп заматта,
Табы ысык күндү каалады.

Жүдөбөс мында жан барбы,
От гана жалгыз шаңданды.
Каратып бизди кыш түшүп,
Ак жаан карга айланды.

Үй ээси жүрдү кар күрөп,
Кысылып согуп ар жүрөк.
Оронуп калың жуурканды,
Ойлошту качан таң сүрөт?

Биз келсек кечээ акактап,
Кар каптап, жерди апаппак.
Кечээги көпкөк Кулдамбес,
Бүгүнкүнү кар каптап.

Жаныбыз сезди салкынды,
Жадырап жайнап жан тынды.
Тамылжып жүздөр күлкүдөн,
Тамаша узак айтылды.

Турдук да сыртка жөнөдүк,
Жайдары нурга бөлөнүп.
Кабар жок жааган ак кардан,
Кулдамбес турду көгөрүп.

Өтсө да мезгил канчалык,
Өзгөчө көркү байкалып.
Жароокер жайлоо Кулдамбес
Жадымда турат жайкалып.

## ЫЙМАН ЖӨНҮНДӨ ЭКИ ООЗ СӨЗ

Ыйман жанып тамылжып беттеринен,
Ыйман чыкпай күн-түнү эстеринен.
Омок болчу элине кыргыз балдар,
Окуп жатат мусулман мектебинен.

Диге бекем тагдыры чырмалышып,
Дитин коюп көп окуп кыйналышып.
Бузулбастан пейили тунук бойдон,
Булар адам болушат ыйманы ысык.

Бара-бара сыналып биргелешип,
Бара жатат бой керип ирденишип.
Ызат-урмат көрсөтүп улууларга,
Ыйба кылып астейдил ийменишип.

Ата-энеге өз жүгүн артпайт булар,
Ата Журтка өмүрүн сарптайт булар.
Алсыз жетим-жесирге, боор оорушуп,
Ар адамды ардактап, барктайт булар.

Булар шарап даамын таттоочулар,
Каяша айтып, карыны какпоочулар.
Адам деген ысымды актоочулар,
Акыйкатты курандай сактоочулар.

Ыйман – ыйык өмүрдүн ачкычы да,
Ыйман – ар бир адамдын бактысы да.
Ыймандуулук – илимдин жакшысы да,
Ыймандуулук – илимдин башкысы да.

## ТЕСПЕ ТАРТЫП, ТЕҢИРГЕ ЖАКЫН БОЛДУМ

Ал айтса көнүп берип нары болдум,
Ал каалап турганынын баары болдум.
Каяша айта албадым тагдырыма,
Кары бол деп айтканын кары болдум.

Кантмекмин, карылыкка кайыл болдум,
Кантмекмин, карыларга айыл кондум.
Кежигем кер тартса да, кетенчиктеп
Келсе да кырчын болгум, шайыр болгум.

Баарыга тагдыр бакыт сеппейт тура,
Өмүрүн көптүн ченеп, чектейт тура.
Багынып анын катуу өкүмүнө,
Баары эле карылыкка жетпейт тура.

Карылык азаптуу экен, ардактуу экен,
Ийниңден баскан жүгү салмактуу экен.
Сарсанаа, убайымы көп болсо да,
Сабырдуу, сарамжалдуу, санжаптуу экен.

Бассам да карыларча баскан кезим,
Сүйлөсөм карыча сөз айткан кезим.
Бөлөнүп кыргызымдын урматына,
Карылык наамымды актап жаткан кезим.

# ӨТКӨН КҮНДӨН БИР ҮЗҮМ

Кыштын күнү. Дабан Далбаевичтин жасалгалуу үйү. Эшиктен төргө жайылган көк, кызыл шырдак, шырдак үстүндө кара көрпө көлдөлөң. Аюу талпак жаткан эле. Үйдүн түндүк жак дубалына толтура чоң килем тартылып, килем башындагы мыкка илинген бир суусар, бир калтар чырак жарыгына ого бетер кара-күрөң көрүнөт. Килем тартылган дубалга такай коюлган күмүш кроватта ары кырданып жаткан Дабан ак шейшептүү атлас жуурканды серпип таштап, семиз көкүрөгү дагдайып ачык. Жагылган таш көмүрдүн табына үй ичи ысык. Деги Дабан түнкүсүн кыйналып уктайт. Үйдүн ысыгынан бекен, же аша тоюп алганынанбы, эшилген курсагын сылап, улам оодарылып чабалактап чыгат. Мындай түндөрү бул үйдүн казан-аягын кармаган аялды да, өз аялынан бешбетер тынчытпай, бирде муздак суу, бирде бозо, бирде отту тарта жак десе, бирде эшикти ачкыла деп түйшүккө салат. Үйдөн чырак өчүрбөйт. Мына бүгүн да чырак өчпөй, чабалактап жатып араң уктады. Үй ичинде бир чырактын жарыгы, бир Дабандын коңуругу. Бир маалда терезе тырстырс чертилди. Төшөктөн баш көтөрө калган аял кулакдар. Терезе кайра чертилди тырс-тырс. Демин ичине тартып аял:

– Бул ким ыя? Тыштан жооп болгон жок. Кишинин дабышы терезеден эшик жакка өттү эми, эшик кагылды.

– Бул ким дейм ыя? Каалгадан кишинин басыңкы үнү чыкты.

– Аксакал керек эле...

Мына ушундан кийин гана аял эрин ойготууга батынды. Аны карысынан акырын тартып унчукту:

– Ойгон, ойгончу, эшикте бирөө...

Дабан адегенде уйкусурап жатты:

– Мм, бар нары дейм!

Аялы далай машакаттан өтүп жатып араң ойготту. Далбаев төшөктөн башын көтөрбөй каалганы карап барк этти:

– Кимсиң ой сен.

– Менмин. – Бирөөнүн корулдаган үнү угулду каалгадан.

Төшөктөн башын жулуп алган Дабанды көрдү аялы. Аялдын көзүнө ал ушул аялды тыштан үн салган адамды сөгүнүп киреби деген кыязда. Анын пейили ошондой болчу. Келгендин жер-жебирине жетип айдап ийчү. Кандай итсиң мен өзүң дегенге чейин барчу. Кулакка жагымсыз сөздөр куюлуп турчу. Эмнегедир азыр анте албады. Үнсүз турду заматка? Жанагы үн каалгадан:

– Менмин дейм! Ачпайсыңбы.

Көөдөнгө таш ыргыткандай колдураган бул үн, Далбаевди кекеткендей тааныш үн, бирок ким экенин буйдаланып, ажырата албай жатты. Ким эле бул өзүнөн бетер таң калып турган аялын тиктеп, уйкусуроонун ортосунда каалга жакка тумшук шилтеди.

– Ач!

Лып этип туруп аял эшикти ачып жиберип, өзү саал кетенчиктей калды. Ачылган эшикти далдая тосуп кирип келаткан кишинин зор денеси көрүндү. Адегенде бу кишинин күпүйгөн эски ичигинин жакасы көрүндү. Саксайган жакасы менен оозу-мурдун тумчулап алган анын көзү гана жылт-жулт этет. Башында боз тумагы бар экен, кулакчынын түшүрүп бекем байланып алыптыр. Бутунда килейген боз чокой. Эшик ачкан аялды гана олуй карап төшөктөн жаңы турган Дабанга да анчалык көңүл бурган жок. Тек үй ичине көз чаптырды. Бу кишинин келгени бул үйдөн чоң шек санаган түрү бар болчу. Дабан төшөгүнөн обдулган бойдон отурду. Үй ичинде өзгө жан жоктугуна көзү жеткен мына бул беймарал конок тумагынын кулакчынын чечти да үпүгөн колдорун куушура кармалады. – Ии – деди мейман, тиши Дабанды басып жыгылчудай аны карай колун сунуп, амансыңбы, таанybай турасыңбы? Мунун колдураган үнүн аралаш, куушура колун кармаганда аныктап көрдү өңүн. Түпөктүү найзадай муруттуу, мурду ороктой каңшаарлуу кишинин кызарган көзү урунду Далбаевге. Көгарт, Көгарт – деп алды ичинен. Далбаевдин оозуна кишиден мурун белдин аты келди. Анын көзүнө бул кишиден мурун бел көрүндү. Ушу

тапта так ушу Далбаевдин ичиндегисин көрүп тургандай күтүлбөгөн конок минтип унчукту.

«Ачында жеген ашыңды тогунда унутпа» деген кеп бар эмеспи мырза? Унутпаган чыгаарсыз Көгарт ашуусун.

Дабан Далбаевичтин жүрөгү түрсүлдөдү. Дени калтырап тула-боюнан муздак тер кеткенин өзү сезбей турду. Бир гана буту-колу муздап баратканын бир оокумда баамдады. Көгарт. Бул атчан эмес беле. Капкара терге чөмүлгөн аты солкулдап бөйрөк кагып, бул жүткүнө теминип, Көгартка чыгып бара жаткан. Таң сүрүп келатты эле го. Бул ошол таң сүрүп келе жаткан жакты кылчак карап, элеңдеп чочуп жаткан, кылчак карап. Ооба, бул ошол таң сүргөн тараптан бирөө кууп келе жаткандай сезип качып үрөйү учуп келаткан. Атынын туягынан чымчык «пыр-р» этип учса, бирөө тизгиндеп алгандай селт этип, жалбыракты шыбыратып тескейден элик качса топ атчан тууралдан чыгып алдын тосчудай апкаарып келе жатпады беле. Аңгыча тээ бийиктен караан көрдү бул. Тээ булутка жармашкан туу белде – касаба мөңгү жаткан. Белдин үстүндө бел болуп саргыч-киргил касаба мөңгүгө ак шырыктай сайылып жаткан кашка жолдо бирөө бар. Анын бери түшүп келатканын же ары чыгып баратканын, атчан экенин же жөө экенин айрый алган жок адегенде. Бул шашканынан, коркконунан атынын башын шарт бура жаздап токтоду. Бул кайра тартып, чыңк ылдый качса да тигил көрүп турат. Антпей илгери бара берсе алдында. Не кылаарын билбей аттын башын тартып тура калды. Ошо тиги караандан көзү өттү. Бир аздан кийин ал караанды даана көрдү. Атчан жөөсүн айра таанырды. Жөө экен, декилдеп бери түшүп келатат. Атын энтиктирип бетте турган муну ал да көргөндөй болду. Мунун чырымтал дени зиркиреп алды. Эмнегедир тили оозуна батпай, тамагы кургап барат. Ошо тиги караан куду муну тике мандайынан качырып келаткандай шаштысы кетип, жанын сыйпалады. Жан чөнтөгүнөн колуна маки урунду. Атасы бир тай берип жасаткан күмүш макиси. Агыш көгүлтүр анын

сабына мунун аты арапча жазылган белги эле. Арап тамгасы менен жазылган эстелик болчу. Дагы бир нерселерди сыйпалап жатты. Эки көзү тиги, муну карай түшүп келаткан карааанда. Колу куржунга урунду, куржунда мылтык турган. Бир оокумда өзүнө жакындап келген кишини көрдү. Ал чоң киши эмес, бала экен. Монтойгон бала жетип-жетпей салам берди.

– Ии агай, кайдан келе жататсыз?

– Тияктан – деп күңк этип койду атчан.

Бул окуянын түйүнүнүн чечилиши абдан оор. Дабан Далбаевдин документи мындайча. Дабан Далбаев өтө учка жеткен, чириген чоң байдын уулу болгон. Баласы туулганда эле, учка чыккан устага араб тамгасында маки (чапзалга) буюртуп мындайча жаздырган (Дооранмурат уулу). Бул өзүнүн накта документи эле. Алиги окуядан кийин Дабан Далбаевге которулган. Үйгө капыстан кирип келген кызыл көз конок окуянын башында Дабанды суракка алган. Эй, ыймансыз, тилиң барбы сенин. Бешиктен белиң чыкпай жатып эр өлтүрдүң. Айт-айт дейм. Байке, кагылайын байке... Жалгыз элем,жан соога. Кызыл көз сүрдүү киши баланын жанына келип бүткөн боюн сыйпалап көрүп текшерди. Дартыңды жашырсаң өлүм ашкере кылат деген сөз бекеринен айтылган эмес. А сени жашырам деп өзүм капканга түшкүдөй алым жок. Кыңыр иш кырк жылда босо да билинет. Кагылайын байке – деп калтырап турду бала. Антсем эле кара оозума кан толсун. Жаштайымда жайрайын антсем. Ушу тапта атынын ыйык жалынан колун тартып алган сүрдүү киши белди, жолду дагы бир жолу айланта карады. Келаткан, бараткан киши каранын көзүнө илиндикпи деген күмөн бар эле анда «Көгарт» ашуусу али бош экен. Бул экөөнөн өзгө кыбыр эткен жан көрүнбөйт. Кызыл көз киши маңдайындагы уланга колун кезеди: Сен аяк баскан жериңен былк этчү болбо. А эгер былк этсең ушундан төмөн калпактай учасың. Киши муну айтты да өзү жогору чыгып баратты. Өз мылтыгын таянган калыбында. Кийик өңгөн мергендей капталдап бараткан кишиден көз айырбай карап тура берди берегиулан. Ал киши туптуура ушул уландын тээ жогору

жолдогу атына барды да аны бери жетелеп келатты. Кайра өз ордуна уландын жанына келген киши аттагы бөктөрүлүү куржунду аңтарып, томкоруп кош ооз мылтыкты алды. Баса, адегенде мунун колуна кундагы жок кош ооз келди. Төш жарыгына стволду серейтип кармаган киши маңдайында турган бу жарак ээсин карап койду. Куржунга кайра кол салып, кундагын тапты. Стволду кундакка шап аштай салган тээ таш башындагы арчаны мээлеп көрдү. Машанын үстүндө дүрбүсү да бар экен. Дүрбүнүн ичинен октой учтуу кароол көрүндү. Кароолдон көзүн алып, айланта кармаган мылтыктын аты-жөнүн айтып койду. Марал тура жанга өлчөлү, мыкты жарак. Жарым чакырым жерден кароолго илингенди куткарбайт. Чындыгында бул киши атагандай ушу мылтыктын дүрбүсүнүн асты, ок жатагынын эки бетине чөгөрүлгөн маралдын, бугунун сүрөтү бар эле. Эки беттеги токойлуу тоо. Бир бетинен марал, экинчи бетинен бугу мөөрөп турат. Мылтыктын кундагы жыгачтан эмес пилдин сөөгүнөн жасалган тунук чулу. Жанга өлчөлү жарак деди дагы бир жолу. Муну өзүңө калтырам. Бул дайым өзүң менен болсун.

– Эмне кармап турасың! – деди бул киши береги уландын колунда жанатан бери жүргөн билетти көргөзүп. – Кат жаныңа. Бул мындан ары сенин жаның ушу билет. Сен башкага албас жерге так ошол билет алып кирет. Сен мындан ары Далбай уулу Дабансың. Комсомолсуң уктуңбу?.. Унут өз аты-жөнүңдү, уктуңбу?

Кибиңдеген көзүн мына бу кызыл көз кишиден албай калтыраган колу менен билетти койнуна катып жаткан бала башын ийкеңдетип турду.

– А сенин атаң асан чакырып койгон атың мына менин жанымда калды. Көрдүңбү.

Минткен киши жан чөнтөгүндөгү күмүш макини (чарапзалды) береги ээсине бир көрсөтүп кайра салды. Бул экөө «Көгарттын» айрылышында турганда күн али эрте эле. Ашуу жолунда как эткен карга, кук эткен кузгун жок. Тоо башынан жаңы келе жаткан эле. Дабан Далбаевич төшөгүнөн обдулган бойдон атып турду үн-сөзсүз. Ал мынабу бет маңдайындагы улгайган кишинин өңүнөн мурун

үнүн таанып койду. Көгарт, Көгарт ашуусундагы кекээр үн!..

Ии-и тааныбай турасыңбы? «Көгартты» унуткан эмес-тирсиң мырза. Бул үн ошо Көгарт тоолорунун арасынан чыккандай мунун кулагына коңгуроо каккандай угула берди. – Тур – деди кескин түрдө улгайган киши буюруп, сүйлөшө турган сөз бар. Катының чыгып кетсин. Төшөгүнөн обдулган бойдон эсинен танып турган эрине бир, береги капыстан келген улгайган конокко бир карап таңыркап турган эле ушу тапта мынабу аял. Эри мына бу коноктун буйругун аткарды:

– Бар!

Ага туюк гана күңк этип, тышка чык дегендей тум-шук шилтеди. Ошентти да өзү кийингиче шашып жатты. Көйнөгүн тапса, шымын таппай, шымын тапса, күрмөсүн таппай темселеген Дубан кыйлага күйпөлөктөдү. А тиги мейман болсо төркү сандыкка жөлөнгөн калыбында мал-дашты бек урунуп күрсүйүп беймарал олтурат. Оор жүк ташып аткандай күшүлдөгөн Дабан Далбаевич карбалас-тап калды. – Отур! – деди аны тооруй караган мейман, өз жанынан орун көрсөтүп.

– Ии, абалың кандай?

– Дурус – деп гана күңк этти.

– А менин абалым начар, – деди мейман. – Көрүп турбайсыңбы, мен качып жүрөм. Уулум экөөбүз. Ал ас-керден, мен жумушчудан качып жүрөм. Келме кезек де-ген ушул, мырзам. Сен качып, жан соогалап жаныңды оозуңа тиштеп ыйлаганда, жаныңды мен алып калгам. Көз жашыңды мен аарчыгам. Мына мындай күркүрөгөн Дабан Далбаевич кылгам.

Үн-сөзсүз анын жанында олтурган Дабан Далбаевич-тин таманынан үрккөн дүркүрөк төбөсүнө чыкты. Мына бу кишинин ошондогу тостойгон кызыл көзү азыр ого бе-тер канталай түшүптүр. Көзүндө заар, сөзүндө кадимки кээри бар. Суукта калып саал кардыга түшкөнү болбосо үндүн кекээри кадимкидей.

– Экөөбүздүн тагдырыбызды айрылгыс кылып ошо «Көгарт» ашуусу кие байлап таштабады беле. Өрүштөгү

малды, баштагы дөөлөттү кедей-кембагалдарга алдырып мен да саа окшоп качып жүрөм. Ошондо билсең. Хи... Мен кедей болгондо ошо жетим бала менен кошо көмбөйт белем, ошо «Көгарт» ашуусуна сенин багыңа ошо бечара жетим себепчи болгон.

Дабан Далбаевичтин көзүнөн кетпей турду тизилип. Айрыкча монтойгон кара баланын жүзү. Ата-энемди басмачылар өлтүрүп кетти дегени. Көмкөрөсүнөн сулап калган баланын көк чолок пальтосу, анын далысынан көрүнгөн жүгөрүдөй тешик, анын буралган башы, кан куюлуп жаткан оозу...

– Өткөн ишке салабат. Ошол минутада сага жан керек болгон... А мага бүгүн жардам керек... Баш калкалап алдыңа келип турганымды көрүп турасың. Бул тополоң өткөнчө мага азык-түлүк жана жан сактоо үчүн куралжарак керек.

Муну уккан Дабан селт дей түштү:

– Курал керек?

Мейманынын сөзүн чочуй кайталады Дабан.

– Ооба, курал керек, – деп муну теше тиктеди. – Чочуба, сенин жаныңды да курал алып калган. Эми менин жанымды коргоого да курал керек, мырза.

– Кандай курал – деп калды Дабан.

– Мылтык – деди. – Кадимки баягы Көгарт ашуусунан тиги баланы аткан кош оозуң керек.

– Ээ, кокуй – деп алды Дабан жанагыдан бетер чочуп, – анын жоголгону качан.

– Ал жоголбойт, – деди кесе айтып, – ал эч убакта жоголбойт. Аны ошондо алып коймокмун колуңдан, ал кезде сага абдан керек болчу. Ал азыр мага керек. Кептин кыскасы... Бул эртең так ушул маалда кош ооз да, азыктүлүк да даяр болсун, мырза. Азыр алып кетет элем, кош ооз бек жерде экенин билем. Бүгүн убак тар. Кеттим... Зор киши жер таяна обдулду. Үй ичин бүт басып калчудай турбаң-турбаң алп көлөкө аны менен кошо туруп, там үстүн ары аңтара салчудай калдая тиреп баратты.

# ЖОЛДО

Каалгага тийгенде башым жарылып, кашка тишим омкорулуп кетиптир жана оозум толо түшкөн кан ошонуку тура. Жараатым жөнүндө Кочкордогу доктурдан күбөлүк алдым да райондук чоңдорго кирейин деген оюм бошко чыкты. Бул убакта баары тышта өндүрүштө сыртта контордо эч ким жок экен. Анын үстүнө бир-эки курдай айтылган датым, көрөбүз, текшеребиз менен майнапсыз калган. Андай болушуна дагы эле ушул Дабан Далбаевич себепкер го дейм. Чынында бу тапта менин он арызымды анын бир ооз сөзү дымын чыгарбай коюшка кубаты бар.

Өткөндү баары ушул азыр ээк алдыман көрүнүп, айлам куруду.Кайда барсаң мамайдын көрү! Кайда барсам Дабан Далбаевичтин сөзүн кубаттаган айрым адамдар көз алдымда. Айланасындагы эр бүлөнү алыска узатып жайыкышы жол карап бозоруп турган кочкордун боз токол тамдарынын арасында мен да бозала болуп телмирип жүрдүм. О, Теңир, шорумду качан арылтаар экенсиң?! Жана бир жолу арызданууга бел байладым. Тиги борборду карай жөнөгөнү турам. Жол тартаар маалымда балдарымды кайрылып көрүүгө убактым болбоду. Кагылайын чүрпөлөрүм, менин жарылган башымды, омкорулган тишимди да көргөзө албадым. Аларга бул кейпимдин кажети жок болчу. Мага ушул кордукту көрсөткөн Далбаевди өмүр бою жек көрүшмөк. Бардык дараметимди тишиме бекем кармап кадам шилтөөдөмүн. Жок, мен өлбөйм! Чүрпөлөрүмдү жетим калтырбайм. Жанымды жанчып ооруткан жерлерим унутта калгандай өзүмдү өзүм соорotуп келем. Уюган жоон саным бутумду бастырбай жилигим зыркырап кичине болсо да, арам алгым келет. Караңгы түн болчо кайдан табылмак андай ылымта. Аңгыча боз чап эмес мүрзөгө кабылдым. Көп киши мүрзөдөн чочуйт ко, а мен өлгөнүм тирилгендей сүйүнүп кеттим. Эптеп маанектөөгө аракеттендим. Өзүмө өзүм дем берип, ии ошент, бүлбүл жанган чиркин көңүл жылуулукту издегенсийт. Бүрүшүп олтурган мени бирөө желкемен түртүп

катуу унчуккандай болду. Тур-тур бул жерде тоңуп өлүп калааарыңды түшүнсөң боло... Мында өлүктөр гана жатат. А сен тирүү кишисиң го!.. Кулагыма үн жаңырып, анын бирөө боюмду балкытып өнтөлөгөн көңүлүм. Экинчиси боюмду чыйралтып тигинтип жекирип турган кайратым!.. Акыры кайрат жеңип, жумшак көңүлдү боюман желпий салды да, жалгыз өзү калды. Бу тапта бейиттер менен аралашып бүрүшүп олтурган мен атып турдум да кайратыма сүйөнүп, коргондон тышка атып чыктым. Чын эле мен тирүү кишимин го. Тирүүнүн жолу түгөнбөйт. Белимди катуу тартып курчандым ээн талаа бойлоп кете бердим. Баарынан да жыртык чокойдун азабы жанга батты. Согончогуман кирген бир нерсе жанымды чыдатпайт. Акыры токтоп аны карасам кичине жарака таш экен, алып таштап жаным тынды. Мен басып баратам, басып баратам, кыймылдаганым менен бир эле орунда жүргөнсүйүм! Тобокел, бет алган жагыма кете бердим. Үч күн жатса бир жерде көр болсо да үйүр алат дегендей. Ой, тобо адамдын жаны дегенге көңүл бурбаган жаным азыр баарысына макул болгондой. Коркконумбу же кайраттанганымбы, билбейм. Көз ачып-жумганча алдыман жер жарылып кеткендей болдум. Күп дей түшкөнүмдү бир билем. Андан кийинкиси эс-учумда жок, бир оокумда көзүмдү ачсам көгөргөн асман толо жылдыз. О, Теңир эми эмне болот быягы. Карга-кузгунга жем болсун дедиңби? О, кагылайын чүрпөлөрүм, көрбөй калат окшойм силерди. Бүт кайратымды топтоп, аңдыган ажал менен да, азапка салган тагдыр менен да кармашып көрөйүн деп турам көңүл өргө айдаганы менен аягым былк этер түрү жок. Сөөктөрүм кыймылдатсаң, быты-чыты чыкчудай белим түк, мени кыймылдаба дагы бир аз чыда, коё бергиси жок. Бел кырчоомон сыздаткан оору көөдөнүмө жакындап жан таппас жакындагансыйт. Чай кайнамга жетпей, үзүлүп кетчүдөймүн. Жанымды оозума тиштеп, жер таяндым. Балдарымдын атын атап, оо, жарыктарым! Тула-боюм калтырап, денем өзүмдүкү эмес жерге жарык кириптир. Жолдон бир боорукер жолугуп, машинасына салып алган экен аны да бил-

бейм. О, бир оокумда, кулагыма дабыш угулгансыйт: – Жылыдыңызбы? Эс алдыңызбы бир аз?

Көзүмдү ачтым. Таң аппак атыптыр. Жанымдагы кишинин бакырайган чоң көзү мени карап туруптур. Адегенде бук кишинин чоң көзү, бийик кабагы, үксөйгөн кашы гана көрүндү. Көгала сакалдуу курагы алтымыштан ашкандай, сүйлөйүн дейм дарман жок. Оозум кымтууга келбей шалдырап турам. Чүй тарапка жакындаганымды баамдадым. Тонго оронгон калыбымда баш көтөрүүгө аракеттенген кезимде тиги киши оң колумдан жөлөп, отургузду да, оор улутунуп өз ичинде кобурап баратты.

– Көрөөр күнүң бар экен. Дагы бир аз жатканыңда такыр муз болуп тоңуп калмаксың. Бактыңа жаның барында кезигип калдым.

Бу кишинин айтымында түндө мен түшүп кеткен жолдон көп алыс эмес кыян жеп кеткен коо экен. Ошо тушка токтоп машинасына май куюп жатып менин араң жан үнүмдү уга калып, коодон тартып алып тонуна ороп тоңуп бараткан тула-боюмду бир топко жышып олтуруп качан мага жылуулук пайда болгондо тонго ороп машинасына салып келе бериптир, бул Алланын жана ырайымдуу шофердун адамгерчилиги. Мен бир оокумда өзүмө келип жаным жай алган соң жакшынакай кишиге жан-алым калбай, жобурап келатканымда, сөзүмдү токтотту. Менин ал-ахбалыма түшүндү окшойт. Жан чөнтөгүн сыйпалап кагазга оролгон муштумдай болгон бирдемени алып чыкты. Анысы болгону бир сындырым бөлкө экен. Мен өзү жейт ко деп тургам. Искеп оозуна салбастан баарын менин колума карматты.

– Ал өзөгүңдү ойготуп албасаң болбойт.

Эки жаагы шимилип, арык киши өзүнүн да курсагы ач экени байкалып турду. Өзү ооз тийбестен мага минтет.
– Тартынба, тартынбай жеп ал. Үйдөн алган азыгымдын калганы ушул, бул сага насип экен. Мен бүгүн үйгө жетип алам. – Ыя – деп ийдим шашканыман, шаарга кетет окшойсуз. Сүйүнгөнүмөн көзүм жайнай түштү. Тиги боорукер кишиге үйүр ала түшкөндөй болдум. Ай-ай, караң кал-

ган согуш, согуш болбогондо ушундай күн болот беле? Ал эми шопурдун аты Макар экен. Кыргызча тимеле түшүндү жооруйт. Фрунзедеги Макардыкына түшкө жакын кирип келдик. Өзүнөн да башкача кемпири адамгерчиликтүү экен. Өз үйүмдөн да артыкча жаным жыргап, оңуп калдым. Түндө үшүгөн бутум отко күйгөндөй ачышып ыйлаактап чыкса болобу. Бул ахвалымды көргөн үй ээси экөөсү тең үрпөңдөп калышты. Бутумду көрүп туруп дары сыйпап бир апта үйүндө алып турушту. Ак ниет адамдар ай! Эгер сизге жолукпасам эчак  тиги дүйнөдө болмокмун. Ушул мезгилде мага эки ой пайда болду. Бири тезирээк арыздануу! Экинчиси, Дабандын жактоочуларына жолугуп каламбы деген коркунуч. Жадап бүткөн жүрөк кантсин. Балдарым болсо жөнө апа, жөнө эми, артыңда биз барбыз. Шордуу сени кай жазыгың үчүн кордойт. Артыңда эл бар, мына биз барбыз го. Акыйкаттан танба! Акыйкат акыры бир күнү жеңет. Макар да акыл айткандай болду. Ал оозеки даттанууну туура көрдү. Мен да ага макул болдум. Мен Жогорку Советтин кабыл алуу бөлмөсүнө кирген бойдон ары өтө албастан туруп калдым. Тээ төрдө олтурган карасур жигиттин ыманы ысык көрүнүп, анын жылуу-жумшак сөзү тула боюмду жибитти. Адегенде бир аз мокоп аптыга түшкөнүм болбосо ал жигитке оюмдагынын баарысын төгүп кирдим. Алдына мени мурун көрүп билгендей ичи-коюнума кирген жигит ар бир сөзүн «апа» деп баштап, өз баламдай ызат кылды да бүгүн председателге өзү баштап кирмек болду. Апа сиздейлердин сөзүн угууга олтурабыз, эч тартынбаңыз. Ал кишиге да толук оюңузду калтырбай айтып бериңиз. Адам өзүнөн өзү корунган азап тура. Жаман тонумду илгичке илип жеңилдене түштүм. Эми иттин башындай эчки чокоюм менен береги чоктой кызыл килемди кантип басып өтөм деп убайымдамын. Мени көрүп турган аксаргыл аял мени эркелете карады да, орусча-кыргызча аралаштыра сүйлөп: Мамаша, чечпесе керек, ничего. Чокоюмду чечкенге ошентти го дедим. Чокоюм килемди басып баратты. Председателдин эшигин ачтык. Мени эле күтүп олтургансыган ак жуумал киши

ачык күндөй жаркыраган босогодон тосуп жөлөп-таяп, колтуктап өз жанына олтургузду. – Ко-ош келиңиз! Келиңиз! Көңүлүмдү жубатып да, жибитип да салды. Мен өзүмчө жүдөп нары сүрдөп, боюм калтырап оозума кеп келбей турган абалдамын. Менин оозумдан чыкканымды угуп ката кетирбей тыңшап, ынтаа коюп, оюңда эмне максат болсо, калтырбай баарын төк дегендей, мен болсо эч нерсе койбой баарын айткандай болом! Акырында жашып кеттим. Кагылайын ай. Жамандасам жакшылык көрбөйүн. Иттин гана күчүгүндөй чубурган балдарың дегенин угуп туруп жүрөгүм таарып кетти. Он баланын энеси, ошончо малдын ээси элем. Кымындайымдан эл арасында өстүм, мал ортосунда телчиктим. Эми кантип гана олтуруп калар экенмин! Тыякта күн күйүп согушта жүрсө, эр бүлө, жаным барында анте албайм, эл көргөндү көрөм, эл менен кошо болом деген тилегим.

– Сабыр этиңиз, апа. Сиздин мээнетиңизди ташка чыгарууга эч кимдин акысы жок. Малыңыз өз колуңузда болот. Сиз балдарыңыз, малыңыз менен сыймыктуусуз. Кеңеш бийлиги турганда сизди эч ким кемсинте албайт! Эмгегиңиздин үзүрүн өзүңүз көрөсүз... Муну айтып сабырдуу аксаргыл киши жалооруп эркелете карап, менин жүзүмдү жаркытып, карып көөнүмү чалкытып жиберди. Ырас Кеңеш бийлиги качан да болсо менин кебимди сүйлөп, мени кордогон кишимди кууп кегимди алып берет. Адилет замандын адилдигинен айланайын. Ушул азыр өрөпкүп, сөз таппай турам. Жүрөгү калган киши курусун. Дале болсо Дабан Далбаевичтин карамагына барыштан ичиркенип кетем. Ушул мээримдүү, боорукер кишинин алдынан кетким келбейт. Балдарымды ойлосом учуп жетким бар. Эми байбиче бейгам болуң. Бардыгы сиз айткандай болот. Мени абдан курсант кылып жолго салды...

## КЫШТООГО ЖАЗ КЕЛГЕНДЕ

Көкүрөгүм толо ачуу ыза, көзүм толо жаш алып кирип, койнум толо кубаныч көтөрүп, маңдайым жарыла сүйүнүп чыктым. Көк зоодой бийик үй алдындагы көк жалтаң аянт жанагыдан да кеңейип, жанагыдан да тазарып мелтиреп. Күн чайыттай ачык экен. Маңдайымда жаркырап күлүп турган күндөн уялып көзүмдү жуумп жибериптирмин. Анан кантейин, далайдан бери мындай ачык күндү көрө элекмин. Ары-бери карагыча болгон жок, аяк алдыма жалт-жулт эткен машина токтоду да, эшиги ачылды: – Апа, түшүңүз. Кочкорго жеткирем. Оозум ачылып эле түштүм. Чын айтабы же? Ичине түшмөк түгүл мындай машинаны көргөнүм... Жоо баягы жылы Калпа өлчүдө анын кызы Күкөн бир минип барганын көрүп, айылапабыз менен жарданып кетер-кеткенче сонуркабадык беле. Анан эми мен?.. Ушинтип кубанычта турганымда мени сыйлаган ак жуумал кишинин айтканы эми келди. Үйүңүзгө бүгүн жетесиз, балдарыңызды бүгүн көрөсүз деген эле. Көрсө, ушу тура айтканы келди. Жол зымырап машина алга учуп бараткансыйт. Балалыкта көргөн түшүмдөй кубанычта бараткансыйм. Кой жайып жүргөн тоолорум, мага жакындагандай токсон тогуз күлүк ойдун арасында толкундап келе жаттым. Кыялдай учкан машина Кочкор айылына келип калганын да байкабай калыпмын. Шофер мени карап күлүңдөп койду:

– Мына апа, жеттик. Эми мына муну балдарыңызга... Ал мага бир чоң ак таңгак кучактатты. Оюмда эч нерсе жок олтургам, аптыга түшүп андан сурадым:

– Мунуңуз эмне, кагылайын. Кимдики бул?

– Сиздики апа, сиздин балдарга өкмөт тарабынан берилген белек-бечкек экен.

Колум даап ала албай турдум.

– Кой айланайын. Өзүңдүкү окшойт, баягынын үстүнө белек алгыдай мен... Кылган жакшылыктары жетер мага. Өлкөңөр өссүн... Албайм мен муну минтип көшөрлөнсөм болбой кучактатып салды.

– Балдарыңызга өкмөттүн жардамы бу?.. Ар кимдин тилегени жакшылык ко.

Бул айылдагы мага ак тилектештер, комсомол колдоп тосуп алышты. Койнум толо сүйүнүч менен түшкөнүм баарын курсант кылгандай. Ата, кайран эме... Ишке жараган турбайсыңбы. Ал көпкөн арамдын айыбын ырас ачыпсың. Жерен болсоң доңуз дөбөгө чыгат деген тура. Жеке мага гана эмес баарыбыз түгөл. Мүдөөбүзгө жеткендей сүйүнүчүбүздү айта көрбө... Алар мага берерге эч нерсе таппай алакташат. Колумдагы өкмөт берген сыйлыкты да ортого салып баарына көрсөттүм. Мына бөлгүлө баарын. Бул түгөнбөс ырыскы болмок беле. Тең бөлгөндү Теңирим сүйөт. Мен силер менен тилегиме жетип жүрөм. Таңгактагы шириндиктен баары ооз тийишип калганын балдардын кийим-кечеси тура дешип албай коюшту. Бул оңбогон жанагы жанкечти Дабан мындай бей-бечараны кордоп жатпайбы. Ушул замандын калыстыгынан айланса болот.

О, пендезат, өмүрдө кубаныч деген кандай рахат. Үйдү көздөй өр таянган сайын табына келген күлүктөй лепилдеп, таним кызып жана түшкөн машинамдан да тез келаткансыйм. Тез жетип балдарыма тандырдан үзгөн ысык нандай кубанычымды колдоруна карматкым келе, оо эне деген аа. Таш короомдун жанында таш кепем көрүндү. Баарынан мурун иттер жыт алып, эки дөбөтүм алдыман шыйпаңдап тосо чыгышты. Иттердин үнүн уккан балдарым, тоо башынан аңкилдек атып чуркап келатышат. Өздөрүнөн мурун үндөрү жетти мага. Апа-а! Апаке-е, келдиңизби, апаке! Балдарым үйгө киргизбей басып калышты. Алар сүйүнгөнүнөн чуркурап ыйлап да жүрүшөт. Бети-башымды ач күчүктөй аймалашып ороп кетишти. Балдардан бетер бышаңдап Алыйман! Оозуна кеп кирбейт, – ой деги аман барсыңарбы, я! А, өлүксүз болду, болду эми! Мал-жаныңар текши аман экен. Эл-журттан атаганат айланса болот, жакшы санагандар тез-тез келип, жан-дили менен жардам берип турушуптур. Мал-жаны аман апасынын келгенине, асмандагы ай жакындап келгендей болбой калышты. Телегейдин мурун кыйналган күндөрү тарт-

кан азап-тозоктору эстен чыгып кеткендей, Теңирге шүгүрчүлүк келтирип, барган жеринен чекеси жылып олтурган эле, аңгыча эшикте иттер тынбай үрүп, ойноп жүргөн бала-чакалар жабыла үйгө кирип келишти. Апа, чоочун кишилер келатат. Жүрөгүм шуу дей түштү, деле баягы эски жараат эске түшөт. Дабандын капшабы угулгансыйт. Баягы менин арызымды караган жогорку советтеги карасур жигит Ильяс көрүндү. Мен шашылганымдан аптыгып учурашууга алдастап калдым. Ильяс тиги жерде жолуккандай эле балдарымды эркелетип. Оо, мына биздин апа! И-и, айланайын татына балдар тура. Ильяс өзү келбептир, жанында кычырап жасанган ак саргыл орус кыз балдарымдын арасында жүрөт. Оой, милинькие мои – деп балдардын колуна момпосуй кармата койгонун көрүп калдым. Балдарымдын сүйүнгөнүн айта көрбө. Ии, келгиле кагылайындар. Бирок заматта өзгөрүлүп кеттим. Кара чаар ак жыландын куйругун басып алгандай бүткөн боюм дүр дей түштү. Булардын арасында Дабан Далбаевич кошо жүрөт. Аны көрүп шордуу жаным бирөө шыргалаң суу чачып жибергендей ичиркене түштүм. Эң кичине бөбөгүмдүн оозун өз жигериндей көрүп аарчыганына жашып кеттим, кантейин. Бир оокумда кана олтуруңуз, апа, отургула балдар. Ильяс менен сары кыз баарыбызды катар тизип жанына жакын отургузуп, бир чекеден атын сурап кирди. – Атың ким сенин? – Аттокур. Оо, апанын атын токуй турган баласы тура. Ошентип балдардын көөнүн көтөрүп жобурашып атат. Жакында согуш басылат, атаңар үйгө келет. Сиздер чоңоёсуңар, мектепке барасыңар, баары ойдогудай болот. Жанатан бери эч бир сөзгө аралашпай кабагы бүркөө олтурган директорду Ильяс теше тиктеди. – Дабан Далбаевич көрдүңүзбү, Телегей апанын абалын, бул бечара жөндөн-жөн арызданган эмес. Кулак менен уккан жалган, ал эми көз менен көргөн чын дегендей, мына баары ачыктан-ачык. Көзүбүз менен көрүп турабыз. Бу кишиге баарыбыз күбөбүз, уктуңузбу. Бирок бул аял өзү жалаакор деп келатканда шарт сөзүн бузуп койду. Сизди билебиз. Азыр баары айтылбадыбы. Жалаа-

ны кийин далилдейсиз. Ага чейин береги кызыл чиедей балдар майып болбосун. Мына азыр бүгүндөн калбай ун-талкан жана керектүү нерселерди жеткириңиз. Анан, оо кокуй күн, бул үй эмес эле үңкүр го. Бул тапта жербейген кепени төбөсү менен тирей тура калган Ильяс. Анын саландап түшүп кетчүдөй болгон үстүн көргөзө сүйлөдү. Эгер буларды бүт бойдон басып калса эмне болот. Убалы кимге, тез арада жылуу үйгө киргизилсин. Ильястын салмактуу буйругуна Дабан дың дей алган жок. Жепирейген кепени, кепе турсун балдарымды көрмөксөн болуп, мени болсо итирейип көзүнүн чокусу менен караган ал сурдаган боюнча сыртка чыкты. Ильястын бир айткан сөзүнө макул болгондой береги ак саргыл кызды шынаарлап алган балдарым жанынан такыр чыккысы жок. Балдарга дагы бир жолу жалбарып, ананайындарым, кичинекейлерим кошкула. Биз дагы айланып келебиз, буюрса. Балдарым эч оюна келбеген ырайымдуу кишилерди узатып, быйтыйган кичине колдорун көтөрүп узатышты. Жаз белгиси келгендей айлана-чөйрө көзгө сүйкүм көрүнөт.

## ШЕКТҮҮ СҮЙҮНҮЧ

Тиги атчан келаткан кишини жакындаганда гана тааныдым. Тааныганым менен көзүмө суук көрүнүп, чочуп кеттим. Бул баягы менден коюмду өткөзүп алам деп келген жумгалдык жаңы тууган. Мени Дабанга аябай сабаткан да ушул болчу. Бул капыр жакшылык менен жүрчү эмес эле? Дагы эмне болээ болуп кетти экен деп шексинип турганымда, ырсая күлгөн тигил мага жетпей жатып үн салды:

– Оо, сүйүнчү, байбиче, сүйүнчү.

Алигинин оозунан ушул сөз чыкканына унабай оозум ачыла түштү да, саамга үнсүз турдум. Маңдайыма чукул жетип келип дагы кайталап сүйүнчү сураганда үн каттым:

– Бо...болсун! Де...ги айтчы, жакшылыкпы, айланайын.

– О, жарыктык, – деди тиги менин сөзүмү жактырбай. – О, анан жамандыкка да сүйүнчү сурачы беле, катыгүн. Бериңиз сүйүнчүмдү.

Мен делдейип кайра сурадым.

– Айтчы айланайын, айтчы деле аянсам кудай урсун.

– О, чалың келди аскерден. Сенин Чолок этегиң.

– Оозуңа май кагылайын. – Карбаластап калдым. Колума эч нерсе урунбады. Башымдагы жүн жоолугумду жулуп алып, тигинин колуна кармата койдум. Үйүмө жеткенче ырым болсун колуң куру болбосун, кармай тур.

Сүйүнчү, ай сүйүнчү. Карып көңүлдү оболоткон тиги минтти мени карай:

– Чалыңызга барасызбы, жокпу?

Жайыттагы койлорду үйгө бет алдырдым да, келген киши менен үйгө келдим. Балдарымды коё кал. Мени жулмалап сүйүнүшүп, чуру-чуу. Атам келиптир ээ, апаке. Дүйшөналы жакага келиптир, жанагы куу тумшукту жиберген тура сүйүнчүгө. Мен жөө-жалаңдап, эң кичинемди көтөрүп экөөнү ээрчитип калгандарын үйгө таштап жөнөп калдым. Бирде артта калып, кайра алдыма өтүп эдиреңдешип, сүйүнүшүп келе атышат. Апа, атамы үйгө алып келебиз ээ. Сүйүнчү айттырганы го жакшы. Санаам санга, оюм онго бөлүнөт. Алты саны аман болсо, кантип чыдап калды экен. Арык, атчан киши менен кошо келип калат эле го? А, түбүң түшкөн согуш. Эл ичинде түрдүүтүмөн сөздөрдү укканбыз. Балдарым эч нерсе менен иши жок атасын гана көргөнгө ашыгышат. Ошентип ой-санаа менен алпурушуп келатып, жакага жетип келдик. Адегенде жолуккан бирөө жарым мени карап коюп өтө беришти. Оо, Телегей тура тур, аман жаттыңбы, балдарың чоңоюп калган тура. Үшүгөн жүрөк курусун ар нерсе ойго келе берет турбайбы. Ой, обу жок десе, кызык турбайсыңбы? Жамандыгы болсо сени сүйүнчүлөп бармак беле. Жакындай калып муң айтты. Ой, ушак ууктурат да, бирөө өтүп бара жатып мындай дегендей болду. Эс-учуна келбей жатат имиш байкуш. Десе дагы бирөө тигил (Дабан) экөө жаңыдан достошкондой, арак менен алпурушуп жатат деген да кеп бар, ошонусу чын болсо керек... Ал анткордун

колунан ар нерсе келет. Армиядан келгендердин баарын сыйлайт имиш ко?.. Тигил тамдын жанына жетип калганымда жардап турган эл: – Коё бергиле, Телегейди Чолок этегинин үстүнө кирсин. Тилге келе элек ко Чолок этек. Тилге кирбесе да, катынына көргөзбөйсүңөрбү. Боорумдагы баламды сыга кучактап босогодон өтө бергенимде капшытта жаткан боз шинелченге көзүм урунду. Көмкөрөсүнөн жаткан, кулачы эки жакка жайылып, оозунан шилекейи куюлуп, көзү жумулуу, өңү купкуу. Дүйшөналы экенин анык тааныдым да башына отура калып буркурап жибердим:

– О, Кудай ай, бул эмне деген шумдугуң? Кудай, Дүйшөналы. Бизди ушинтип кууратмак белең Дүйшөналы? Уулум да мага кошулуп чыңырып жатат.

– Атаке, атакебай эмне болду сага?

Боорумдагы баламды коё коюп, нары-бери оодарам. Колу-буту шарактап дым чыкпайт. Эчак эле үзүлүп кеткен түрү бар. Жер-сууну бузуп бакырып жаттым. – Кудаай! О Кудай! Быяктагы көргөн кордугум аз беле. Кудай, оо Дүйшөналы. Ушунча балдар менен мени кайсы талаага таштадың. Кур дегенде көзүңдү кичине ачсаң боло, о шордуу башым!.. Кара көзүмдүн кашайганы ушулбу. Менден бешбетер эс тарткан уулум да үнү басылбай боздоп атат. – Атаке-бай! Атаке-е! Дүйшөналынын бул жерге кандай келгенин, кандай жеткенин, бул жерге эмне болуп турганын биле элекмин. Мындай болуп эс-учун билбей сулк жатышынын себеби эмнеде? Буга бирөө бирдеме берип ушундай кылдыбы деген күдүк ойлор чубап турду. Айланамдагылардын добушу угулгансыйт.

– Кой, Телегей. Койчу, кичине сабыр кылчы. Эс алып калар өзүңдү кармасаң болот. Мындай тургулачы, жардабай. Кулак түрсөм бир сары тончон көгала сакал чал кирип келе жаткан экен. Ал түз өтүп Дүйшөналынын жанына келди да, башын бийик жаздатып, билегин кармады да колтугуна кол салып, адегенде оң билегин, андан соң сол билегин кармалады... Кудай сактасын мунун күрөө тамыры жакшы, дагы бир аз жата турсун. Телегей жакка

бурулуп, коркпо... Бу Чолок этектин өзүнөн да өтүп калгандай. Жанагы оңбогон Дабандын жанынан чыкпай оролошуп калды эле. Көп кордук көрүп ал жакта жүрүп, каны жок арык неме күнү-түнү ичсе. А көрө доктурга киши кетти бекен? Аңгыча доктур да келди. Баары-жогун текшерип, дары-дармегин толук берип, чочубагыла, ичирип койгон тура ашыкча ошонуку эле.

Түн да кирди, самандай өңүбүз саргарып отурабыз. Жанагы сөздү уккандан кийин деректирди көрсөм бетине жаба түкүрүп, тимеле колуна өлүп бергим келип турат. Зорго келген бечараны, өлтүрмөй болгон экен. Үйүнө барып таппадым, жок дайынсыз. Түн ортосунан оой бергенде сулк жаткан Дүйшөналыга жан кирип кыймылдай түштү. Андан көзүбүздү албай олтурган биз тигиге жабыша калдык. А Кудай, тирилди. Ай, Дүйшөкө, Дүйшөкө. Атакебай, Ата. Уулум, экөөбүздүн үнүбүз аны тирилткендей болду. Ыкшалып, ыкшалып олтуруп, ордунан туруп, оор үшкүрүп жиберди. Үшкүрүгү таш жарат. Ыйлап-сыктап көрүшкөн биз ал түнү уктабай таңды атырдык. Дүйшөналы эс-учун билбей жыгылган, үй дүкөнчүнүн үйү экен. Дабан дарегин билгизбей жылып кеткен.

## ЧАГЫМ

Дүйшөналы Балыкчыдан түшкөн жүк ташуучу машина райондун кап ортосуна жеткирди. Аскер кийимчен ал өзүнө тааныш бирөө-жарымды карамалайт. Ошол учурда чоң мекемеден чыгып келаткан Дабан Далбаевич бетмебет чыга түшөт. Болгондо да өз совхозунун директору. Дүйшөналы кубанып кетип, айрыкча бала-чакасын өтө сагынган эле.

– Ой, ассалом алейкум, Дабан Далбаевич.

– О, алейкум асс... – деп келатып токтогон Дабан Дүйшөналыны таанныбай тургандай делдее түшүп, аздан кийин өзгүн өөдө көтөрүп учурашты. – Ой, сен Чолок, ой-ой Дүйшөналысыңбы, ыя? Ой-бой, аман-эсен келдиңби? Качан келип калдың?

– Азыр эле машинадан түштүм. Эл-журт аманбы Дабан Далбаевич? Адегенде менин бала-чакам, кемпирим – деп келатканда ар жагын айттырбады.

– Баары тегиз, аман, үй-бүлөңөн кам санаба, баары жакшы тынч. Мал-алы менен кадимкидей тоодо.

Дүйшөналынын асты-үстүнө түшө калып, жалооругансып:

– Сиздердин аман-эсен келип калганыңар биз үчүн чоң олжо! Силер жок бул жерде көргүлүктү көрдүк. Мурункудан азгын көрүндү го.

Тигинин ичи-койнуна кирип, мамилеси дурустай. Директорго көз чаптырган Дүйшөналы кыйын күндөрдүн белгиси буган да тийгендей байкалат. Согуш, жокчулук. Ырас болбодубу, жүр эми, анын ой-боюна койбой ашканага баштап кирип бойпостоп чоң стакандарга мелтилдетип арак куйдуруп, кыстай берди. Тиги ынтыгып Дабан Далбаевич мен ачкарынмын, оозума наар тата элекмин дегенине болбой таалайлуу азамат экенсиң, баарынан да аман-эсен келгениңди айтсаң. Аны башка сүйлөткөн жок. Киндик кан тамган жерге келгенге кудай десең. Дүйшөналынын айласы түгөнүп, тигинин алдында бөйпөндөп калды. Алдындагыны тартып жиберди. Дагы кайталанды. Арык киши заматта колго түштү. Жер-суу, баары көчүп, көзү алачакмак, дендароо боло баштады. Сен келдиң, менин ишим оң. Механизация жагынан коркпойм. Эми мындай ээ Дүйшөкө, катынга күнүң түшпөсүн, сенден жашырып не кылам. Дүйшөналы эки сөзүнүн бири эле бала-чакам дей берди. Сагынган да кургур! Дабан аны кагып койду бала-чака, бала-чака алар өз күнүн көрөт сен өз ден соолугуңду ойло, уктуңбу? Мас немени болбой үйүнө алып кетти. Үйүнүн босогосун аттаар менен катынын шаштырып: – Ой, бол, казан ас. Эт сал, бол. Дасторкон жайылган соң, тигил жердеги ичкендеги сөзүн улай баштады. Катын жөнүндө айттым го, кийинки күндөрү сенин Тегелейиң да бузукулардын тилине кирип, мени менен аябай элдешкис жоо болуп кетсе болобу? Мен сени жакшы көргөндөн гана айтып жатам муну. Аялдар менен иштөө

тозоктун барып турган анык өзү экен. Мен согушту эле каалап жүрдүм эле, аскер кызматын жакшы көрчүмүн. Ушул азаптан көрө ошол жакта жүргөнүм оң болмок деп анткорлонду. Бул жерге да адам керек деп жибербей коюшту Дүйшөке. Менин башыман өткөн кыйынчылыгымды азыр алдыңа төккөнү турам, уксаң. Телегей бузукулардын тилине уугуп, мага тим эле ажаандай асылып сени жок кылам, деректир десе болобу? Аял киши да, анын үстүнө сени көп сыйладым – деп анткорлонду. Чактап караласачы, түгөнгөн катының. Акыры ишим ак экен, минтип өзүң да келип калдың. Өзүңдөн өтүнүч-сураныч катыныңды тый, аке. Өчөштүктү коёлу да,өз оокатыбызды кылалы. Бирок мен сени жамандыкка алып барбайм. Бул жигиттик сөзүм. Дабандын кулагына куюп, муютуп берилип айтканына көңгөнсүдү. Өз ичинен анткорго алдангысы келип турду. Экөөнү элдештирүүгө убада бергенсиди.

– Болуптур, Дабан Далбаевич! Ал эми аял эмеспи, эми аны сиз да кечирип коёрсуз. Кепти алыстан баштап, Дүйшөналыны өзүнө уютуп алган Дабан Телегейди бул жаман эри тындыраарына көзү жеткен соң:

– Э-эй, Дүйшөкө, мен кечирбегенде, мунуңу небак аягын өзүң билесиң го, менин кимдигимди. А мен айтсам сен кечирбессиң. Аялыңдын кылыгын…

– Жо-жоо, айтыңыз Дабан Далбаевич, айтыңыз.

– Катын баарыбызда бар, катын деген эркек көрүнсө эле көзү өтүп… Сенин Телегейиң да…

Дүйшөналынын жүрөгү зыр дей түшүп, тула-бою чымырады. Аракка ууланган көзү ачылып, манжалары калчылдап, жүрөгү дүк-дүк сокконсуду.

– Ии, – дегенден башка оозунан сөз чыкпай эс-мас.

– Капкаяктагы качкын-бозгундар менен байланышып, ушундай ыплас иштерге барды. Телегейдин асты-үстүнө түшүп мактап, бир короо койду бөлүп айдап бара жаткан жеринен колго түшпөдүбү биздин кишилерге. Анда да катыныңа сенин урматың үчүн бир ооз жаман сөз айтууга дитим барбады. Көп кептин ордуна Дүйшөналы тоюп бүттү. Анын көзүнө тигил мөлтүлдөп турган арактан жуткусу гана келет.

– Ичеличи Дабан Далбаевич!

Мейманынын биротоло аракка ууланганына көзү жеткен Дабан андан аракты аябады. Ичире да берди, ушакты соктура да берди... Катын курусун ушундай Дүйшөкө. Темтеңдеген тиги арык киши шу...уш-шу... ы-ррыс-пы... ыыя? Эшикти карай жулунду. Аа-таңын... Аз-зырр... ал-ал катт-тынн-ды... жуттт... тамм!.. Кк-коё бер-р... Коё берр... дейм... Оозунан ак көбүк атып жулунган Дүйшөналыны тышка чыгарып жиберген Дабан үйдүн эшигин илип алды да, терезесинен карап турат. Оозуна эмне кирсе, ошону айтып баратты... Ээ, капырай, мынабу... – Ой, бул баягы Чолок этекпи, ыя? – Ал согушта эле го? Ошол эле карасаң тигине-тигине. Койчу ал болсо кутуруп келген го, ал мас ко, ким муну ушунчалык ичирди экен. Аң-таң болду көргөндөр Дүйшөналыга. Анда-мында гана балдарына жалынып өөп койгону болбосо мага такыр үн катпайт. Өзүнүн кечээги чалды-куйду иштерине осол болуп арманы ичин ачыштырып ойго салып койгондой, өзүнө өзү айыптуудай. Далбаевдин чагымын кайра-кайра ойлонуп, өзүн өзү ичинде абдан жемелөөдө. Кантээр экен деп мен да үн катпадым да бир күнү мага эмне болду, сен кимди коркуткуң келет? Же өзүндүн аман келгениңе шүгүрчүлүк кылбастан, безирейесиң? А мен мында жанымды оозума тиштеп согуштан качкан көркоолор менен күрөшүп нелерди гана көрбөдүм. Менин мындагы көргөн кордуктарыма саресеп салдыңбы? Сен жанагы арагын шимирип ичкен жексур деректириң менен кандай кармашканым менен кабарың барбы? Же мени чындап тааныбай турасыңбы? Олойгон кемпир деп, быякка мени карачы? Бетимдеги тырык-бырыктар кайдан болду дебейсиңби? Тиги көркоо деректирден койлорду колумдан чыгарбайм деп бардык кордугуна чыдап, арызданып жүрүп көктүгүмдөн эңсегениме жеттим. Балдарыңды сактайм деп ушул акывалга туш болдум. Көркоо деректирге айта турган сөздү сага да айткым келип турат. Ушундай иштер өттү баштан! Түнөрүп, үңкүйүп олтурган Дүйшөналы мени башкача тиктеп селдейип туруп калды. Каңырыгы түтөп жалоо-

руп мага жалдырап кечирим сурагандай шөмтүрөп, бардык айып өзүмдө байбиче. Бузукунун тилине кирбейин эле дейсиң, анан кантип адашып кеткениңди билбей калат турбайсыңбы. Баса, ушунча мөмүрө-чөбүрө менен жашап келип, бири-бирибизге карасанатайлык иш жасасак, Кудай үстүбүздө турбайбы. Байбиче мен сага, жыгылыш туумун. Ал мага жанаша олтура маңдайыман сылап, күлүмсүрөп сөзүн улай берди. – Байкушум, пешенеңдин бырышын карачы. Мен тыякка кетээрде чачың көмүрдөй, көзүң чолпондой жайнаган, бетиңен каның тамган жылдыздуу кыпкызыл аял элең. Эми мына алардын белгиси өчүп, чачыңды бубак чалып, кебетеңе кичи боор ооруй турган болуп, оо соолгон гана согуш. Кечир, байбиче...

## КАНЫШБЕК КҮҮСҮ КАЙДАН ЧЫККАН

Сакемдин көзү тирүүсүндө мага айткан аманаты эле. Салибай Шатмановдун көзү өткөндөн кийинки окуя. Ушу сунушумду эске ала жүр деген эле. Эмесе, ошол аманатка кулак төшөңүздөр. Китебиңе киргизип койсоң да болот. Ал төмөндөгүчө. Анын ата-теги тарыхчы-санжырачы Сабыр Аттокуровдун санжыра китеби боюнча. 1995-жыл.

### Саруу

Саруудан Көнөк, Көнөктөн Кара тал, Кара-Талдан Тубай, Тубайдан Тагайберди, Тагайбердиден Айтамга (Жамантай), Айтамгадан Баркы (уруктун аты), Баркыдан Жабай, Жабайдан Конгайты, Конгайтыдан Кызыроо, Кызыроодон Надырбек, Надырбектен Нарбото, Нарботодон Эсенгул, Эсенгулдан Калмырза, Калмырзадан Субан, Субандан Шабданкул (Шатман асырап, багып алган атам), Шабданкулдан – Салибай, Салибайдан Замира, Талантбек (Кунанбай) кайран балам Карагул абамдын көзү тийип мурт кеткен, Гүлбадам, Азизбек, Улукбек, Татигүл,

Айтолкун, Назигүл, Рысбек, (Канжарбек чарчап калган), Айтамгам кийинки байбичемен. Эми баарына кулак төшөгүлө. Алдын-ала айтып эле коёюн.

Канышбек менин түпкү энем. Баркы бийдин келини. Жабайдын зайыбы. Ал эми Баркыбий деген ким? Баркы Таластагы саруу уруусунун баш бийи болгон. Баркы Саруудан бери карай санаганда 7-муунга кирет. Ал эми менден ары эсептегенде менин онунчу атам болуп чыга келет. Биздин уругубуз да Баркы деп аталат. Биз билген бүгүнкү күндө Таластын баш-аягына белгилүү болгон. Баркы Арык дегендин өзү эле айтып тургандай – Советтин тушунда да Баркы-Арык с/совети деп аталып келген. Баркы бий болуп турган кезинде, чоң уулу Кабайга Беш-Таштын оозундагы берендерди кыз тандап алып берген. Талас өрөөнү кең келет эмеспи, ал убакта элдин эрки бөлөкчө. Айылдын адамдары обочорook чыгып алышып эртеден-кечке өткөн-кеткенден кеп салышып олтуруп күн кечкиртишчү, ошондой күндөрдүн биринде Кабай атасы көтөрүп киргизген ак өргөөгө келсе, аялы улагада таяктын өзүнө бейшептеп олтурганын көзү көрүп калат. Жигит башка чапкандай артына бурулуп кетет да ошол бойдон келинчегине карабай коёт. Кабай муну катуу кабыл алды. Кечирбеди. Канышбектин жаңылыштыгы – жаштыгы, али ак үлпүнчөктөгү ачыла элек жаш келин ушунча аксакалкөксакалды көзүнө албай чак түштө тиги идишке бейшептеп олтурганы эмнеси дегендей ушул ишке барат. Арадан күндөр өтө берет. Бир күнү Баркы бийдин түшүнө келини кирет. Бир эмчегин жолборс ээмп, бир эмчегин бөрү ээмп жатканын көрөт. Кыраакы киши өзүнчө мындайча жоруйт. Келиним удаа эки уул төрөйт экен. Бири жолборс, бири бөрү болуп чыгат экен, колдон келсе бул келинди кармап гана калуу керек. Ошол замат Кабайды чакырып көргөн түшүн айтып, көндүрүүгө аракет жасайт. Аракетинен майнап чыкпайт. Кабай карарып такыр болбойт. Айласы кеткен атасы, анда мындай кылам. Көңүлүңө албасаң келинди Жаабайга нике кыйдырамын дейт. Ошентип Кабайы тирүү туруп эле келинди Жабайга нике кый-

дырат. Болду балам, айтканга көнбөдүң, өзүңө өзүң кылдың дөөлөттү колдон чыгарып иидиң, эми кайра кайрылбайт. Болгон оомат-дөөлөт Жабайга өтүп кетти. Мындан ары сенин улуулугуңду сыйлап, аш-тойдо гана айтың калат. Ошол гана улуу уулуна абдан өкүнгөн экен кайран киши. Баркы бийдин акылман кеңеши эл оозунда айтылып кала берет экен. Мен өзүм көрүп-билгенден, кечээ жакынга чейин эле Кабайдан тараган очок туугандардын маараакеси токтоп турчу, карачы касиети кандай! Дагы бир варианты эстен чыкпасын. Алла мындай деген жери бар. Бакыт башы бакмакка, көтү токмокко. Жогоруда айтылган сөздү карачы тигил итаякка сийген жаман келинге буюруп калганын карабайсыңбы? Мына ата назарын карачы? Тиги жамандан туулган эки бала экөөбү тең өрт чыгып баарына башчы болот. Ал эми Кабайдын балдары ашкеби болуп кала берет. Мына ушундай бакыт деген. Пайгамбардай Баркы бийдин айткандарында калет жок экен.

Жаман Жаабайдын Конгайтысы Баркы бийдин өзүн тартып, ал эми Шанеги Кетмен-Төбөнүн бир ыптасына чейин бийлик жүргүзөт. Мынакей назар деген. Жаабайдын жолборсу менен бөрүсү ойроттон туулган эр болуп ордолуу элди былк эттирбей башкарып өтөт. Жанагы эри чанган жаман катын Канышбек экен. Жаабай менин 9-атам. Баары тегеренип келип эле Канышбек күүсүнө келип талмак!.. Анда эмесе күнүн жаралыш тарыхына бир-эки ооз токтоло кетели. Быягы, Анжыян Аксыдан, тиягы Ат-Башы, Нарындан тартып ортодон Кетмен-Төбө, Талас колу куушуп кирип калмактарды катуу сүрүп бараткanda Таластан айтылуу «Канышбек» мырзайым жалаң келин-кыздардан курап жоого аттанат. Жоонун бир капталын эңшерип кирип кызыл кыргын түшүрөт. Алдыда каршылашар жоо жок болгон соң, атынын башын бура тартып, артына караса, жер жайнаган эрдин өлүгү көзүнө көрүнөт. «Качкан жоону катын жеңет» деген сөз ошондон калат. Бул оомат ар дайым боло бербейт. Бул Алланын иши!.. Буларды карап турган, алыстан жашырынып калмактын

кыраакы, сынчысы болот экен. Жанындагы качып, өлгөндөн калган калмактарга кайрылып, мындай дейт. Көрдүңбү, тигил ат үстүндө турган кол башчыны колун жаңсап көрсөтө берип, бул эркек эмес, зайып киши. Зайып киши табиятынан назик да, боорукер да болот. Душманын да боору ооруп карап турганын карачы, өтө ырайымдуулукка келип кейип турат. Каарынан өтө кайта түшүптүр бошошуп. Анын үстүнө колу да аз эле калгандай... Катындан качкан калмактарга тез жеткиле. Кайрадан калгандары топтолуп келсин! Жоо колун байкатпай курчоого алып кол башчыны колго түшүрсүн тез-тез. Бир зайыптын башын кыя чапкандан атак албайт калмактар... Кабарды уккан калмактар кыйрагандан, өлгөндөн калганы топтолуп бейкут турушкан. Кол башчы – Канышбекти тирүүлөй колго түшүрүшөт. Ошондо Канышбек кыргыз элине минтип кабар айттырган деген айтылуу сөздүн учугу уланып келүүдө.

Көрөңгөлүү Көкүмгө айт,
Көп саруудан Бешимге айт.
Күрөң аттуу Күржүгө айт,
Ай туяктуу Арзыга айт.

Чагылгандай түз тийген,
Жазыксыз эле бир жүргөн
Жаман да болсо Жабайга айт.

Боз ингенден айрылып,
Боз тайлак чөптү чандаса.
Канатынан кайрылып,
Канышбек кетти калмакка.

Кылымга кыргыз кеп болоор,
Куткарып кызын албаса.
Күйүттө калаар Канышбек,
Күң катын болуп калмакка.

«Канышбек» күүсүнүн кыскача мааниси мына ушундай. Бул күү кыргыз радиосунун алтын казынасына 1960-жылдардын башында Алымкул төкмө акындын айтымында жазылып алыныптыр. Кезек-кезек берилип да жүрөт. Кыргыздын эски күүлөрүнүн бири катары эсептеп ага эч ким көңүл бурбайт. Албетте, канчалаган замандардын күршар түшкөн агымында көмүлүп калбастан, биздин күнгө чейин жетип келген бул күүдө катылып жүргөн салмактуу сыр бар экендиги көпкө маалым. Бул сөздүн учугу. Кийинки муундарга жетүүсү абдан зарыл. Чындыкка жакын, тагыраак айтканда, унутулгус чоң мурас десе да болот. Анткени карачы жогорудагы кабар анын эбегейсиз зор атакты кармап турганы көзгө далил көрүнүп турат. Эр Табылды, Жаныш-Байыш сыяктуу эрдик көрсөткөнү айрыкча ургаачы затына туу катары көтөрсө боло тургандай. Андай болбосо кара таандай, уй түгүндөй түтөгөн көп калмакты кантип жеңмек эле. Бул темага абдан чоң аракет жасоо керек?! Бул тарыхка тамга баскандай жаңы белги болгону турат түшүнгөнгө. Эскини унутсаң жаңыны жоготконуң деген мааниде. Кыргыз тарыхын өйдөлөтүп байыткан болот элек. Биз кыргыз кыздарынын эрдиги дегенде эле Жаңыл мырзадан баштайбыз да андан ары такалып туруп калабыз, мына бар экен го «Канышбек». Анткени кызыкпайбыз, болбосо мунун Жаңыл мырзадан айырмасы жоктой экен го! Экөөбү тең эле жоо сайып эрдик көрсөтүп жатпайбызбы, биздин бечелдигибиз ушул жерде байкалып турат. Мына бул жерде кызыгы турат чындыкты айтуудан эмнеге тартынабыз, билбеймин. Бүгүнкү күндө бир артист кемпирди баатыр кылып алдык. Кайсы арыбызга, мисалы Канышбек сыяктуу кара башын өлүмгө байлап, анан шаштысы кеткенде калмакка колго түшүп кеткенине маани бербейбиз. Канышбектин айлап айтса түгөнгүс, арман асирети, Канышбектин жүлүн-жүлүнүңө жетип эриткен керемет күүсү күбө болуп турбайбы? Кыргыз күүлөрүн негиздөөчүсү Кайбылда уулу Асандын «Күү баяны» деген китебинде (2000-жыл, 285–292-бет) Канышбек күүсүнө кеңири орун берилген.

Анда күүнүн кандайча жаралгандыгы тууралуу пикирлер бар, нечен кылымдан бери оодон-оозго айтылып келген. Бирөөдөн бирөө угат. Ал дагы бирөөнө айтат. Ал ошентип кошумчаланып олтуруп бир нукка түшөт. «Канышбектей» күү жаралат. Күү ныпым жалганы жок чындыктан гана жаралат. Баркы уруусунун энеси болгон Канышбек күүсүнө болгон калкыбызга жеткиликтүү болуш үчүн Аксы–Таластан уккан билгендеримди көптөн көкүрөккө сактап жүрүп, бүгүн ушул макаланы жазып олтурам. «Канышбек» күүсү кайдан чыккан деген түйүндүү суроонун чечилишине аздыр-көптүр жардамы тиер деген үмүт бар!..

# УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТУН ЖАНА СОЦИАЛИСТТИК ЭМГЕКТИН БААТЫРЛАРЫ

## СУЗАК РАЙОНУ

### Абдукадыров Абдурашид

Өз иши турса да ашып-ташып,
Өзүмчүлдү жек көрчү араздашып.
Азаматтын бири эле анык өзү,
Абдукадыр уулу Абдурашид.

Эл-жеринен бөлүнүп көчүү кыйын,
Эл сынынан экчелип өтүү кыйын.
Атпай журтка эмгеги билинбесе,
Атуулу болуп атакка жетүү кыйын.

Атуулу эле чыныгы Абдурашид,
Алыс сапар аттанды ажырашып.
Атак-даңкка ээ болду ал азамат,
Арстандай жоо менен салгылашып.

Баатыр жигит баалады элин кыргызды,
Төшүн тосуп ДЗОТко ал гранатын ыргытты.
Асыл жанды аябастан азамат,
Төшкө такты Баатыр алтын жылдызды.

## Абдукаримов Абдымавлян

Эл ичинде пенделер көп сандаган,
Эл мүдөөсүн таназарга албаган.
Эр экен деп эл кадырлап баалаган,
Ардактуу Абдукаримов Абдумавлян.

Ким айтпайт анын санатын,
Гүлдөтсө дайым пахта талаасын.
Эзелтен эр жигиттин атын чыгарган,
Эмгек тура айтмакчы адам баласын.

Элим десе эки билек түрүнгөн,
Эл ишине эрте туруп жүгүргөн.
Абдумавлян ал пахтазар устаты,
Атпай журттун ардактуу уулу күжүрмөн.

Кийингени шайы, шалпар кырмызы,
Кырманына кырдай үйгөн ырысты.
Кызматынан алган ардак белгиси,
Төшүндөгү Баатыр орден жылдызы.

## Алимов Сали

Эр жигиттин колу гүл – дейт,
Ак сарайда анын эккен багы көп.
Атпай журтта азаматтын бири ушул,
Сырттан жигит сыланган Сали Алимов.

Элим десе эңилген,
Журтум десе жулунган.
Эр жигиттин бири ушул,
Эл уулу болуп туулган.

Жаштайынан жалпыга аралашкан,
Жалтанбастан көп ишке каралашкан.

Калк уулу деп мени ким айтат,
Кыйындыкта бир ишке жарабасам.

Элге жакты эр жигиттин эмгеги,
Мээнет кылып элине пешенеси тердеди.
Атпай журттун алкышына арзыды,
Азаматтын алганынан да бергени.

Ак эмгектен гүлдөп өстү эл-жери,
Ал мелдеште эч кимге өнөк бербеди.
Атуул деген белгиси эмей эмине,
Ага күбө жигитке алтын жылдыз ордени.

## Мамарасулов Сабиткул

Чындыгында бактысы элдин чыгаан уул,
Атпай журттун ариети анык бул.
Солдаттыкка арыз берип аттанган,
Мына мен деп Мамарасулов Сабиткул.

Батыш жакта жаткан эле өрт күйүп,
Чекти бузуп душман кирген өчүгүп.
Байкатпастан келген жоону көргөндө,
Совет эли сыр берген жок өкүнүп.

Сабиткул да солдатка келип кошулду,
Милдет турат алды жакта орчундуу.
Катар турат бүт кыйындар тандалып,
Мына мен деп кыргыз уулу кол сунду.

Молодец деп командири кубанып,
Армиянын ар намысы чыңалып.
Андай жерде алга умтулуу жигиттик,
Өткүр уул алдыга өттү сыналып.

Сабиткулдун каны-жаны кыргызда,
Бабам Манас, ар намысым кыргызда.

Катар-катар танка алдына бой таштап,
Асылжанды арнады ал кыргызга.

Туйгун жигит көп төрөлсүн кыргызда,
Арстан жигит калды артында бир нуска.
Жогоруда командири чест берип,
Анык эрдик арзыйт алтын жылдызга.

**Абдраимов Көчкөнбай**

Согуш убак тынчы кетип элимдин,
Күлгө айланды көз уялткан эчен жай.
Ачы район Алмалуу деген колхоздо,
Эмгектенди эл катары Көчкөнбай.

Абал оор армия элдин тиреги,
Жеңиш күтүү жумурай журт тилеги.
Колхоз малын жакшы асырап Көчкөнбай,
Алмалууну атак-даңкка бөлөдү.

Он тубар бээ ондон кулун өстүрдү,
Чарба жагын жакшы шартка жеткирди.
Ар жыл сайын асыл тукум мал өсүп,
Күлүк жылкы армияга жетилди.

Ар бир жанга катуу милдет тагылды,
Армия үчүн аянба эл баарынды.
Абдраимов Көчкөнбайдай атуулу,
Алкыш алып алтын жылдыз тагынды.

**Керимов Сейит**

Кенен айыл, кең дөөлөт,
Кеп кылсаң эли бейиш да.
Ачыла туулуп-өскөн да ал,
Керимдин уулу Сейит да.

Чекене колхоз Ачы оозунда алмалуу,
Жайыт кенен жайлоо сымал ар жагы.
Чарба десе ашын таштай коюшат,
Ой тилеги мал өстүрүп жан багуу.

Керим чал да белге кемер курчанган,
Ал жерде жок үйдө жатып тынч алган.
Тигилерден кем каламбы дегенсип,
Атаандашы алда үйүр жылкы алган.

Малым десе келбейт чалдын уйкусу,
Өрөөндө оттоп, өргүп жатат жылкысы.
Мал баккандын баары эле бирдей эмес,
Сыланкороз сыпаа болот жылкычы.

Обочодон ээлеп алган булуңду,
Эмгекчилдин дайым иши жугумдуу.
Ойрон чалдын ойлогон иши оң келип,
Он бээсинен өстүрдү он кулунду.

Асырасаң колдо өстүргөн малыңды,
Ак эмгегиң ачат дайым багыңды.
Сейит чал да тигилерден кем калбай,
Атак-даңктуу алтын орден тагынды.

## Крикун Василий

Василий бул орустардын кулуну,
Ал сыйлачу кичүүнү да, улууну.
Шайыр эле жолукканды күлдүргөн,
Жакшы жагы көп эле го жугумдуу.

Кас душманга Кыргызстандан аттанган,
Көсөм эле көргөн адам жалтанган.
Кан майданда Василий өзүн көрсөтүп,
Кыраан уул катуу милдет аткарган.

Согуш мезгил согуш керек немисти,
Мындагы эл такты бизге көп ишти.
Мен Советтин солдатымын жалтанбас,
Жоону жеңип алуум керек жеңишти.

Ал азамат кечип өттү жалынды,
Арсыз душман аргасыздан багынды.
Василий жак чоң жеңишке ээ болуп,
Баатыр деген алтын орден тагынды.

## Тайгараев Тукубай

Кызыр дайым жөлөп жүрөт жакшы элди,
Шабданбайга Теңир өзү бак берди.
Казак болуп жүргөн эле Тукубай,
Кайрып аны өз элине алып келди.

Көркоо душман канын төгүп көп элди,
Көз көрбөсүн согуш деген жексенди.
Тополондо Баатыр тукум адашып,
Шакем аны Москвадан таап келди.

Кан Манастын урпагы да ал жигит,
Карапайым калкыбызда тең өскөн.
Көркоолорго кош гранат ыргытып,
Кан майданда кыраандыгын көрсөткөн.

Туйгун туулган Тайгараев Тукубай,
Ушар эле уядан куш кармаган учурбай.
Жетимиш эки өнөрдүн ээси болчу,
Тарыхы анын кыскачасы ушундай.

Басып өттү түтөп турган жалынды,
Эл-жер үчүн аянбайм деп жанымды.
Кыргыздын бир туйгуну Тукубай,
Төшүнө анын алтын жылдыз тагылды.

## Азимов Розь

Кыргызстанда кыраандар көп санасаң,
Тизмектесең күн кечкирип таң аткан.
Аалам жүзүн таңдандырган эрдиги,
Москвадан өткөн кезде параддан.

Андан бери айды кууп күн өттү,
Арасынан арбын-арбын жыл өттү.
Көөнөрбөстөн, эскирбестен жаркырап,
Кремлде турат анын сүрөтү.

Согуш десең эт жүрөгүң элжирейт,
Жеңиш туусу ар жыл сайын желбирейт.
Миллиондун башы жуткан алаамат,
Ата Мекен ар жыл сайын белгилейт.

Ардактуу уул Азимов Розь,
Даңкка бөлөп ала-тоолук кыргызды.
СССРдин баатыры деген чоң белги,
Төшүндө анын алты орден жылдызы.

## Карымшаков Абдыкадыр

Ачынын жери асылдуу адыр-адыр,
Ак боз үй, ак чатырлуу калың айыл.
Кулундары кутуруп жер чаңыткан,
Кенен киши Карымшаков Абдыкадыр.

Кенен киши кең пейил бапыраган,
Колхоз малын көбөйтүп асыраган.
Кейиш тартып турганда эли-журтуң,
Керек экен ошондой асыл адам.

Көркоо душман эл-жерге жабыр кылуу,
Жеңиш күтүү бир гана сабыр кылуу.
Согуш деген алаамат жүзүкара,
Армияга аянбай жардам кылуу.

Абдыкадыр жылкы өстүрөт күрсүлдөп,
Аскер башчы сылап-сыйпап минсин – деп.
Армияга аргымак камдап жатам,
Аз болсо да эмгегимди билсин – деп.

Абдыкадыр жылкычы эмгеги элге билинди,
Алмалууда аксакал көп күйүмдүү.
Асыл эмгек атак-даңкка жеткирип,
Аксакалдын төшүнө алтын жылдыз илинди.

**Матиев Ажымат**

Асыл жигит жаштайынан такшалган,
Атпай журттун таккан ишин аткарган.
Турмуш оор, согуш мезгил жокчулук,
Талап-тоноо тартип жагы сакталган.

Чыгаан жигит көптү баштан өткөргөн,
Журт ишине жуурулушуп көп көргөн.
Турмуш деген адамзаттын сыноосу,
Бирде толуп, бирде ылдыйлап бөксөргөн.

Акыл айтып айылдагы жаштарды,
Ынтымактуу бир болууга башкарды.
Ар бир ишке акыл бөлүп өзүнчө,
Арзый турган көп милдетти аткарды.

Байкоо салып коомдук иш жагына,
Көптүн мүлкүн көздүн кырын салууда.
Ар бир ишке калыс туруп былк этпей
Ыракматын айтчу тегиз баарына.

Калыс жүрүп калтырды ишин кыргызга,
Кара кылды как жаргандан бир нуска.
Калкы сыйлап каалагандын белгиси,
Көкүрөктө турган алтын жылдызда.

### Тешебаев Файзулла

Баалуу-барктуу катардагы сый адам,
Партиянын нанын жеген бул адам.
Түз жүргөндүн белгиси да бул дагы,
Жолуккандын баары тегиз сыйлаган.

Жолукканда жоро-жолдош алдында,
Төрдө олтурат Тешебаев Файзулла.
Урмат-сыйды көргөн менен жеке өзү,
Ой-максаты эмгекчилдин камында.

Партиянын нанын жеген бул адам,
Эч бир жанга кыянаттык кылбаган.
Өзгөнү да өздөй көргөн кең пейил,
Башын ийип баарын тегиз сыйлаган.

Эмгекчилге кызмат этип жашынан,
Атак алды атпай журттун атынан.
Тапшырманы так аткарып Файзулла,
Жогору жакка жолдомо алды жашынан.

Азаматка түркүн милдет багынды,
Жалтанбастан басып өттү жалынды,
Атпай журтка ак эмгеги бааланып,
Төшүнө анын алтын жылдыз тагылды.

### Пионт Денис

Бул азамат бөлөк элдин кулуну,
Кыргыз жери Кыргызстандын тургуну.
Элет жерде бирге ойноп, бир жүрүп,
Көбүм менен болгон эле курбулуу.

Согуш жакка Кыргызстандан жөнөдү,
Көп эле анын кеп-сөз кылчу өнөрү.

Уландарга кошулуп улак тартчу чабандес,
Ал жөнүндө айтылады сөз эми.

Каралга адис, кырк бир эрге тең келген,
Көзгө атаардын өзү болчу кыл мерген.
Тиктегенди ажыраткан тээ ыраактан,
Топ чымчыкты тырп эттирбей кулаткан.

Армияда өзүн өзү өзгөрттү,
Ал душманга алааматты көрсөттү.
Көркоолорду кутурткан ишеничтүү жерине,
Башчы кылып эр Денисти жөнөттү.

Арсыз душман аргасыздан багынды,
Жалындуу эр шарт өчүрдү жалынды.
Анык баатыр ажал менен арбашкан,
Пионт Денис алтын орден тагынды.

## Узденова Мариям

Айран-сүттү агын суудай агызган,
Саанчынын устаты эле Мариям.
Таңдан туруп так аткарып жумушун,
Атактууга ат салышты жаңыдан.

Эл оозунда аялзаттын жакшысы,
Эринбеген эмгек тура башкысы.
Өз милдетин өөдөлөтүп күн сайын,
Алга жылып ачылганы бактысы.

Күндөн күнгө Мариям иши күчөдү,
Көлдөй агып көбөйүүдө сүт эми.
Мариямдан үлгү алгыла баарыңар,
Мактап кирди кол көтөрүп бүт эли.

Ак эмгеги мактоого арзып илинди,
Атак-даңкы ай-ааламга билинди.

Маңдай тердин акыбетин көрүп ал,
Толкунданып толуп ташып сүйүндү.

Мариямга бардык жумуш багынды,
Мамлекеттен алкыш алды жагымдуу.
Аялзаттан анык баатыр ушул – деп,
Ардакталып алтын орден тагынды.

## НООКЕН РАЙОНУ

Жарыш сөзгө чыкканда,
Жалкоонун берчү сазайын.
Активдүү ишмер киши экен,
Абдрайымдын уулу Матайың.

Ата Журт деп ураан көтөргөн,
Алгачкылардан экен абабыз.
Кужурмөн элдин күчүнөн
Гүлгө айланды талаабыз.

Көрсөтүп ишин дапдаана,
Күзгүсү болгон эмгектин.
Жең менен терин шыпырып,
Жеңишке жетчү мелдештен.

Азамат Матай абабыз,
Алга сүрөп кыргызды.
Тизмеде турат тигине
Тагынып алтын жылдызды.

Айтпаган менен болобу,
Караңгы менен жарыкты.
Арбын төл алган коюнан,
Акчабай уулу Маликти.

Ак карда кою жайылган,
Ар дайым семиз багылган.

Ак калпак элдин бир уулу,
Ааламга аты таанылган.

Ак ниет баатыр уулуна,
Алтындын кени казылган.
Москвадай шаарда,
Маликтин аты жазылган.

Урматтап кыргыз уул-кызын,
Унутпай кылган жумушун.
Маликтин таккан төшүнө,
Эмгектин алтын жылдызын.

Падыша тактан кулаган,
Жаңы заман башталып.
Ошол жылы төрөлгөн,
Амадаалыев Мааткалык.

Айтуу кыйын чындыгында ал кездин,
Тополондо жалган-чынын, төгүнүн.
Атпай журтка ак эмгегин арнаптыр,
Мааткалык азамат жашоодогу өмүрүн.

Ал мезгилде көпчүлүк эл сабатсыз,
Кат тааныган жок экени талашсыз.
Күнү-түнү билим жолун үйрөтүп,
Окуш керек эч пайда жок карап биз.

Кандай болот элдин турмуш жыргалы,
Жатса-турса эстен кетпей бүт баары.
Жалпы журттун тагдыры үчүн күрөшкөн,
Мааткалык мына ушундай жылдары.

Мына ушундай күндөр өткөн илгери,
Унутулбайт урмат-сыйы эмгеги.
Күбө болуп жанып турат төшүндө,
Атак-даңкты кадырлаган ордени.

Кыраан жигит калк мүдөөсүн талашып,
Артта калбай алдыңкыга жанашып.
Атпай журттун көп ишине жарады,
Алкыш алып Абдуллажан Казаков.

Өктөм уул өргө тартып буралды,
Эмгек өтөп эл алдында сыналды.
Калк алдында катуу милдет аткарып,
«Кызыл» жибек Эмгек Кызыл Туу алды.

Алкыш алды Абдуллажан калкынан,
Эр жигитти ээрчиди эли артынан.
Ак эмгектен аты угулуп ааламга,
Баатыр деген наам алды жаш улан.

Кыйын тура кыргыз элдин мүнөзү,
Андан бери айды кууп, жыл өттү.
Баатыр орден көкүрөктө жаркылдап,
Арабызда ал абанын сүрөтү.

Бүргөн-шыбак, баскан жерди гүлдөткөн,
Көзгө сүйкүм элибизде ошол жай.
Кара таман калкыбыздын ичинде,
Камкор жигит Кайып уулу Өскөнбай.

Эрте ойгонгон элди-журтту ойлонгон,
Адамзаттан айкөл туулган пенде экен.
Какыр чөлдү пахтазарга айлантты,
Кулач жайып гүлдөп өстү кең мекен.

«Ыңырчак» деген колхоз экен башында,
Ушул элде өнүп-өсүп жетилди.
Тыным албай өжөр жигит ойлонуп,
«Ыңырчакты» ырыстуу элге жеткирди.

Камкордугун калкы баалап түшүндү,
Какырчөлдөн арбын алды түшүмдү.

Көсөм жигит кенен жайып кулачын,
Кол жетпеген көп иштерди бүтүрдү.

Колхоз иши алга жылып жайма-жай,
Толукталып кемтик жери шайма-шай.
Өлкөбүздүн чыныгы баатыр уулу – деп,
Өлбөс-өчпөс атак алган Өскөнбай.

Жароокер айкөл киши экен,
Жалпы элге тийип жардамы.
Мекендин уулу бол дечү,
Мектепке келген балдарды.

Журт чогулган жыйында,
Жетекчи болуп шайланды.
Мыкты активдин бири экен,
Мамасаалынын Калдары.

Жергелүү элге арнады,
Жетимиш жылдык өмүрүн.
«Коммунист» экен чыныгы,
Айтпаган сөздүн төгүнүн.

Эмгекчи элдин чыныгы уул,
Артында калды чоң нуска.
Кылымга аты жазылып,
Кол жетти алтын жылдызга.

Эстелик болду эл-журтка,
Эмгеги менен акылы.
Калк кадырлар Калдарды,
Эмгектин болду Баатыры!

Баатырдын саны көбөйдү,
Мелдештен алып укукту.
Алдыңкыларга ат салып,
«Ариет, намыс» бышытты.

Моюн бурбай жарыштан,
Маңдай тер эмгек курчутту.
Мыктыга кошту ар-намыс,
Мамбеттин уулу Юсупту.

Мен элден неге калам – деп,
Ал барган жерге барам – деп.
Алардан менин эмнем кем,
Кандайча артта калам – деп.

Юсупту сүйрөп акылы,
Эмгеги элге татыды.
Жулунуп Жусуп алга өтүп,
Эмгектин болду Баатыры.

Ордунан туруп таң атпай,
Ордолуу элди танданткан.
Ооматтуу Ноокен бир кызы,
Ногоева Саадаткан.

Атпай журттун белдүү кыз,
Ар-намыс үчүн ат салган.
Бек байлап белин эл үчүн,
Болот ат минип башкарган.

Алгачкылардан болуп ал,
Ай талааны гүлдөткөн.
Арбын түшүм өстүрүп,
Азамат эрди сүрдөнткөн.

Жетимиш ашуун жыл жашап,
Жыргалга бөлөп уул-кызды.
Сан жеткис баатыр өстүрдү,
Саадаттай баатыр нур кызы.

Сөз сүйлөөрдүн алдында,
Суранып дайым кечирим.

Украин элдин уулу эле,
Слюцаренко Петруң.

Эзелтен берки жакшы сөз,
Элиңде калган бир нуска.
Бир тууган болду Пётруң,
Түшүңдү жоруп кыргызча.

Атпай журт деп сөз улап,
Мекеним дечү эл-жерин.
Азамат эрдин бири эле,
Арнаган элге эмгегин.

Бөлөк-бөтөн эмесмин,
Төркүнүм дечү кыргызды.
Түбөлүк эстен чыгарбайм,
Төшүмдө алтын жылдызды.

Азамат эрдин бири экен,
Аккан суудай шарылдап.
Суктанткан далай адамды,
Султандын уулу Кадырмат.

Жыргасын элим көөнү шат,
Арада болбой жакыры.
Ар дайым элдин камында,
Акылман уулдун асылы.

Туу кылып бийик көтөрдү,
Туйгун деп эли кадырлап.
Атак-даңкка бөлөндү,
Атанын уулу Кадырмат.

Азамат эрдин белгиси,
Артында калды бир нуска.
Көзөм элдин чыныгы уул,
Кол жетти алтын жылдызга.

Кара кылды как жарып,
Калтырбай элдин көңүлүн.
Арнаган атпай журтуна,
Алтымыш жылдык өмүрүн.

Советтик доорго туш болду,
Жаш жигиттин жамалы.
Суурулуп чыкты калкынан,
Султаныңдын Камалы.

Баркы кетип бай-манап,
Тоз-тополоң чуулган.
Тандалган элдин жакшысы,
Мыкты чыккан уулдан.

Кедей менен бай-манап,
Керишип турган чак болчу.
Султандын уулу Камалың,
Солкулдап турган жаш болчу.

Акыл оюн токтотуп,
Аралашты заманга.
Эл-жерине баш болуп,
Ээлик тийди Камалга.

Кыжы-кужу көбөйүп,
Кулакка тартуу башталган.
Караны кара, акты ак – деп,
Кайраттуу жигит такшалган.

Оюнан кетпей эл-жери,
Отурса-турса эл – деди.
Адилеттүүлүктүн белгиси,
Төшүндө алтын ордени.

Сүйлөбөй сөздүн төгүнүн,
Сактаган элдин көңүлүн.

Сарптаган Камал калкына,
Сексен жыл ашуун өмүрүн.

Сымаптай сактап жаштыгын,
Сынынан өтүп жакшынын.
Сакчысы болду өмүрдүн,
Сүйөркулов Шамшидин.

Ажал менен арбашып,
Аябай бекем кармашып.
Алыстатты адамдан,
Азгырган дарты жармашып.

Кызматы дайым калк үчүн,
Кыйланын алып алкышын.
Алтындан баалуу иш кылды,
Азамат экен Шамшидин.

Ак калпак элдин врачы,
Ааламга жетти кулачы.
Азамат адис жигитке
Атпай журт тегиз ыраазы!

Алдына келген кишиге,
Ар дайым сылык жагымдуу.
Ак халат кийген эл уулу,
Алтындан жылдыз тагынды.

Көтөрөөр эле көңүлдү,
Колтукташып бир бассаң.
Чыныгы журттун уулу экен,
Жунусалиев Кушназар.

Сыртын салып өтчү – дейт,
Сыйлабай сөздүн төгүнүн.
Сыпаалык менен өткөрдү,
Сексен жыл ашуун өмүрүн.

Осолдугу байкалбай,
Оодарылбай, чайпалбай.
Ордунан чыккан кебинин,
Ооматы болчу элинин!

Түгөнбөйт дечү тоо кенин,
Түркүгү болчу мекендин.
Турмушун элдин ойлонгон,
Туйгуну болчу Ноокендин.

Жарашып аты-затына,
Журтунун жүргөн башында.
Өтүптүр абам дүйнөдөн,
Сексен жети жашында.

Аз эле мындай турмушта,
Атагы калган кыргызда.
Ашепке болбос эле деймн,
Абама алтындан «бюст» тургузса.

Журтунун алып алкышын,
Жулунуп иштеп эчен жыл.
Жалпы элдин жүрдү оозунда,
Жусуптун уулу Эшенкул.

Алдыңкыларга ат салган,
Алгачкылардын бири экен.
Кайраттуу андай жигитке,
Колтугун ачкан кең Мекен.

Калайык-калктын ишине,
Кызыл чок болуп түтөгөн.
Кеменгер, камкор уул экен,
Кемтик жерин бүтөгөн.

Жерде калбайт эмгеги,
Жигиттин андай асылы.

Жусуптун уулу Эшенкул,
Журтунун болду Баатыры.

Жанашып турат Эшенкул,
Жакшылардын атында.
Жеңишке жетти эл уулу,
Жетимиш сегиз жашында.

Эки миң жылдык тарыхта,
Жазылган ата-бабабыз.
Ана ошолордун алдында,
Алиев Эргеш абабыз.

Кыйноону тарткан кыргыз эл,
Кыйын кезең жылдарда.
Кыл көпүрөдөн өткөндөй,
Кыйналып жетти жыргалга.

Олку-солку заманда,
Белине жарак тагылды.
Эр экен Эргеш абабыз
Эл-жерине таанылды.

Кейиштүү ошол күндөрдө,
Күзөтчү ишке ким келди.
Кызматын баалап абамдын,
«Генерал» деген чин берди.

Ошондой оор жылдарда,
Өр тартып ою акылы.
Эр экен Эргеш абабыз,
Эмгектин болду Баатыры.

Атпай журт сүйсө кадырлап,
Ачылган бакыт анык бул.
Ардактуу уулдун бири экен,
Абдразаков Кадыркул.

Ойлогон ою ар дайым,
Гүлдөтмөк какыр талааны.
Ишке ашса деп ынтылат,
Көпчүлүк элдин талабы.

Жумуш деп турат билеги,
Журтуна жакшы тилеги.
Көп нерсени ойлонтот,
Көөдөндө соккон жүрөгү.

Жалкоолук жакка берилбей,
Жыргалга жетсе элим – дейт.
Жетишкен болсо байлыгы,
Жигиттин жүгү жеңилдейт.

Ойлогон ою акылы,
Жеңишке жетти акыры.
Кайраттуу уул Кадыркул,
Калкынын болду Баатыры.

Журт жактырган берениң,
Жалпы элдин турду башында.
Жалындуу жигит эле – деп,
Жакшы сөз калды артында.

## ӨЗГӨН РАЙОНУ

Өзгөн шаардын четинде,
Күн чыгыш тарап бетинде.
Чоң имарат алдында,
Көрк берип турат шаарына!..

Он жети өткүр баатырың,
Ойлонуп ичтен акылын.
Күзгү сымал жаркырап,
Көрүнөт элдин баарына.

Ардактап сыйлап эл-жери,
Айтылып кылган эмгеги.
Атагын айтып тургансыйт,
Алтын жылдыз ордени.

Өжөрдүгү, көктүгү,
Өктөмдүгү, бектиги.
Өлкөгө болду таанымал,
Өзгөндүн ушул он жети өткүрү.

Маңдайы толо сүйүнүч,
Мээримиң түшөт тигилип.
Мөмөсү бышкан жемиштей,
Мончоктой болуп тизилип.

Куралдуу күчтөй честь берип,
Көрктөнтүп турат көчөсүн.
Көз кумарын кандырып,
Кылчайып карап өтөсүң!..

Тарыхта калат аты өчпөй,
Таланттуу элдин жакшысы.
Кыйындар чыкса топтолуп,
Калайык-калктын бактысы.

Кылымда калды атагы,
Калк кадырлап абыдан.
Кыргыздын учкуч баатыры
Шариптин уулу Салижан.

Асман, жерди айланып,
Аалам жүзү таңданып.
Ала-Тоонун шумкарын,
Алкышын айтты жарданып.

Өзгөндүн өткүр уулу эле,
Өзгөндүн өзүндө туулду эле.

Өнүп-өскөн жери ушул,
Өзүбүздөн бул деле.

Жумуш десе умтулуп,
Моюн сунуп, кол сынып.
Бул да Өзгөндүн кулуну,
Жумакадыр Мойдунов.

Атадан калган бир нуска,
Асыл сөз бар кыргызда.
Ак эмгек өтөп бир далай,
Эл болгон алтын жылдызга.

Азамат, эрдин белгиси,
Арамзага окшобой.
Ата Журт үчүн күйүмдүү,
Атабай уулу Токтобай.

Жанындай сүйүп жергесин,
Маңдайдан төгүп берметин.
Баатыр болду Токтобай,
Социалисттик Эмгектин.

Эл иши десе күйүнүп,
Эртелеп туруп жүгүрүп.
Кадырлап эли эмгегин,
Катарда турат илинип.

Көргөн эл карап жарданып,
Көрбөгөн эл таңданып.
Советтин көргөн жыргалын,
Баатыр Шарап Санжаров.

Ак эмгек кетпей оюнан,
Арбын төл алып коюнан.
Ааламга тегиз таанылды,

Урматтап кичүү, улууну,
Бек кармап кызыл тууңу.
Өзгөчө даңкка бөлөнгөн,
Өзгөндүн өткүр кулуну.

Мээнеткеч эле жашынан,
Маңдайдан тери куюлуп.
Моюн бурбай аткарчу,
Мекен иш такса буюруп.

Жалтанчу эмес жаш жигит,
Жолунан чыкса туңгуюк.
Сырттан уулдун бири экен,
Султанназар Турдуев.

Жалтаңдабай азамат,
Журт милдетин аткарган.
Жалпы элдин алып алкышын,
Жалындуу чыкты жаштардан.

Илбериңки жаш жигит,
Кызматы элге билинди.
Калк кадырлап эмгегин,
Баатыр орден илинди.

Азандан туруп таң атпай,
Ак жолдон тайып адашпай.
Эл-журтка берди бар күчүн,
Асандын уулу Жамантай.

Уулумун мен да Өзгөндүн,
Урмат-сыйды көп көрдүм.
Моюнума артып эл жүгүн,
Өтөмүн деп сөз бердим.

Төп келип ою, акылы,
Сөзүнүн чыгып акыры.

Багы ачылып Жамантай,
Эмгектин болду Баатыры.

Калкын сыйлап кадырлай,
Кайраттан тайып жаңылбай.
Каарманы болду эмгектин,
Касыбай уулу Алымбай.

Атак-даңкка бөлөнүп,
Алдыңкыларга кол берди.
Ар-намыстуу уул бала,
Алымбай иши оң келди.

Баскан жолдон жаңылбай,
Бекерпоздорго кабылбай.
Калкынын болду Баатыры,
Касыбай уулу Алымбай.

Ар бир жандын ойлонгон,
Максаты болот алдында.
Мен дегендин бири эле,
Мадумаров Абдулла.

Баатырды көрүп ардадны,
Белин бекем байланды.
Бир жарым норма аткарып,
Билектин күчү бааланды.

Калкына жагып эмгеги,
Кайраттуу жигит сүйүндү.
Катардан калбай төшүнө,
Кызыл Жылдыз илинди.

Кол кабыш кылып жалпыга,
Кызматы жагып калкына.
Катуу милдет жүктөлдү,
Камчыбеков Айтыга.

Аракет менен башталат,
Алдыга койгон бардык иш.
Түйшүгүн тартып түйшөлүп,
Сыноодо жүрдү жаш жигит.

Эсинен кетпей эл-жери,
Чыланып чеке тердеди.
Ийгилик ишке жеткирди,
Ишеним менен эмгеги.

Кадырын билип элинин,
Баркын билип жеринин.
Кайраттуу жигит көрүнөт,
Баатыры болду элинин.

Кара кылды как жарып,
Калкың калыс тараза.
Эбегейсиз чоң бакты,
Эмгегиңди бааласа.

Көптүн кылып кызматын,
Көп менен жүрсөң оорубай.
Кадыры сиңген калкына,
Кайназаров Толубай.

Буудандан чыккан дулдулу,
Бу да Өзгөндүн кулуну.
Баатырдык белги берилди,
Бarкталып элдин бир уулу.

Белсенип иштеп эл үчүн,
Гүлдөтүп түзөң адырын.
Бел болду бекем журтуна,
Бекмурзаев Кадырың.

Эл үчүн билек түрүндү,
Эртелеп ишке жүгүрдү.

Чыгаан жигит иш билги,
Чечиптир бир топ түйүндү.

Артта калган көп иштер,
Алдыга жылып сүрүлдү.
Атпай журт болуп ыраазы,
Алтын жылдыз илинди.

Башка элдин өткүр кулуну,
Лутфилин мырза сулиги.
Өзгөндөн өтөп кызматын,
Өткүрлүк жагы билинди.

Кыйшайтпай кармап туурунду,
Көтөрүп бийик туунду.
Көрүнүктүү кызмат өтөгөн,
Кыргыздын бул да бир уулу.

Бул жерде туулуп эр жеттим,
Пешенемди тердеттим.
Баатыр болду бул берен,
Социалисттик Эмгектин.

Кылымдагы ишти көп ойлоп,
Кыргызча сүйлөп, бирге ойноп.
Санаалаш болгон кыргызга,
Царенко-Лаврентий, Иванов.

Пендеси теңирдин ал деле,
Себеби болот бир ишке ар неме.
Кыргыздын коён-жатагын билип,
Чыныгы кыргыз болуп калды эле.

Кадимден калган бир нуска,
Коюндаш өсүп кыргызга.
Кадырын сыйлап калың журт,
Колу жетти алтын жылдызга.

Азамат эле акылын өлчөп ченегис,
Урмат кылчу улуу-кичүү бүт тегиз.
Калк ишине камкор эле дайыма,
Калашников Николай Семенович.

Кездешкенге келекелеп, кеп айтчу,
Эки тилди жаңылбастан тең айтчу.
Орус эмес кыргыз болуп калдым мен,
Мен Өзгөндүн бир уулумун деп айтчу.

Тескейт эле теңтуштары күлдүрүп,
Ага-инидей аралашып бир жүрүп.
Ак калпактуу кыргыз элден сыйланып,
Алтын жылдыз белек болду илинип.

Эр жигитти сынга алып,
Кадырман кары топтолду.
Жалпы баары жактырды,
Жакыптын уулу Осмонду.

Бекеринен айтылбайт,
Карыялар сынчы – деп.
Чогулган жерге келе албайт,
Жүрөгүндө курчу жок.

Буйруган иштен баш тартпай,
Эл-журттун алды батасын.
Жакыптын уулу кем болбойт,
Алкышка бөлөп атасын.

Акыбети эмгектин
Акталды мандай теринин.
Берен жигит бул күндө,
Баатыр болду элинин.

Атаң барда эл тааны,
Атың барда жер тааны.

Топтолуп теңтуш бүт баары,
Тешебай уулу Мамасаалы.

Жүргөндөн эмес жан багып,
Жүргөндөн эмес сандалып.
Кайратмандын бири экен,
Калкынан чыккан тандалып.

Кармаган жерден кан чыккан,
Каарданса жан чыккан.
Калкына келген душманды,
Камынтпай туруп тынчыткан.

Кадыры элге кеп болуп,
Касташкан душман дос болуп.
Катарда турат баатырың,
Капкасы бийик чеп болуп.

Өзгөндүн өткүр уулу боломун – деп,
Азамат жигит аткарды да бир чоң иш.
Көрүнүп турат көз менен ченегис,
Кайраттуу Решетников Иван Семенович.

Абасын жутуп, суусун ичип кыргыздын,
Алкышын алып айылда өскөн уул-кыздын.
Ак эмгек өтөп атпай журт үчүн, эл үчүн,
Актады Иван тагынган алтын жылдызын.

Кызматы жагып Кызыл Туу алды,
Бааланып эмгек борборго барды.
Кыргызча ырдап олтурган жерде,
Жылмайып күлүп жыргатат жанды.

## БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

Октябрь революциясынан мурун бул,
Ааламга келди Абдраимов Кудайкул.
Жетимиш жыл ашуун элине,
Жакшы кызмат өтөдү чыгаан уул.

Басып өттү кылым карыткан жолду,
Бааланып эмгеги эл сынына толду.
Базар-Коргондун туусун бийик көтөрүп,
Берен жигит эмгектин Баатыры болду.

Жаш кезинен жалпы журтка күйүмдүү,
Калк кадырлап эмгеги элге билинди.
Ата Журттун алып дайым батасын,
Көкүрөккө алтын жылдыз илинди.

Төгүп-чачып топ жыйында акылын,
Топтоп алып сөздүн жакшы асылын.
Таланты күч жигиттердин бири экен,
Туйгун туулган Тарыхчыев Акунуң.

Улуу сөз бар унутулгус кыргызда,
Бабалардан келе жаткан бир нуска.
Кесир болот Ата Журтту унутпа,
Колуң жетип турса дагы жылдызга.

Калкка жаккан аксакалдын акылы,
Кадыр-барктуу адамзаттын асылы.
Көзү өткөнчө эли-журттун камын жеп,
Камкор киши элдин болду Баатыры.

Эр жигиттин элге тийген жардамы,
Эч убакта ичте калбайт арманы.
Калк кадырлап түшүрбөдү оозунан,
Кыраан жигит Кулбай уулу Камбарды.

Өжөр жигит өзүнчө эле арданды,
Орден алган баатырларга таңданды.
Ар-намысы алга сүрөп жетелеп,
Айылына актив болуп шайланды.

Аттан түшпөй айыл ичин кыдырып,
Эмгектенип маңдай терин шыпырып.
Какыр чөлгө суу жеткирип гүлдөттү,
Калайыкка жага турган иш кылып.

Улуу-кичүү урматына айланды,
Ушар уул ударник деп шайланды.
Райондон өкүлдүккө көргөздү,
Ишин баалап илбериңки Камбарды.

Алга сүрөп пешене тер, демилге,
Жигит болсоң артка такыр чегинбе.
Берен жигит бак-таалайы ачылып,
Баатыр болду Базар-Коргон элине.

Айтылып элде көп дастан,
Акын ырчы көп жазган.
Ак калпак элдин бир кызы,
Атабекова Өлмөскан.

Узун сабак түгөнбөс,
Айтылса жакшы жактары.
Арстанбаптай тоо болмок,
Ал жыйган бардык пахтаны.

Урматтап баатыр эжени,
Эчен кыз ээрчип артынан.
Көкүрөгү жык толгон,
Күмүш медаль алтындан.

Азамат туулган эр жигит,
Алкышын алат атанын.

Шамалдай шайдоот жетилди,
Шеркулдун уулу Асаның.

Жарышка салса жулунуп,
Чү деген жерден бөлүнгөн.
Журт иши десе умтулуп,
Жамгырдай тери төгүлгөн.

Эл ишеничин актады,
Эмгеги менен таанылып.
Катарда турат калк уулу,
Баатыр орден тагынып.

Кулундан тандап жакшы атты,
Көңүлгө албай башка атты.
Калк оозуна илинди,
Кудайбердинин Акматы.

Ой тилеги ишке ашат,
Эл менен болсо дайыма.
Акматаалы кошулду,
Азаматтардын сабына.

Эмгеги менен таанылат,
Эр жигиттин жакшысы.
Эки эсе норма аткарып,
Ачылды анын бактысы.

Берен жигит бек туруп,
Оозунан чыккан кебине.
Бааланып анын эмгеги,
Баатыр болду элине.

Кыраан жигит шаттанып,
Алдыңкыларга кол берди.
Атпай журттун алдында,
Актады алтын ордени.

Каарман элдин уул-кызы,
Какыр чөлдү гүлдөтөт.
Элине бакты келгенде,
Эжени көрүп, сиңди өсөт.

Баатырдын алып өрнөгүн,
Гүлдөдү мейкин талаабыз.
Журтуна жакты эмгеги,
Жумабаев Анагыс.

Жумушка чыгып эртелеп,
Эл оозуна алынды.
Эмгектин болуп Баатыры,
Алтын жылдыз тагынды.

## АППАГЫМ

*(Поэма)*

Эр ортону – элүү жашка толгондо эске түшкөн казал. Кашы кара, чачы кара, капкара кара катын... Аппагым деп атадым. Ашыглыктан анын атын. Айга, Күнгө теңеген атак-даңкын. Ар бир акын, Аалам жүзүн адамзатка толтурган ушулар да. Ошолордун бирөөсү кара катын.

Көркөмдүү Көгарт жерибиз,
Көксөтпөй жаным келиңиз.
Көксөгөн кезде келбесең,
Аппагым, жазылбайт ко черибиз.

Айры-Бел ашуу жерибиз,
Ай-чырайлуу аппагым.
Антташкан жерге келиңиз,
Антташкан жерге келбесең,
Арылбайт, жаным, черибиз.

Алтындын кени жерде бар,
Азапты тарткан пенде бар.
Алсырайт көңул жете албай,
Ашыглык оту менде бар.

Күмүштүн кени жерде бар,
Күйүтүң тарткан пенде бар.
Күмүштөй болгон аппагым,
Кезигер ишим сенде бар.

Элик сап камчы колумда,
Эркиндик заман доорунда.

Ээрчишип бирге жүрсөк дейм,
Эсил бир өмүр соңунда.

Күмүш сап камчы колумда,
Күнөстүү заман доорунда.
Күлүшүп өмүр сүрсөк дейм,
Күлгүндөй өмүр соңунда.

Кундуз бөрк кийген башыңдан,
Кубанткан кылык назыңдан.
Кумарым канбай кетким жок,
Кумар көз сенин кашыңдан.

Суусар бөрк кийген башыңдан,
Сулуудан чыккан асылжан.
Суктанып алыс кетким жок,
Сурма көз сенин кашыңдан.

Кайгырат, жүрөт оолугуп,
Капыстан калдык жолугуп.
Болгон соң бирге жолубуз,
Кармалды коомай колубуз.

Жамгырдан кийин сел аккан,
Жылгадан түшүп келатсам.
Жоодурап көзүң нурданып,
Жолумдан чыктың сен атчан.

Арбыттык жолду аз-аздан,
Акырын жылды жайкы убак.
Ал сурап, секин жай сурап,
Айтылды сөздөр жай чубап.

Саясы калың теректин,
Сен көрүп мага кеңештиң.
Эс алсак кантет жаным – деп,
[illegible] эмесмин.

Бай тура бул жер көк чөпкө,
Байыр алдык жаным көк чөпкө.
Салынды калың көрпөчө,
Эс алып бир аз өтмөккө.

Абазын бизге уктуруп,
Агылат булак туптунук.
Акактай тунук булактан,
Аттарга жаттык жуткуруп.

Канжыгадан ыш жыттуу,
Кол чанач кетти чечилип.
Экөөбүз минтип кезигип,
Ээн жер бейиш сезилип.

Дасторкон дароо салынды,
Үстүндө боорсок жайылды.
Чыныга кымыз куюлуп,
Эрдибиз элпек малынды.

Абдан бир таттуу туюлду,
Арнаган даамы теңтуштун.
Кымызды мурда мен жуттум,
Кылмыйып секин сен жуттуң.

Даам мен таттым чыныдан,
Дал тийген жерден илебиң.
Тамылжып турду ирениң,
Таалай-бак сага тиледим.

Жаткансып турду бул жерде,
Жаштыктын жаркын майрамы,
Айлана тартып жайдары,
Акын куш таңшып сайрады.

Сен үнүң менен козгодуң,
Сезимдин мукам ыргагын.

Акырын назик ырдадың,
Абазың угуп жыргадым.

Арчанын шагын жыттаттың,
Алкымың коруп жыттатпай.
Өкүндүм жагар ык таппай,
Өзүңө койдуң ыктатпай.

Балбылдап жанган жылдыздай,
Бактымды азыр таптымбы.
Ойлогом сага жактымбы,
Ойлогом сен деп бактымды.

Кызыктым турсаң кулпунуп,
Кымызды татып туйтунуп.
Айлантып тартсам кучакка,
Андан сен чыктың булкунуп.

Ак була элең үлбүрөк,
Аздектеп баккан ата-энең.
Азоо элең, анда жаш элең,
Аткан таң гүлгүн жаз элең.

Карасам аны купуя,
Ал мени карайт аялуу.
Терендеп тамыр кеткенсийт,
Ал терек толгон саялуу.

Артка өтүп мезгил зыпылдап,
Жүргөн кез кайда биз жыргап.
Тынчы жок байкуш жүрөгүм,
Тымызын согот тызылдап.

Жылганын суусу теминет,
Жылгансып кайра берилеп.
Түш көрүп бейпил жаткансыйт,
Түрлөнүп жайлоо мемиреп.

Капшыттан капыс шам жанып,
Кандайдыр бир кобур туюлду.
Ыңаалап назик ыйлаган,
Ымыркай үнү угулду.

Кымылдап эне жеңилдеп,
Кыз төрөп бууп белин бек.
Абазын аста чыгарды,
Аппагым кызым менин – деп.

Билгизбейт сырын анчалык,
Бириндеп суйда сакалы.
Ачыгын айтсак уулуна ал,
Ат камдап жүргөн атайы.

Үн салып түндө барылдап,
Үйүмө бакыт келди – деп.
Кыз болсо деле мейли – деп,
Жүрөгү сокту элжиреп.

Ага көз түшүп үйүлүп,
Ал күткөн уулдан түңүлүп.
Көз жарган жарын урматтап,
Көңүлү турду сүйүнүп.

Шаттыгын кайда жашырат,
Бардыгын жасап батыраак.
Обого карай обдулуп,
От күйдү үйдө чатырап.

Жаткырып жанга баланы,
Жаңы эле тууган аялы.
Өзүнүн алын ойлобой,
Ак көңүл чалын аяды.

Эненин көөнү тызылдап,
Убакыт учуп зыпылдап.

Жатканскйт жайлоо бүт ыйлап,
Жатса эле кокус кыз ыйлап.

Жайлоого ак таң жараштьі,
Жайдары мүнөз таң атты.
Жаңыдан туулган перзентти,
Жарыкка салып караштьі.

Балкыды дили эзилип,
Бактыга тунду жетинип.
Баамдап дыкат байкашса,
Сулуулук турду сезилип.

Мээнетке экөө көнүштү,
Бактыны тегиз бөлүштү.
Көрүндүк берип көп катын,
Мурдунан чымчып өбүштү.

Көптөрү келди жентектеп,
Кемпирлер дагы жентектеп.
Кужулдап балдар ал күнү,
Куунашты куймак, челпек жеп.

Аксакал кары баш болуп,
Баарынын көөнү шат болуп.
Ак бата берди кол жайып,
Аппагым деген ат коюп.

Урматы көпкө жагымдуу,
Үрп, адат менен табылды.
Жаңы алган арча бешикке,
Жакшына бөбөк салынды.

Күнгө улам күндө жалгашты,
Көп күндөр айга алмашты.
Бейкапар уктап бешикте ал,
[illegible] чыгып таң да атты.

Умтулуп канат сермеди,
Убактың учкул кербени.
Болпойгон жоош аппак кыз,
Ал үйдүн болду эрмеги.

Ысыктан аны калкалап,
Салкындан дагы чочушкан.
Кирген менен чыккандын,
Тийбесин көзү кокустан.

Бир күнгө бир күн кошулуп,
Убакыт өттү созулуп.
Аз-аздан тыңып ирденип,
Аппак кыз калды отуруп.

Күн жылуу нурун төккөндөн,
Күз, кыз да ылдам өткөндө.
Аппак кыз калды эмгектеп,
Аз калган кезде көктөмгө.

Келгенин жаздын айкындап,
Кебездей булут калкылдап.
Аппак кыз күлүп жаркылдап,
Каз-каз туруп калтылдап.

Көк чыккан кезде жаздагы,
Көгөрүп тоонун асманы.
Адатын таштап баштагы,
Аппак кыз баса баштады.

Жайлоого көчтү камданып,
Жабдыгын жүктөп жайланып.
Аппак кызын кучактап,
Ата-эне өбөт жалбарып.

Көп көрүп сырдуу түндөрдү,
Өткөрүп сонун күндөрдү.

Өзү да назик гүл туруп,
Жыргачу жыттап гүлдөрдү.

Атайын ага арнаган,
Аппак кыз үчүн камдаган.
Боз үйдө укчу жагымдуу,
Булбулдун үнүн сайраган.

Жайлоодон көрүп жакшылык,
Жайлоону жаны жактырып.
Эрте-кеч жүрдү аларга,
Эркелеп күлүп каткырып.

Жайга жай улам жалгашып,
Жайды-жай улам алмашып.
Арадан өттү жети жай,
Аппак кызды жандашып.

Жетиге жашы жеткенин,
Мезгилдин алга кеткенин.
Олтурса-турса жайлоодо,
Ойлоду, ал окуур мектебин.

Аны эңсөө абдан күчөдү,
Түшүнө мектеп түнөдү.
Түшүрбөй колдо ойногон,
Баштыкка катты чүкөнү.

Акыры күткөн таң атты,
Аткан таң ага жарашты.
Мээримдүү апа ээрчитип,
Мектепке жөнөп баратты.

Мектепти көрүп таң калды,
Мектепке алгач ал барды.
Өмүрүндө такыр унуткус,
Өткөрдү сонун майрамды.

Оштонуп дагы шаттанып,
Окуусу минтип башталып.
Көргөнү кыздын ал кунку,
Көөнүндө калды сакталып.

Көңүлү, пейили өзгөрдү,
Көп билип жана көп көрдү.
Акылдан билди аппак кыз,
Апта, ай сайын өскөндү.

Аппак кыз калды кат таанып,
Ариптин баарын бат таанып.
Ай сайын жакшы баа алса,
Ата-эне жүрдү мактанып.

Жан болсо акыл зиректүү,
Жашынан чыгып эң эстүү.
Ал адам болоор сыймыктуу,
Ата Журт элге керектүү.

Калбады эч бир сабактан,
Калса да кээде тамактан.
Кыз болду тыкан тырышчаак,
Кыялы учкул канатчан.

Жарышта ал да келе алды,
Соккондой күлүк желаргы.
Баа алып калыс эжейден,
Балдардын болду эң алды.

Нур чачып жанган чыракка,
Бек турду бардык сынакка.
Жылдырып артка жылдарды,
Класстан көчтү класска.

Убактын көбүн жоготту,
Убакыт кызга коротту.

Апаппак кызга пайдалуу,
Ал айтты ар кыл жомокту.

Ар бири дилге жугумдуу,
Айтылып көп ой угумдуу.
Апаппак кызга бүт алар,
Акылдан кымбат туюлду.

Жомокту айтты көп түрдүү,
Өткөрүп эне көп түндү.
Акылга шерик ал жомок,
Алгалап кызды өстүрдү.

Атасы илген дубалдан,
Комузун алып кубанган.
– Атаке, комуз үйрөт! – деп,
Ал айткан улам-уламдан.

Атанын иши башталган,
Кызынын сөзү жаккандан.
Ишенген эмес, бирок да
Болот деп чебер такшалган.

Чертмекти туура күүлөштү,
Алгач ал кызга үйрөттү.
Атанын берген кеңеши,
Аппакты абдан жүдөттү.

Күнгө-күн улам уланып,
Кербендей узун чубалып.
Ача албай сырын комуздун,
Аппак кыз жүрдү муңайып.

Бошошпой чыйрал эпкинде,
Капаңды сыртка сездирбе.
Бил кызым, комуз өз сырын,
Бир жылда ачпайт эч кимге.

Айтканын дилге сактады,
Атанын сөзүн актады.
Аппак кызды бапестеп,
Алгырдай кылдат таптады.

Атайы комуз чаптырып,
Атасы тилеп жакшылып.
Ишеним арта баштады,
Ийкемин кыздын жактырып.

Күүлөрүн ойго илчү эле,
Чебердин көбүн билчү эле.
Таберик таттуу күүлөрдүн,
Таасири дайым тийчү эле.

Суктанганын койбостон,
Суктанган ал тойбостон.
Токомдун тогуз кайрыгы,
Дилине шыкты орноткон.

Ышкылуу кызды сүрөдү,
Ыбрайдын укмуш күүлөрү.
Ал күүнүн үнүн укканда,
Алкынып сокту жүрөгү.

Ыбырай күүнүн пири эле,
Ыйык да, бийик, ири эле.
Угулчу укмуш заңгырап,
Оркестр сындуу тим эле.

Арбыды асыл ойлору,
Сыйкырбы деди оң колу.
Ар күүдөн аз-аз шык жугуп,
Аппак кыз болду олжолуу.

Молдокем чертсе кыз угуп,
Болчу эле таалай тапкандай.

Көңүлү анын эргүүчү,
Көкөлөп канат каккандай.

Эң чебер, кылдат комузчу,
Экрандан кызга жолукту.
Мактады ичтен аппак кыз,
Маадазим уулу Болушту.

Атасы айткан садага,
Таалим ал такыр жадаба.
Толкундап кетчү көргөндө,
Токтакун кызы Самара.

Ажайып ойго чөмүлдү,
Ал кыздын өсүп көңүлү.
Арналмак болду комузга,
Аппак кыздын өмүрү.

Өсүүнүн келди ыңгайы,
Өткөн соң бир топ жыл дагы.
Ачылды эми комуздун,
Ачылбай жүргөн сырлары.

Чыйралды, бирок жанбады,
Кыз алга тынбай чамдады.
Кош тизгин сындуу ал экөөн,
Колго алып бирдей кармады.

Көбөйүп улам талаптар.
Көбөйүп улам сабактар.
Орчундуу оор мезгилде,
Окулду сансыз барактар.

Сымбаттуу селки чүнчүдү,
Сынактын кучөп түйшүгү.
Көз албай такыр китептен,
Көйгөйгө түштү күн-түнү.

Көңүлү көптү сиңирип,
Көңүлү көптү шимирип.
Кол тийбей, үнсүз сумсайып,
Комузу турду илинип.

Кыскарды жолу ыраактын,
Кыйындык кетип ырас, чын.
Баалардын алып жакшысын,
Баарынан өттү сынактын.

Жай сулуу келди сүзүлүп,
Жай деген сулуу түшүнүк.
Аттестат алды колуна,
Аппак кыз мектеп бүтүрүп.

Самаган ойго жете алды,
Сынактан жалаң беш алды.
Жай келип, баары магдырап,
Жайлоону карай бет алды.

Жайнаган жаркын ай келди,
Жай келди, ооба, жай келди.
Оролгон гүлдөр жайлоого,
Он жети жашы дал келди.

Үнү анын алгач угулган,
Ушул жайлоодо туулган.
Кулагына алгач угулган,
Керемет күүлөр кубулган.

Таалайлуу кантип болом – деп,
Таттуусун ойдун ойлогон.
Кубанып, сүрдөп комуздан,
Кулагын алгач толгогон.

Жыл сайын тапкан канагат,
Жылганы басып аралап.

Көңүлдүн кушун көтөргөн,
Кыз көргөн сонун ал адат.

Карагың келет тампанып,
Жатканда жайлоо жайкалып.
Жаш кыздын көркү сымбаты,
Жарашып турду айкалып.

Кез келип алга талпынар,
Кез өтүп эчак тартынаар.
Кубанып чертсе кыз комуз,
Кунт койду толук малчылар.

Кыялдын даамын таткансыйт,
Көңүлдөр толкуп ашкансыйт.
Кең жайлоо кыздын күүсүнө,
Кулагын төшөп жаткансыйт.

Манжалар терди кылдарды,
Кыз сезип азыр жыргалды.
Бардыгы тегиз кол чаап,
Балли – деп алкыш ыйгарды.

Көңүлү балкып элжиреп,
Көл сындуу толкуп, ого эле.
Көзүнөн чолок жаш чыгып,
Көп өптү кызын чоң эне.

Туш-туштан гүлдөр жыш чыгып,
Туюлат жыпар жыт чыгып.
Оромол салган кемпирлер,
Олтурат төрдө шыпшынып.

Көрдү азыр мында келсе ким,
Колунун ойноок экенин.
Кобурап, ойлоп тараштьы,
Комузчу кыздын эртеңин.

Таштоого себеп табылды,
Татына толук айылды.
Окууну бүтүп жаңы эле,
Окууну кайра сагынды.

Ак тоонун, аппак булуту,
Асманда сүзүп жөнөлгөн.
Кандайдыр сыздап көңүлү,
Карады мурда жөнөөрдөн.

Ажайып айылын көзүнө,
Алгысы келди сиңирип.
Кымбат жер менен коштошуп,
Кымыздан жутту шимирип.

Бул Бишкек – чоң шаар ордолуу,
Бул Бишкек – кыргыз ордолуу.
Элинин бийик тактысы,
Эртеңге барчу чоң жолу.

Кыз көрдү шаарды көз менен,
Башка уккан жандан көптөгөн.
Ойлоду мында жетем – деп,
Максаты ошол көксөгөн.

Күүлөнгөн комуз чалынды,
Күү укчуга чоң зал жаңырды.
Аппак кыз өтүп сынактан,
Консерваторияга алынды.

Шарт эле көзгө илинди,
Шаарча кийим кийинди.
Тырышып окуп мында да,
Тыкандык жагы билинди.

Адатын кээ бир таштады,
Айылда көнгөн баштагы.

Жалкылык эмес, жалпылык,
Жамааттык салтты сактады.

Окуу жай көпту үйрөтүп,
Комузду туура күүлөтүп.
Аппа кыз серпти канатын,
Апта, ай тургай күндө өсүп.

Жеңишке койбой сүйүнбөй,
Кемтикке койбой күйүнбөй.
Чертмегин чертсе угулду,
Кадимки адам үнүндөй.

Кээ бир кыз ага жете албай,
Кейиди, ичтен арданды.
Аппак кыз кылдат үйрөндү,
Нотага күүнү салганды.

Маржандай баалуу, барктуу кыз,
Мактоодо жүрдү чөмүлүп.
Жүрөгү жибип адамга,
Жүзүнөн мээр төгүлүп.

Айылдан кетип калаага,
Аппак кыз өстү, өзгөрдү.
Капыстан сезди көзүнө,
Кадалган ар кыл көздөрдү.

Тартты экен кыздын эмнеси,
Тагынган кымбат бермети.
Татына кыздын чөлкөмдө,
Такыр жок эле теңдеши.

Кастарлап бетмай сүйкөбөй,
Кармачу өңүн жөн эле.
Суйкайган нагыз сулуууга,
Суктанган жандар көп эле.

Кыябын таап ыңгайлуу,
Кыналып кыздар жанашкан.
Өтүмдүү курдаш болсок – деп,
Өз ара алар талашкан.

Өңү-түсү менен айкалды,
Өзүнүн пейили жайдары.
Байкалды өсүп баарыга,
Баркы анын окуу жайдагы.

Жайнаган кезин жүзүнүн,
Жүрбөйүн көрбөй кур калып, –
Деп жигит мөлтүр сулууну,
Акырын карайт уурданып.

Урматка, сыйга бөлөнүп,
Угулду көпкө атагы.
Кээ бирлер көрктүү келбетин,
Келишип көрдү атайы.

Көп баатыр, залкар, лөктөрдү,
Көп билүү үчүн өткөндү.
Улуттук китепканада,
Убактын көбүн өткөрдү.

Көп менен тынбай окуду,
Кыргыздын көөнө тарыхын.
Байкашты кыздын дилдеги,
Улуттук арын, намысын.

Кыз билди кыргыз байыртан,
Түптүү да, күчтүү эл экенин.
Ишенди мындай өжөр калк,
Жетпеген чекке жетээрин.

Тарыхтын таасын чындыгы,
Көп кылым артка жылжыды.

Акылман элге кызмын – деп,
Арбыды дилде сыймыгы.

Кайдыгер болсо кимде-ким,
Кадимки эне тилге ким.
Каалады тирикарак кыз,
Тил дилге бекем сиңгенин.

Ар түрдүү көркөм китептен,
Ал терди көрктүү гүлдөрдү.
Байлыгы дилдин болорлук,
Баа жеткис көп сөз үйрөндү.

Күн өттү нечен жай жылып,
Күндүз күн, түндө ай жылып.
Көп жаңы күүлөр жатталды,
Көңүлүн кыздын бай кылып.

Аяды ар кыл көп көздөн,
Ашыгып көзүн качырып.
Акырын назик жылмайып,
Ал катты көзүн жашырып.

Себепкер болду баарына,
Селкинин сулуу жамалы.
Көңүлү катуу бул кызга,
Көп көздөн бирөө жагабы.

Качты эле жадап көп көздөн,
Табылды бир көз табылды!
Жоодурак көздү көрсөм – деп,
Жоготту болгон сабырды.

Бардыгын бирдей четтетип,
Бардыгын жеңе баштаса.
Кандай көз экен укмуш
Караган кызды башкача.

Аппак кыз тоолуу, боз үйлүү,
Айылына жөнөөр чагы эле.
Ала-Тоо кошо тартылган,
Тандалган сүрөт ал эле.

Жакты ага жакшы илинген,
Сүрөттөр эмес, сүрөтчү.
Сүрөтчү салды кыйноого,
Кыздагы назик жүрөктү.

Бүтүндөй жакты жигиттин,
Көзү да, сөзү бардыгы.
Бирине бири жакындап,
Биригер бекен тагдыры.

Көздөрү менен ыкташты,
Сөздөрү менен ыкташты.
Жибитип аруу көңүлүн,
Жигитке сөзсүз кыз жакты.

Канетсин жигит жалтанбай,
Суйсалса сулуу калтардай.
Сыйкырдуу ички сезимдер,
Сырт жакта калды байкалбай.

Жайлоо эле өзү төрөлгөн,
Айылына селки жөнөдү.
Балкыган жайлоо кучактап,
Бактыга аны бөлөдү.

Жыргады эңсеп сексеңдеп,
Жыңайлак чуркап жүргөндү.
Жыттады бала кезиндей,
Жайкалып өскөн гүлдөрдү.

Көз салып көпкөк асманга,
Көз салып зоодо ак карга.

Көргөн ал түшүн эскерди,
Көөдөндө уюп жатканга.

Жайлоодо жыргал татты кыз,
Жайдары мүнөз жакшы кыз.
Антсе да, кымбат бир сырды,
Ар кимден кымтып жатты кыз.

Ашыктык сүйүү махабат,
Ар түрдүү ал сыр аталат.
Бул үчөөн кандай айтпагын,
Мааниге жалгыз такалат.

Алыска жайлоо төрүндө,
Ал жигит турду көңүлдө.
Ар түркүн ойлор ойлонду,
Ал жигит гана жөнүндө.

Санаанын тартты неченин,
Сагынуу алып кезегин.
Өмүрдө сезди алгач ал,
Сагынуу эмне экенин.

Сагыныч менен күрөштү,
Сагынып нечен күн өттү.
Көңүлдүн ыйык төрүндө,
Күлүңдөп турду сүрөтчү.

Алдаган өңдүү азыткы,
Жүрөгү кыздын ачышты.
Билгизбей сырын эч кимге,
Бишкекти көздөй ашыкты.

Аппак кыз шашты аптыгып,
Жаткансып саат бат жылып.
Күлүңдөп тосту бир зор күч,
Күткөндөй аны жакшылык.

Жүргөнсүп экөө адашып,
Көрүштү сүйкүм жанашып.
Калышты куюп койгондой,
Бирине бири жарашып.

Көздөрү сүйкүм арбашып,
Колдорун кыса кармашып.
Кыз-жигит бакка киришти,
Кылдаттык менен жай басып.

Бирине бири жылмайып,
Бирине бири ынанып.
Сеңселген дарак түбүндө,
Сезимдер толду чыңалып.

Сагынган жанга жетти кыз,
Сагынып азап чекти кыз.
Өмүрдө бүгүн биринчи,
Өбүшүү даамын сезди кыз.

Моймол көз кызды жеткирип,
Калганда такыр кеч кирип.
Өбүшмөй адат элдеги,
Келе атат калбай эскирип.

Жатты да ойго чөмүлдү,
Максаттын көзү жумулуу.
Азыр да эстеп балкыды,
Аппак кыз аттуу сулууну.

Унуткус укмуш кездеги,
Учурду ымырт кечтеги.
Эсинен кыздын өбүшкөн,
Эрдинин даамы кетпеди.

Сагынган күткөн бактыны,
Самаган максат таптыбы.

Бакта ал кыздын эрди эмес,
Бактынын даамын таттыбы.

Аттарын дилге сакташкан,
Атты эми акак аппак таң.
Аппак кыз түшү өңүндө,
Айрылбай жүрдү максаттан.

Ак куудай аны суктанткан,
Аппак кыз болду жанында.
Максаттын ою жадында,
Ал сүрөт тарткан чагында.

Экөөнүн кулк-мүнөзү,
Бипбирдей чыгып мүдөөсү.
Маанилүү болду кызга эми,
Максаттын ар бир сүрөтү.

Бай эле ашкан азыр ал,
Болгону менен жакыр ал.
Дит койгон менен сүрөткө,
Дилинде болчу акын ал.

Сүрөтчү эле башы бар,
Эл, жерден алган акыл ал.
Жеринен кооз табият,
Жер-суута болчу жакын ал.

Булуттар көктө акканын,
Кыргыздын тоолуу асманын.
Ак тоодон чыгып азоо суу,
Аптыгып бара жатканын.

Жаш кулун оюн салганын,
Жайлоодо айыл балдарын.
Татына келин тамылжып,
Тандырдан нанды алганын.

Ал тартты таңкы алманын,
Кызарып оттой жанганын.
Бардыгын жыгам дегендей,
Багжайган кыргыз балбанын.

Томсоргон түнгө ай берчү,
Тоолорго нурдуу таң берчү.
Көздөрү тоюп сүрөткө,
Көргөндүн баары тан берчү.

Тагдырга болуп ыраазы,
Таланттуу жанды тапканга.
Кымтыйып жүрдү кыз секин,
Кыялы учуп асманга.

Алмак да салмак карашчу,
Ал экөө бирге баратып.
Бирине бири жанашып,
Бирине бири жарашып.

Булактай мөлтүр сүйүүсү,
Бул экөөн көрүп кубанбай.
Бут тоскон айбан табылды,
Бузуктук кылып уялбай.

Алардын дити карарды,
Ойлонуп түркүн амалды.
Тикийди аңдып тик көздөр,
Тийгизүү үчүн залалды.

Күлмүңдөп ачык асылды,
Максатка суксур шашылды.
Аппак кыз арбап, маң кылып,
Айланткан окшойт башыңды.

Өтө эле кызыл бат оңот.
Биз барбыз билээр баркыңды.

Жарайбыз барктап, аздектеп,
Жазууга сенин жарпыңды.

Ичиңе үйүп дартыңды,
Үйрүлгөн байкуш жансыңбы.
Суксурдун сөзү жигитке,
Мупмуздак таасир калтырды.

Бийкечтин чыгып алдынан,
Бир жигит көптөн аңдыган.
Мен болом деди Мажнундай,
Сен үчүн сүйүүм арбыган.

Көп убак көксөп саргардым,
Көйгөйүм күчөп таң калдым.
Таасындап берсең жообуңду,
Так азыр келет жалбаргым.

Астейдил ага бак тилеп,
Аппак кыз теңин тапты – деп.
Жигиттин көөнү кайт болду,
Аппак кыздан какты жеп.

Аныктап сүйсө жаш жашты,
Алардын оюн таш капты.
Койкоюп сындуу аппак кыз,
Колтуктап өттү Максатты.

Мүнөттөр өттү бат жылып,
Бир бирин сүрөп шаштырып.
Тиктешип экөө сүйкүмдүү,
Тилешти жалаң жакшылык.

Көп сырды айтып бүтүштү,
Кемеге сырдуу түшүштү.
Көлүндө кызык кыялдын,
Кыйлага чейин сүзүштү.

Жаңы жылдын башында,
Жадырап экөө жайнашты.
Кол серпип эргип аппак кыз,
Комузун укмуш сайратты.

Олтурган Максат көңүлдүү
Орчундуу ойго чөмүлдү.
Аппак кыз мындай учурда,
Айткым жок сага төгүндү.

Биз жүрсөк минтип шаттанып,
Элибиз муңга капталып.
Өйдөлөнүүнүн ордуна,
Өксүп да, кемий баштадык.

Сүйлөсө жалаң мактанып,
Башчылар начар башкарып.
Арбыды азыр адамдар,
Ар кайсы жерде даттанып.

– Айт, Максат, кандай айла бар,
Ал айла азыр кайда бар?
Олдоксон собол узаттым,
Оюңду угуп таң калар.

Элди эзген менен күрөшкөн,
Эр жеңип чыккан ар убак.
Күймөлбөй кирип күч жумшап,
Күрөшүү азыр зарурат.

Эл канын соруп килейген,
Жигиттер көпшөк чиренген.
Жалпы журт үчүн күрөшчү,
Жаштарды жакшы билем мен.

Нысапсыз паракорлордун,
Маскасын сыйрып ачканга.

Илгери карай түз басчу,
Ишенем ошол жаштарга.

Айыптап, кылып маскара,
Айырчу кагып жининен.
Азыркы тайбас жаштардын,
Ачыгын айтсам бири мен.

Эл жегич, эпчил жексурлар,
Эртеңки күнү томсорот.
Төбөсү менен жер сайып,
Төбөлдөр кулайт оңколоп.

Акыйкат үчүн какшандым,
Ал үчүн келбейт жазгангым.
Адилет жаштар менен мен,
Ар качан келет мактангым.

Кыз алды сөздүн кезегин,
– Билинди сен ким экениң.
Ырысын элдин коргосоң,
Ыраазы болот мекениң.

Жабыркап, мөгдөп жашоодон,
Жадаса жалпы эл камыгып.
Жасоого кескин жаңылык,
Жатышты жаштар камынып.

Жетинчи апрель, аянтка,
Келишти жаштар жыйылып.
Олуттуу сөздөр айтылды,
Оোздон чыккан сызылып.

Ак үйгө айкын жеткирди,
Абалдын абдан жаманын.
Кожоюн президентке,
Коюшту элдин талабын.

Акыя карап көп күттү,
Ак үйдөн жаштар сөз күттү.
Көшөрүп жаштар тайманбай,
Көрсөттү эрдик көктүктү.

Кыргынга Ак үй катышты,
Кызыл кан чачып ашыкты.
Атылган октон жан берип,
Асфальтта балдар жатышты.

Жаштарга Максат бекталды,
Алдыга үндөп жаштарды...
Келаткан окко төш тосуп,
Баатырча милдет аткарды.

Жолдошун мерген башка атты,
Жандаган эле ал Максатты.
Бутуна атып мүргүтүп,
Максатты дароо аксатты.

Бул аянт көрүп өлүмдү,
Жаштардын каны төгүлдү.
Президент ушул аянтта
Ант берген эле көңүлдүү.

Ак үйгө жаштар жармашты,
Ак үйгө жаштар жайгашты.
Алардын колдо куралы,
Жок болсо дагы таймашты.

Мертинер жерин сезишти,
Мергендер качып кетишти.
Жалындуу жаштар ошентип,
Жеңишке келип жетишти.

Олбурлуу, кенен далылуу,
Оң буту бекем таңылуу.

Козголбой максат тынч жатты,
Кудайга тынбай жалынуу.

Бут бою тердеп нымданып,
Ал жөөлүп, онтоп кыйналып.
Сакайтуу жолун издешти,
Врачтар келип жыйналып.

Тизенин теңин жарыптыр,
Сөөктө ал ок калыптыр.
Айыгуу мындай жарааттан,
Алыстыр, бир топ алыстыр...

Ый каптап бардык тарапты,
Коогалуу күндө таң атты.
Тыйылса экен жаңжал – деп,
Тынчтыкты экөө сурашты.

Эки элди бири-бирине,
Шыкактап ичтен тукурган.
Өлтүрүп көптү күнөөсүз,
Өздөрү качып кутулган.

Киришкен ишке бузуктар,
Кир оюн дилге сакташып.
Акылман баатыр адамдар,
Аларды жеңди аксатып.

Окуган жери ардактап,
Путевка менен сыйлады.
Ал Көлгө жөнөп кетүүгө,
Максатты такыр кыйбады.

Сезилип буттун оорусу,
Сен мында жатсаң бечарам.
Түйшөлткөн түркүн ойлордун,
Түйүнүн кантип чече алам.

Оңтойлуу айла таппады,
Оорулуу аны ташташка.
Жасады Максат аракет,
Кыз дилин куунак сакташка...

Басууга менин аз калды,
Баштагы оорум жоголуп.
Айкашаар жакын күнүбүз,
Ай-жылдыз өңдүү тоголуп.

Тигинде көлдүн мөл суусу,
Дененден такыр өбө элек.
Кеңешим айтам «эртерээк»,
Керемет көлгө «жөнө» – деп.

Ашыгын Максат узатты,
Аппактын өптү жамалын.
Урматтап көпкө көз албай,
Узатты кыздын караанын.

Ысык-Көл жатты жайкалып,
Ары да, бери чайпалып.
Андагы тереӊ кенендик,
Адамга турду байкалып.

Ысык-Көл кызга куп жагып,
Балкыды көлгө бут малып.
Жаш сулуу көлгө суктанса,
Көл жатты кызга суктанып.

Жолукту суксур жалпаңдап,
Аппак кыздан тайсалдап.
Баштагы кычы сөздөрүн,
Айта албады кайсаңдап.

Түшсө экөө көлгө бир түшөт,
Сүзсө алар көлдө бир сүзөт.

Сүлгүнүн тандап тазасын,
Жондорун бирдей сүртүшөт.

Экөө тең тактык башкарат,
Бир жатып кумга кактанат.
Айрылбай бирге жүргөнгө,
Ар кимге суксур мактанат.

Аппак кыз болчу керемет,
Андай кыз көлгө келе элек.
Татына көркүн көргөндө,
Тар пейил дароо кеңеет.

Ал кумга жатса чечинип,
Ал учур укмуш сезилип.
Таш болсо да жүрөгүң,
Кетүүсү мүмкүн эзилип.

Кыз бою сулуу эң эле,
Андай бой азыр кем эле.
Койгондо аны бир карап,
Козголбой койбос делебе...

Ал бойду көл да күн өпчү,
Кылчайып кыйбай күн өтчү.
Боюнда көлдүн ким жүрсө,
Козгочу нечен жүрөктү.

Көл, кум да кызды талашчу,
Көл, кумга ал кыз жарашчу.
Сулуунун сулуу тулкусун,
Суктанып баары карашчу.

Жигит да кайра көрүндү,
Көөнүнө ыза батырган.
Сулууга айтты жалдырап,
Сүйүүсүн улам ашынган.

Болбойбу корксоң убалдан,
Болбойбу корксоң Кудайдан.
Кууратпай мени куунатып,
Кутултчу санаа-убайдан.

Түшүмдө дагы, өңүмдө,
Өзүңсүң дайым көңүлдө.
Аппак кыз, сага баш кошсом
Арманым болбос өмүрдө...

Аппак кыз жооп кайтарды,
Айтканмын мурда айтарды.
Терс карай жигит бурулуп,
Теңселе басып чайпалды...

Аппак кыз, максат үндөшүп,
Телефон менен сүйлөшүп.
Сүйкүмдүү назик ойду айтып,
Сүйүүнүн багын бүрдөтүп.

Сүйлөдү максат таякчан,
Мен басып калдым аз-аздан.
Көп күндөр артка чегинди,
Көзүмдөн мөлтүр жаш аккан.

Аппак кыз, Суксур табышты,
Айрылгыс болуп калышты.
Күүгүмдө экөө эл жокто,
Түшүүгө көлгө барышты.

Көл жылуу ылгый кечинде,
Көл сулуу ымырт кезинде.
Жымыңдап калкып жыбырайт,
Жылдыздар көлдүн бетинде.

Кучагын көлдүн сезишчү,
Кубулма суугa кезикчү.

Сезилип көлдүн ырайы,
Серүүндөп жыргап кетишчү.

Бүркөлсө күндүн кабагы,
Бүркөлбөй кыздын жамалы.
Комузун алып колуна,
Эч ким жок жерди самады.

Кыз колу элпек сермелет,
Чертилет комуз, чертилет.
Кыз черткен жаңы күүнү угуп,
Көл жатат көшүп мелтиреп.

Бир күүнү чертип кайталап,
Машыгып жатат, машыгып.
Бапестеп тунгуч күүсүн ал,
Баарынан жүрөт жашырып.

Билинбей, көзгө илинбей,
Убакыт өтүп закымдап.
Туулган күнү сулуунун,
Туптуура келди жакындап.

Максаттын үнү угулду,
Сөз айтты дилге жугумдуу.
– Мен чыктым ооруканадан,
Үнүнөн шаттык туюлду.

Эсимде кымбат сөздөрүң,
Эсимде күлкүң, тамашаң.
Даярдап жаңы мольбертти,
Көп боёк алып баратам.

Сөзүңдү укпай чаңкадым,
Өзүңдү көрбөй аңсадым.
Өзүңдүн сүйкүм жүзүңдү,
Өзүңдөй кылып тартамын.

Күзүндө нике той болот,
Күймөлбөй нетпей үлгүрсөк.
Татына сулуу жүзүңө,
Тагасың анда үлбүрчөк.

Өзүңө сүрөп бараттат,
Өзгөчө сырдуу күч мени.
Ал калды дидарлашууга,
Аппагым жаным күт мени.

Көңүлүм тынбай ээлигип,
Көрүүнү ылдам күсөдүм.
Кубантчы Максат, тез келип,
Кучагым жайып күтөмүн.

Жаратып жаштык кыялдан,
Жаңы күү ойлоп чыгаргам.
Аты анын «Максат», албетте,
Алгачкы менин чыгармам.

Мактанып жатат дебегин,
Бул күүнүн чыккан себебин.
Бул күүнүн «Максат» аты бар,
Максатка чертип беремин.

Аппак кыз Суксур жанашты,
Улантып көнгөн адатты.
Ымыртта жымжырт көлгө экөө,
Түшкөнү кетип баратты.

Мелүүн суу жылуу сезилип,
Дене бой кетти көнүгүп.
Калкышты көлдө жылдыздар,
Калгансып көктөн төгүлүп.

Сөзмөрлүк кылды курбулар,
Сөз сүйлөп сөзгө жарыша.

Жээкке чыгып мурдараак,
Арт жагын Суксур караса.

Эпилдеп айтып кызык сөз,
Эң эле шайыр көрүнгөн.
Көлдө жок такыр аппак кыз,
Ал андан кайда бөлүнгөн.

Суксурдун калбай жан-алы,
Тикчийип көлдү карады.
Алыстап сүзүп баратты,
Белгисиз жандай карааны.

Мерчемдүү жерди тапкан ал,
Кол менен оозун жапкан ал.
Жан берген кезде жаш сулуу,
Жан үрөп мындан качкан ал.

Айсыз да, сургулт күүгүмдө,
Башталды Көлдө күрүлдөө.
Кыйкырды Суксур Аппак – деп,
Кайгы бар эле үнүндө.

Жабыркап аза күткөнсүп,
Жайкы түн улам салкындайт.
Көңүлү түндөй түнөрүп,
Көйгөйлүү Суксур калчылдайт...

Аппак кыз экөө сырдашып,
Айтышкан түмөн сөздөрдү.
Көз жумбай сүрдүү бул түндү,
Жээгинде көлдүн өткөрдү.

Издешип кыздын денесин,
Суучулдар көп күч зарп кылды.
Сулууну суудан чыгарып,
Жээкте кумга жаткырды.

Жерде аны жалгызсыратпай
Келди анын жанаша жаткысы.

Убайым тартса алсырап,
Угасың кантип жан чыдап.
Көз албай турду сулуудан,
Көз жашы тынбай тамчылап...

## КЫРГЫЗДЫН АКЫЛГА АКЫЛ КОШКОН АЛТЫНДАЙ АСЫЛ СӨЗДӨРҮ

Атаңа кылганды, балаңан көрөсүң.

Атасы көрбөгөндү уулу көрөт.
Энеси көрбөгөндү кызы көрөт.

Атасы жакшы айттырбайт,
Энеси жакшы дедирбейт.
Сөөгү жакшы сөктүрбөйт.

Аттын баары тулпар эмес.

Ачтын көзү нанда болот.
Токтун көзү тондо болот.

Араа жыгачты кыят.
Арак өмүрдү кыят.

Аялың жакшы болсо бөпөлөйт.
Атаң даңкың бийиктеп көкөлөйт.

Ак ниет адамды чокулаба.
Акылдуу кишиден чочулаба.

Айтып коюш оңой
Аткарыш кыйын.

Акылдуу ата аскадан шаңшыган бүркүт,
Акылдуу бала алтындан жасалган түркүк.

Апасын ардактаган айылга барктуу,
Атасын ардактаган ааламга даңктуу.
Аккан суунун коркунучтуусу да,
Бай жери да терең жер.

Адамдардын акылдуусу
Айкөл, жоомарт, кеменгер.

Бейишке кирем десең,
Беш убак намазыңдан жазба.

Жакшы көргөн кишини кас кылыш оңой.
Кайра ийилтип дос кылыш кыйын.

Жаманга шерик болсоң балаага кабыласың.
Жалган ушак жабышып жалаага малынасың.

Жакшы жар болсо жашооң жарк эткен күндөй,
Жарың жаман болсо борошолоп кар жааган түндөй.

Жакшы сөздү жадыңдан чыгарба,
Жакшы кишини жаныңдан чыгарба.

Жорго минсең тонун жоорутпа,
Жолдош күтсөң көңүлүн оорутпа.

Келиниң жаман болсо уулуңда күнөө,
Күйөө балаң жаман болсо кызыңда күнөө.
Экөө тең жаман болсо өзүңдө күнөө.

Кырк атка алмашкыс кунуң бар,
Кырк кызга алмашкыс жубан бар.

Мөлтүрөгөн сулууну көксөгөндөр көп.
Мөгдөп калса да басалбай өксөгөндөр көп.

Өлгөнчөктү көрөм десең сый
Өмүр бою акыл, билим жый.

Өтө жаман кылып этти курттаткан чымын,
Өңгөчтү оорутуп өпкөнү кууратkan чылым.

Өңдү ачып, чырайды чыгарган бөз,
Өнөрдүн эң алды жакшы айтылган сөз.

Тай кезинде үркүп калган,
Ат болгондо деле качанаак болот.
Такыр иш кылбаган бала,
Чал болгондо деле жатанаак болот.
Тилден сый да табасың, ыйда табасың.
Тикенек тилдүүгө тийишсең уят болуп каласың.

Бул кыздын ата-энеси,
Бейкапар жүрсө алыста.
Суналып кумда жатты кыз,
Суйсалган сулуу калыпта.

Бул жерден тынчтык тапкансып,
Кактанып күнгө жаткансып.
Убайым тартпай мемирейт,
Уйкунун даамын таткансып.

Кыз өлүп туулган күнүндө,
Билинди жолу тардыгы.
Он тогуз жашка толгондо,
Кыйылды кыздын тагдыры.

Кучактап роза гүлүн көп,
Куттуктайм туулган күнүн – деп.
Аймалайм кумар канганча,
Аппак кыз сени бүгүн – деп.

Сыйкыры бардай күлүңдөп,
Нур чаччу көзү жумулуу.
Жайнаган эмес, ал көрдү,
Сумсайган жансыз сулууну.

Түнөрүп көлдүн асманы,
Түбүнөн урап аскары.
Жүүнү бошоп мүрт кетип,
Жүрөгү токтой жаздады.

Үнү анын калды буулуп,
Бети анын жашка жуулуп.
Кеңгиреп турду жүрөгүн,
Кеткенсип бирөө сууруп.

Кыргыздын аруу жакшысы,
Аппак кыз түстүү ак кызы.

## МАЗМУНУ

2200-жылдык Кыргыз мамлекетин түптөөгө
салым кошкон улуу инсандар ........................ 3
Кулатовго гүлдесте ........................ 7
Улуулардан уланып учугу бизге жеткен
учкул сөздөр алтындан баалуу! ........................ 8
Түгөлбай атага төрт сап казал ........................ 9
Кусейин кеменгер абама төрт сап казал ........................ 9
Кыргыз элинин таланттуу акыны Алыкулга ........................ 10
Кызыл өрт кечип кыргызды алга сүрөгөн
эң биринчи инсандар ........................ 13
Жети акенин осуяты ........................ 14
Өткөн ата-бабалардын өзөктөн чыккан алкышы ........................ 19
Өткөн ата-бабалардын жыл санагы ........................ 19
Байыркы кыргыз календары Орто кылымдагы
кыргыз календарынын азыркы аталышы ........................ 20

Кызыл өрт кечип кыргызды алга сүрөгөн
эң биринчи инсандар ........................ 24
Оо, Мухаммед улуу зат ........................ 25
Махабат кайрыгынан бир үзүм ........................ 26
Жалпы акындын тилеги ........................ 29
Атанын осуяты ........................ 30
Бүгүн айткын, азыр айткын... ........................ 30
Кыл мерген ........................ 32
Купуя сыр ........................ 33
Бакылдын багы көгөрбөйт, көгөрсө да көбөйбөйт ........................ 35
Карыялар, келгиле биригели! ........................ 36
Жайлоонун желин эңседик ........................ 37
Ыйман жөнүндө эки ооз сөз ........................ 40
Теспе тартып, Теңирге жакын болдум ........................ 41
Өткөн күндөн бир үзүм ........................ 42
Жолдо ........................ 49
Кыштоого жаз келгенде ........................ 54

Шектүү сүйүнүч ....................................................... 57
Чагым ....................................................................... 60
Канышбек күүсү кайдан чыккан ...................................... 64
Саруу ....................................................................... 64

**Улуу Ата мекендик согуштун жана Социалисттик эмгектин Баатырлары**

**Сузак району**
Абдукадыров Абдурашид ................................................ 70
Абдукаримов Абдымавлян ............................................... 71
Алимов Сали ................................................................ 71
Мамарасулов Сабиткул ................................................... 72
Абдраимов Көчкөнбай ..................................................... 73
Керимов Сейит .............................................................. 73
Крикун Василий ............................................................ 74
Тайгараев Тукубай ......................................................... 75
Азимов Розь ................................................................. 76
Карымшаков Абдыкадыр ................................................. 76
Матиев Ажымат ............................................................. 77
Тешебаев Файзулла ........................................................ 78
Пионт Денис ................................................................. 78
Узденова Мариям .......................................................... 79

**Ноокен району** ............................................................. 80

**Өзгөн району** ............................................................... 90

**Базар-Коргон району** ..................................................... 99

Аппагым *(Поэма)* .......................................................... 103
Кыргыздын акылга акыл кошкон алтындай асыл сөздөрү ... 139

*Көркөм-адабий басылма*

**КӨКӨН АЖЫ АБДЫЛДАЕВ**

**КЫЗЫЛ ӨРТ**

*Ырлар, аңгемелер*

Бишкек, «Бийиктик» басмасы

*(Кыргыз тилинде)*

Редактору *Ж.Теңирберенова*
Көркөм редактору *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Г. Иманкулова*



*Көкөн ажы Абдылдаев*